**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА**

**ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**


**Ош мамлекеттик университети**

**Журналистика кафедрасы**


Кол жазма укугунда
УДК: 303.643.3:070(575.2)(043.3)


**МАМЫРОВА МАХАБАТ КАРИМОВНА**


# ЭГЕМЕНДҮҮ КЫРГЫЗСТАНДЫН ТҮШТҮК АЙМАГЫНДАГЫ ГЕЗИТТЕРДИН ӨНҮГҮҮСҮ (1991-2016-жылдар)

**10.01.10 - журналистика**

**Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы**

**Илимий жетекчи:**
**филология илимдеринин доктору**
**Мамбеталиев К.И.**

**Бишкек -2022**

## МАЗМУНУ

**КИРИШҮҮ** . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 3

**I БӨЛҮМ**

**БАСМА СӨЗДҮН ТЕОРИЯСЫ ЖАНА МЕТОДОЛОГИЯСЫ**

1.1. Басма сөз тармагын изилдөөнүн теориялык негиздери жана Кыргызстанда жазылган илимий эмгектер. . . . . . . . . . . . . 14

1.2. Эгемен доорундагы маалымат каражаттарынын өнүгүүсүнүн тарыхый этаптары . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 29

1.3. Басма сөздү изилдөөнүн методологиясы жана илимий методдору. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 38

Тыянак . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . ..45

**II БӨЛҮМ**

**ТҮШТҮК РЕГИОНУНДАГЫ БАСМА СӨЗДҮН БАГЫТТАРЫ ЖАНА КООГАЛУУ УЧУРЛАРДЫ ЧАГЫЛДЫРУУНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ**

2.1. Ош, Баткен жана Жалал-Абад аймактарындагы басма сөз, анын өзгөчөлүктөрү . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 48

2.2. Экстремалдык кырдаалдардын (Ош-1990, Баткен-1999, Аксы-2002) басма сөздө чагылдырылышы . . . . . . . . . . . . . . . . .84

2.3. Ыңкылаптардын (март 2005, апрель 2010, Ош -2010) учурундагы региондук прессанын ролу жана орду . . . . . . . . . . 102

Тыянак . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 110

**III БӨЛҮМ**

**МОНИТОРИНГТЕРДИН ОТЁОТТОРУ, МЕДИА БОЮНЧА КОМИССИЯНЫН МАТЕРИАЛДАРЫ, ЖУРНАЛИСТТЕРГЕ КОЮЛГАН ДОО АРЫЗДАР ЖАНА ИЗИЛДӨӨНҮН ЖЫЙЫНТЫГЫ**

3.1. Кыргызстандагы мониторингтердин отчёттору жана медиа комиссиянын материалдары (түштүк регион боюнча) . . . . . . . . . . . . . 112

3.2. Журналисттерге коюлган доо арыздар жана ага чыгарган соттордун чечимдеринин укуктук негиздери . . . .136

3.3. Илимий изилдөөнүн жыйынтыгы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 149

Тыянак . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .154

**КОРУТУНДУ**. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .169

**ПАЙДАЛАНГАН АДАБИЯТТАР** . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .178

# КИРИШҮҮ

«Басма сөз» деген түшүнүк (массалык маалыматтын бир түрү катары) пайда болгондон бери азыркы XXI кылымда деле өзүнүн түпкү маанисин жоготпой, сактап турат. Гезиттердин нускасы ар бир өлкөнүн экономикалык абалына жараша болот. Жалпы нускасы (тиражы) калктын санына, мезгилдин талабына, рекламалык муктаждыкка жана профессионалдык ылмаларга ылайыкташат. Кыргызстанда эгемен доордун башында (90-жылдарда) кээ бир алдыңкы гезиттердин нускасы 50 миңге жетсе («Дело №», «Вечерний Бишкек», «Асаба»), азыр булар 5 миңдин тегерегинде. Мезгилдин талабына, интернеттин өнүгүшүнө байланыштуу азыр гезиттер аз санда чыга баштады.

Биз 30 жылга жакын мезгилди камтыган массалык-маалымат каражаттарын талдоого алып (1990-2016), басма сөздүн өзгөчө учурларда (ыңкылап, коогалан, митингдер) коомдогу ордун жана элдин көз карашына тийгизген таасирине сересеп салдык. Биз талдоого алган хронологиялык мезгилде (1990-2016) басма сөздүн коомдогу орду салмактуу болуп, элдин көз карашына түздөн-түз таасир эткен. Экстремалдык учурларда (коогаландар, ыңкылаптар, митингдер) гезиттер маалыматтын негизги булагына айланып, жарандардын кызыгууларын туудурган. Ошол учурдагы маалыматтарды бурмалабай, болгонун болгондой кылып мамлекеттик эмес гезиттер чагылдырып турган. Ал эми бийликтин акырынан жем жеген гезиттер фактыларды бурмалап, фейктерге жол ачып, чындыкты жашырышып, элдин көңүлүн башкага буруууга аракет кылышкан. Чет элдик эксперттердин өлкөбүзгө «эркиндиктин аралы» деп баа беришине өкмөттүк эмес, эркин гезиттер себеп болушкан.

Кыргыз журналистикасында телекөрсөтүү, анын тарыхы жана өзгөрүүлөрү илимий жактан иликтөөгө алынган, бирок түштүк регионундагы басма сөз талдоого алынган эмес. Бүгүнкү күндө деле түштүк аймагындагы басма сөздөгү маалыматтардын коомдогу ордуна жана маалыматты берүү ыкмаларына арналган изилдөөлөр жүргүзүлө элек.

Биз бул изилдөөбүздө Кыргыз журналистиканын экстремалдык учурлардагы иш-аракеттерин, талаш-тартыштарын, кемчиликтерин жана жетишкендиктерин (түштүк региондун материалында) талдоого алдык. Гезиттер «пресса» жана «басма сөз каражаттары» деген термин менен аталып жүрөт. «Публицистика» деген түшүнүк да гезиттер менен тыгыз байланышта. Мунун башатында Джон Милтондун (Англия, XVII кылым) «Басма сөздүн эркиндиги» («О свободе печати») деген памфлети турат. Ошол кездеги бийлик 1660-жылы ал памфлетти өрттөп, авторду түрмөгө олтургузган (бир ай камалган), бирок так ошондон кийин король Карл Биринчинин доору бүткөн. Парламенттин тарыхы ошентип (мындан үч жарым кылым мурун) революциялык басма сөздөн башталган [1, 7-74-б.].

Алгачкы гезит соодагерлердин баракчасы катары жарык көргөн. 1502-жылы Мюнхен шаарында «Новая ведомость» деген баракча түрктөрдүн Европадагы Мителены деген шаарды басып алганы жөнүндө маалыматты тараткан. Саясий бул маалымат басма сөз булагындагы алгачкы чабалекей болгон [1, 7-74-б.]. Андан кийин соода тармагынын баракчасы маалымат тармагынын чегин кеңейтип, коомго керектүү гезиттерди да чыгара баштаган. Азыркы учурдагы гезиттерди саясий маалымат негизги орунду ээлейт.

**Диссертациялык иштин актуалдуулугу.** Кыргыз журналистикасынын тарыхына жана теориясына арналган илимий эмгектердин саны аз. Ал эми аймактарда жарык көргөн массалык-маалымат каражаттарын изилдеген диссертациялар эми гана жазыла баштады. Конкреттүү айтканда, аймактык басма сөз каражаттарынын тарыхый жагы да, теориялык жагы да, талдоого алына элек. Бул багытта иш алып баруу – келечектин иши.

Эгемен доордогу жаралган эркин гезиттердин тарыхый жолу системдүү түрдө карап чыгуу – учурдун өктөм талабы. Биз диссертациябызда эгемен доордо түштүк аймактарда орун алган экстремалдык учурларды гезиттерде чагылдырылышын иликтөөгө алдык. Биздин бул иликтөөбүз бул багыттагы алгачкы аракет болуп саналат. Диссертациябыздын актуалдуулугу – мына ушунда.

**Изилдөөнүн максаты.** Ош, Жалал-Абад, Баткен областарындагы басма сөздө 1990-2016-жылдарда орун алган өзгөчө учурлдарды (ыңылап, коогалан, митингтер) чагылдыруунун таржымалын изилдеп, жыйынтык чыгаруу. Бул максатты аткарыш үчүн мындай милдеттерди койдук:

1. Басма сөз тармагын изилдөөнүн теориялык негиздерине таянып бизге чейин иликтенген илимий эмгектерди талдоо.

2. Эгемен доорундагы маалымат каражаттарынын өнүгүүсүнүн тарыхый этаптарын акынтоо.

3. Басма сөздү изилдөөнүн методологиясы менен методдордун аныктоо.

4. Ош, Жалал-Абад, Баткен аймактарындагы басма сөздө орун алган өзгөчөлүктөрдү белгилөө.

5. Экстремалдык кырдаалдарды (Ош - 1990, Баткен-1999, Аксы-2002 митинг) чагылдырган басма сөздүн материалдарын талдоо.

6. Ыңкылаптардын (Март-2005, Апрель-2010, Ош-2010) контекстинде иштеген аймактык прессанын материалдарын талдоого алуу.

7. Кыргызстандагы мониторингдердин отчётторундагы жана медиа комиссиянын материалдарындагы түштүк регионго тиешелүү фактыларды анализдөө.

8. Журналисттерге коюлган доо арыздар боюнча соттун чыгарган чечимдеринин укуктук жактан тууралыгын талдоого алуу.

9. Илимий изилдөөнүн жыйынтыгын чыгаруу.

**Изилдөөнүн методологиялык негиздери жана методдору.** Иште темага тиешелүү методологиянын негиздерин аныктаган эмгектер: Европадан – Эрих Фихтелиус [Фихтелиус Э. Десять заповедей журналистики. Пер. со шведского. Стокгольм, 1999, с. 42-47], Удо Ульфкотте [Ульфкотте У. Продажные журналисты. Любая правда за ваши деньги. Пер. с нем. – М., 2015, с. 225-235], Дэвид Рэндалл [Рэндалл Д. Универсальный журналист. Пер. с англ. - Алматы, 1996, с. 13-35], Карстен Бредемайер [Бредемайер К. Черная риторика: Власть и магия слова. Пер. с немец. – М., 2014, с. 13-21], Уильям Бернстайн [Бернстайн У. Масс-медиа с древнейших времен и до наших дней. Пер с англ. – М., 2017, с. 351-421], Эдмунд Ламбет [Эдмунд Ламбет. Приверженность журналистскому долгу. Об этическом подходе к журналистской профессии. Пер. с англ. – М., 1998, с. 17-61], Эверетт Дэннис, Джон Мэррилл [Дэннис Э., Мэррилл Дж. Беседы о масс-медиа. Перевод с английского. – М., 1997, с. 45-63]. Булар – Батыштын окумуштуулары.

Бизге эмгектери методологиялык негиз болгон россиялык окумуштуулар: Валентин Ворошилов [Ворошилов В.В. Журналистика. Учебник. - СПб, 1999, с. 64-82], Сергей Корконосенко [Корконосенко С.Г. Основы журналистики. Учебник для вузов. – М., 2001, с. 86-108], Александр Тертычный [Тертычный А.А. Жанры периодической печати. Учебное пособие. – М., 2000, с. 24-35], Евгений Ахмадулин [Ахмадулин Е.В. Основы теории журналистики: учебник и практикум. – М., 2016, 296-304], Александр Грабельников [Грабельников А.А. Работа журналиста в прессе: учебное пособие. – М., 2001, с. 14-58], Тамара Гордиенко [Гордиенко Т.В.

Журналистика и редактирование: учебное пособие. – М., 2016, с. 134- 147], Валерий Соловей [Соловей В. Д. Абсолютное оружие. Основы психологической войны и медиа-манипулирования. – М., 2015, с. 18-65], Борис Мисонжников, Алла Тепляшина [Мисонжников Б.Я., Тепляшина А.Н. Журналистика. Введение в профессию: Учебное пособие. - СПб, 2014, с.76-91], Максим Ким [Ким М.Н. Основы творческой деятельности журналиста: Учебник для вузов. - СПб, 2011, 98-120], Александр Невзоров [Нвзоров А. Г. Искусство оскорблять. – М., 2019, с. 92-104], Валерий Аграновский [Аграновский В. А. Вторая древнейшая. Беседы о журналистике. – М., 1999, с. 270-289]. Орус тилинде чыккан эмгектерден алынган цитаталар кыргыз тилине которулду.

Кыргызстандагы басма сөзгө тиешелүү жазылган илимий эмгектер: С.Усупов [Усупов С. История кыргызской журналистики. - Бишкек, 2007. - 176 с.], К.Осмоналиев [Осмоналиев К. Кыргыз очерктеринин жанрдык эволюциясы. Фрунзе, 1980. - 92 б.], Ж.Акматбекова [Акматбекова Ж. Кыргызстандын массалык маалымат каражаттарынын өнүгүү тенденциясы (1991-2014). Филол. илим. канд. дис. - Бишкек, 2016. - 141 б.], Ж. Султанова [Султанова Ж. Жанровое своеобразие газет Кыргызстана в первыегоды переходного периода (на материалах прессы 1991-1992 годов): Автореф. дис. канд. филол. наук. - Душанбе, 2014. - 23 с.], Ж.Туралиев [Туралиев Ж. Система средств массовой информации Республики Кыргызстан: генезис, современное состояние и тенденции развития: Автореф. дис. канд. филол. наук. – М., 1997. - 25 с.], Т.Шаймергенова [Шаймергенова Т. Развитие киргизской периодической печати и ее роль в социалистических преобразованиях республики (1924-1937): Автореф. дис. канд. ист. наук. - Фрунзе, 1984. - 25 с.], Г.Торалиева [Торалиева Г. Особенности развития парламентской журналистики в Кыргызстане: Автореф. канд. филол. наук. - Душанбе, 2013. - 23 с.], А.Асанова [Асанова А. Чынгыз Айтматов - публицист. Учеб.-мет. пос. - Бишкек, 2014, с. 69-107], А.Князев [Князев А. Журналистика конфликта. - Бишкек, 2003, с. 64-94], Н.Джумагазиева [Джумагазиева Н. Заманбап этаптагы

Кыргызстандын масс-медиясы жана эл аралык көйгөйлөр. - Бишкек, 2018, 42-62 б.], Б.Орунбеков [Орунбеков Б. Журналистика негиздери: студенттери үчүн окуу китеби. - Бишкек, 2015, 32-46 б.], А.Түмөнбаев [Түмөнбаев А. Репортердук иш жана газеталык жанрлар. - Бишкек, 2013, 46-65 б.], Г.Ибраева, С.Куликова [Ибраева Г., Куликова С. Кыргызстандагы маалымат каражаттарынын өнүгүү тарыхы жана азыркы абалы. - Бишкек, 2002, 14-49 б.].

Бул жерде белгилеп коюучу бир нерсе: кыргыз окумуштууларынын эмгектеринин көпчүлүгүндө журналистиканын совет доорундагы тарыхы каралган, айрымдарында эгемен жылдардын биринчи он жылдыгы иликтенди жана Аскар Акаев башкарган мезгил менен чектелди (2005 жыл). Бир гана Бакыт Орунбековдун китебинде 2014-жылга чейинки материалдар журналистиканын теориясы, типологиясы жана системасынын контекстинде каралды. Өлкөнүн басма сөзүндө аймактык гезиттер (ар бир аймакты өз алдынча) буга чейин изилденген эмес. Өлкөбүздө биринчи жолу түштүк региондун электрондук медиа каражаттары боюнча кандидаттык диссертация 2021-жылы жакталды. Ал эми басма сөз каражаттары көз жаздымда калууда. Биз бул диссертациябызда аймактык массалык-маалымат каражаттарын изилдедик. Мында чейрек кылымды камтыган (1990-2016) материалдар иликтөөгө алынды.

**Диссертацияда төмөндөгү методдор:** байкоо, «анализ менен синтез», «салыштыруу», анткета, интервью алуу, жалпылоо (индуктивдүү, дедуктивдүү). Мына ушул методдорду колдонуу аркылуу илимий иликтөө жүргүзүлдү.

Өлкөбүздөг гезиттер сапат жагынан бири-бирине таасир тийгизери анык. Басма сөздүн өнүккөн жана сапатсыз жактары да байкалды. Региондук гезиттердин хронологиялык тартиптеги тарыхы каралган жок, диссертациянын негизги максаты эгемен доорунда орун алган экскремалдык кырдаалдарда түштүк региондун гезиттери ишин кантип алып барганына

көңүл буруу болду. Ошондой эле мамлекеттик жана мамлекеттик эмес прессанын коомдогу орду аныкталды, позитивдүү менен негативдүү жактары талдоого алынып, такталды..

**Диссертациянын илимий натыйжаларынын жаңылыгы.** Биз караган тема системдүү жана бир бүтүмдүү тартипте изилденген эмес. Буга чейин регионалдык басма сөз өз алдынча иликтөөдөн өткөн эмес. Диссертацияга кирген материалдар системалаштырылды, каралган илимий маселелер мазмун жагынан мындай багыттарды ачыктайт. Негизи, басма сөз каражаттын коомго тийгизген таасирин жергиликтүү аспекттердин алкагында аныкташ керек. Сөз эркиндиги ар бир аймакта өзгөчөрөөк болот, демек ар бир аймак боюнча өз алдынча изилдөө жүргүзүү максатка ылайыктуу. Анткени жергиликтүү басма каражаттарына коомчулуктун жанажергиликтүү бийликтин таасири тиерин жокко чыгарууга болбойт..

Албетте, чиновник менен журналисттин ортосунда болгон мамиле (позитивдүү жана негативдүү өлчөмдө) өлкөнүн өнүгүүсүнө таасир тийгизери талашсыз. Ошондой эле журналисттердин өз ич ара пикир келишпөөчүлүктөрү, тирешүүлөрү (айрым учурда «война газет» - гезиттердин согушу – деп аталган көрүнүштөр) да таасирин тийгизет. Бул жерде кеп мамлекеттик жана мамлекеттик эмес гезиттердин ортосундагы кайым айтышууга тиешелүү козголуп атат.

Мамлекеттик гезиттер бизге совет доорунан «аманат» катары калган. Борбор Азиядагы коңшу өлкөлөрдүн медиа тармагы бул жагынан («аманат» жагы) окшош. Батышта болсо мамлекеттик медиа каражат деген жок. Бизде медиа тармак бийликтин көзөмөлүнөн кутула албай келе жатат. Басма сөздүн ушул жагын талдоого алып карасак, анда ар бир аймактагы гезиттер белгилүү чекте өз алдынча болуп, бир калыпка түшүп, окшош болбойт, себеби бул – андагы жашаган элдердин жашоо шартына, маданий деңгээлине, саясий көз караштарына байланыштуу болот.

Диссертацияда экстремалдуу кырдаалда иш жүргүзгөн жергиликтүү басма сөз каражаттары өз алдынча каралды (ар бир областын алкагында). Негизи журналистика өз иш-аракетин коомдун талабына жана окурмандардын каалоолоруна жараша жүргүзөт. Кыргыз коомчулугу ар дайым (ар бир президенттин мезгилинде) демократиянын эң негизги принциптерине жетекчиликке алуу менен жашоого умтулушат.

Бийликтин адилетсиз чечимдерине баш ийбей, каршы чыгып, өз көмөчүнө күл тарткан президенттерди өлкөдөн кууп жиберишүүдө. Демек, биздин элде кулдук сезим жок, бул – өлкөбүз үчүн чоң утуш. Элдин аң-сезиминин ойгонушуна медиа каражаттардын салымы зор, айрыкча, эркин басма сөз каражаттарынын. Эркин басма сөз каражаттарынын коомдогу, эл ичиндеги орду – өз алдынча изилдөөнү талап кылат.

**Изилдөөнүн теориялык мааниси.** Өлкөнүн түштүк тарабындагы басма сөз каражаттары диссертациялык изилдөөгө өз алдынча объект катары биринчи жолу кирип жатат. Буга чейинки изилдөөлөрдө жалпы жагынан бир бөлүм катары каралып, бир параграфтын ичине камтылган. Диссертацияда түштүк аймактагы гезиттер өзгөчө бир учурларды (экстремалдык учурлар) өз алдынча бир система катары иликтегени изилдөөгө алдык.

Белгилеп кете турган нерсе – аталган учурлар (капсалаң, коогалуу) негизинен түштүк аймагында жүз берген. Көбүнчө так түштүк регионунда орун алган (Ош-1990, Баткен-1999, Аксы-2002, Ош-2010). Демек, бул окуялар - өз алдынча илимий изилдөөгө муктаж. Мына ушул милдет диссертациябызда жүзөгө ашырылды. Бул изилдөөнүн илимий жаңылыгын аныктайт.

**Иштин практикалык баалуулугу.** Изилдөөнүн материалдарынын негизинде «Кыргызстандын түштүк регионундагы экстремалдык кырдаалдагы басма сөз» деген монографияны жана ушундай аталыштагы окуу китебин жазууга өбөлгө жаратат. Аймакта журналистика адистигинде билим алып жатышкан студенттерге рефераттарды, курстук иштерди, бакалаврдык жана магистрдик диссертацияларды жазууларына жардам берет. Ал эми

окутуучулар үчүн «экстремалдык учурлардагы пресса», «ынкылап учурундагы пресса: фактылар жана фейктер» деген курсту жана «гезиттерге мониторинг», «Журналисттерге коюлган доо арыздар» деп аталган тематикалык семинарларды өткөрүүгө мүмкүнчүлүк жаратат.

**Коргоого коюлган жоболор.**

1. Басма сөз тармагын изилдөөгө арналган иликтөөлөрдүн теориялык негиздерин үйрөнүп, ушуга чейин бул багытта жазылган илимий эмгектерге (окуу китептер, диссертациялар жана монографиялар) деталдуу түрдө мүнөздөмө берүү.

2. Кыргызстандагы басма сөз каражаттарынын эгемен доордогу өнүгүү процессиндеги (1991-2016) тарыхый этаптарын аныктоо.

3. Басма сөз каражаттарын изилдөөдө колдонулган методологиялык концепцияны аныктап, иликтөөдө колдонулуучу илимий методдорду тандоо.

4. Түштүк региондагы басма сөз каражаттарынын багыттарын жана өзгөчөлүктөрүн белгилеп, (үч областы боюнча Ош, Баткен, Жалал-Абад) жалпы сунуштарды иштеп чыгуу.

5. Түштүк регионунда орун алган экстремалдуу учурларда басма сөз каражаттарынын иш-аракеттери кандай жүргүзүлгөнүн конкретүү окуялардын (Ош окуясы (1990), Баткен окуясы (1999-2000), Аксы окуясы (2002) контекстинде талдап чыгуу.

6. Март ыңкылабында (2005), Апрель ыңкылабында (2010), экинчи Ош окуясында (2010) түштүк региондогу басма сөз каражатынын ордун жана ролун аныктоо.

7. Медиа каражаттарга болгон мониторингтердин отчётторундагы жана медиа комиссиянын материалындагы түштүк региондук прессага тиешелүү фактыларды иликтөө.

8. Журналисттерге коюлган доо арыздардын негизинде чыккан соттордун чечимдерине укуктук жагынан мүнөздөмө берүү.

9. Диссертациядагы илимий натыйжаларды белгилеп чыгуу.

**Илимий изилдөөнүн жекече салымы.** Өлкөнүн эгемен доорундагы журналистиканын экстремалдуу учурлардын контекстиндеги тарыхы иликтеген илимий эмгек буга чейин изилдене элек. Бул тема биз тараптан биринчи жолу изилденип жатат. Кыргызстанда жүргүзүлгөн мониторингтердин материалдары да биринчи жолу илимий иликтөөгө алынды.

Ошондой эле медиа комиссиянын материалдары да илимий көз караштан биринчи жолу талданып иликтенди. Буга чейин кыргыз журналистика илиминде биз жогоруда атаган проблемалар көңүлдөн сырт калып келген. Диссертацияда булардын баары деталдуу талданып изилденди.

**Изилдөөнүн апробациясы.** Иштин ичиндеги материалдар жетиштүү түрдө апробациядан өттү. Илимий-практикалык конференцияларда талкууланды, илимий жыйындарда доклад түрүндө баяндалды. Макалалар ВАКтын тизмесине кирген илимий журналдарга басылып чыкты, адистешкен илимий жыйнактардан орун алды, чет элдик РИНЦ рейтинги бар журналдардан чыкты. Ошондой эле Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министирлигинин грифи менен университеттер үчүн диссертанттын «Журналистика» деп аталган окуу куралы (16,5 басма табак көлөмүндө, 500 экземпляр 2020-жыл) жарыкка чыкты.

**Изилдөөнүн жыйынтыгынын жарыяланышы**

Иштин мазмунуна байланыштуу болуп 15 илимий макала жарык көрдү. Бул эмгектер УАК койгон талапка толук жооп берет.

**Диссертациялык иштин түзүлүшү.** Иш киришүүдөн, үч главадан (ар бир глава үч бөлүмдөн) жана корутундуудан турат. Ар бир главага өз алдынча тыянак чыгарылган. Иштин аягында пайдаланган адабияттардын тизмеси берилген. Иштин көлөмү – 185 бет.

**Киришүүдө теманын актуалдуулугу,** изилдөөнүн объектиси, предмети, максаты жана милдеттери, теориялык негиздер, методологиялык база жана практикалык баалуулугу белгиленди, натыйжалар, автордун жеке салымы, иштин апробациясы жана жарыяланышы боюнча баяндама берилди.

**Биринчи глава «Басма сөздүн теориясы жана методологиясы».** Бул главада басма сөз тармагын изилдеген илимдин теориялык негиздери аныкталды. Басма сөзгө багытталган илимий эмгектер иликтенди. Эгемен доордун басма сөз каражаттарынын өнүгүүсүнүн тарыхый этаптары такталды (1990-2016-жылдардагы материалдар камтылды). Басма сөздү изилдөөдөгү илимий методдор тандалып алынды.

**Экинчи глава «Түштүк регионундагы медиа каражаттардын багыттары жана өзгөчө учурлардагы таржымалы»** деп аталып, ар бир аймактын басма сөзү Ош, Жалал-Абад, Баткен областтарындагы гезиттер өз алдынча каралды. Андан кийин экстремалдык кырдаалды чагылдырган окуялар, аймактардагы басма сөзгө кыскача маалыматтар берилди. Андан кийин экстремалдык кырдаалды чагылдырган окуялардын (Ош-1990, Баткен-1999, Аксы-2002). Таржымалы берилди. Ыңкылап болгон учурда (март 2005, апрель 2010, Ош-2010). Иштеген региондук прессанын орду аныкталды. Главага тыянак чыгарылды.

**Үчүнчү глава «Мониторингтердин отчёттору, медиа боюнча комиссиянын материалдары, журналисттерге каршы берилген доо арыздар жана илимий изилдөөнүн жыйынтыгы».** Мында маалымат каражаттарына жүргүзүлгөн мониторингдин отчётунан жана медиа боюнча комиссиянын жыйнтыгынан түштүк региондун гезиттерге тиешелүү материалдар иликтенди. Ишке жыйынтыгы жалпыланды. Главага тыянак чыгарылды.

Корутунду иштин жалпы жетишкендиктерин тезис түрүндө көрсөтүлдү. Иштин аягында пайдаланган адабияттардын тизмеси тиркелди.

# I БӨЛҮМ

# БАСМА СӨЗДҮН ТЕОРИЯСЫ ЖАНА МЕТОДОЛОГИЯСЫ

## 1.1. Басма сөз тармагын изилдөөдөгү теориялык негиздер жана Кыргызстанда жазылган илимий эмгектер

Гезиттин тарыхын изилдеген биринчи эмгек 1892-жылы Германиядан чыккан, автору – Карл Бюхер. Орус тилине «Происхождение газеты» («Гезиттин пайда болушу») деген аталыш менен которулган. Ушул китепте гезит почта менен телеграфка салыштырышат да, андан кийин гезиттин айырмачылыгы аныкталат. Почтадан келген кат белгилүү бир адамдарга таандык болсо, гезит белгисиз адамдарга арналып, маалыматты жалпы элге жеткире турган каражатка айланат. «Газета – это средство к обнародованию известий» («Гезит бул – кабарларды тарата турган каражат»)[1, 10-б.].

Жумасына бир жолу чыга турган биринчи гезит Страсбург шаарында 1609-жылы чыккан. Бул алдыңкы үлгү катары тез арада Европага тарады. Күн сайын чыга турган биринчи гезит да Лейпциг шаарында 1606-жылы Германиядан басылган. Бул гезит калган өлкөлөргө үлгү кызматын аткарган [1, 24-б.]. бирок гезиттин жолу шыдыр болгон эмес. Ага бут тосуулар бологон. Алсак, XVI кылымда Римдеги «папа Пий V менен папа Григорий XIII» атайын жарлыктарды («булла» деп аталат) чыгарып, гезиттерге каршылыкты көрсөтүп, аны бастыргандарга куугунтук жасашат, бирок гезит чыгаруу иш токтободу [1, 40-б.].

В. Наполеон бийликке жаңы келгенде Францияда 73 гезит чыгып турган. Ушул гезитттердин ичинен 4 гана гезитти калтырып, калгандарын жаптырып, сөз эркиндигин даңазаланган авторлордун көзүн тазалаган. Басмаканалар талкаланган. «Из всех своих врагов прессу он презирал больше всех» деп изилдөөчүлөр жыйынтык кылышкан [1, 370-б.]. Диктатор өзгөчө тартипте орнотуп, гезиттин ой жүгүртүүсү императордун ой жүгүртүүсү менен үндөш болуп, өзү айткан сөздү толук берүүсүн талап кылган. Ушундай шартта ал Англия, Германия, Россиядан чыккан гезиттерди алдырып, ошолорду өзү кунт

коюп окуп тургандыгы жөнүндөгү маалымат да бар [1, 385-б.]. Мындай көрүнүш бизде да А.Акаевдин учурунда орун алган. Бирок калайык калк тыюу салынган гезиттерди таап окушкан. А түгүл бийлик бутагында отурганда да бул гезиттерди окушкан. Мисалы, кыргыздын бир губернатору оппозициялык гезиттерди жашыруун жерге бекинип алып окуганын журналисттер жазып чыккан [2, 78-80-б.].

Россияда биринчи гезит «Ведомости» деп аталып, падыша Петр Биринчинин жарлыгы менен пайда болгон. Падыша өзү буга автор жана редактор катары да катышкан [3, 50-51-б.]. Ушундан тартып орус элинин басма сөзү өнүгүүнүн жолуна түшкөн. 1913-жылы Россияда 2915 гезит менен журнал болгон. «Русское слово» деген гезиттин кабарчылары чет өлкөлөрдүн борбор шаарларында иштей башташкан.

Совет бийлиги келгенде басма сөздүн багыты бир калыпка түшүп, коммунисттик партиянын идеологиялык куралына айланды. Ошол жылдарда басма сөз тармагында «пропагандист» жана «агитатор» деген сөздөр орун алды (экөө тең «үгүттөө» деген мааниде). 1991-жылга чейин совет бийлигинин цензурасы прессаны көзөмөлдөп турду [3,. 64-75.]. Мындай көрүнүш СССРдин курамына кирген республикаларга да таандык болгон.

Кыргыздардын тунгуч гезити 1924-жылы 7-ноябрда «Эркин-Тоо» деген аталышта чыккан. Ушундан улам улуттук басма сөздүн жаралуу убагы деп, бүгүнкү күнгө чейин белгиленип келет. Кыргыз жана орус тилинде басма сөздүн алгачкы маалымат булактары болуп «Батрацкая правда», «Ленинчил жаш» гезиттери, «Коммунист», «Дехканин», «Жаңы маданият жолунда» деген журналдар саналып калды.

Совет доорундагы басма сөздүн тарыхый жолу илимий эмгектерде кеңири изилденди. Россиядан чыккан айрым китептердин тизмесин келтирели. С.Гуревич. Репортаж в газете (1963); И.Магай. Структура произведения журналиста: проблемы теории печати (1975); А.Гребенина. «Обзор печати: проблемы теории жанра» (1980); С.Корконосенко. «Основы

теории журналистики» (1995); В.Ворошилов. «Журналистика» (1999); М.Шостак. «Жанры газеты» (1999); В.Аграновский. «Вторая древнейшая: Беседы о журналистике» (1999); А.Тертычный. «Жанры периодической печати» (2000); Е.Прохоров. «Введение в теорию журналистики» (2003); К.Ясперс. «Власть массы» (2007); Е.Ахмадулин. «Основы теории журналистики» (2016); Т.Гордиенко. «Журналистика и редактирование» (2016). Россиядан чыккан негизги эмгектер – ушул. Библиографиялык көрсөткүч иштин аягында [4, 15 – 76-б.].

Батышта жарыяланган эмгектер: Дэвид Рэндалл. «Универсальный журналист» (1996); Эрик Фихтелиус. «Десять заповедей журналистики» (1999); Карстен Бредемайер. «Черная риторика»: «Власть и магия слова» (2014); Удо Ульфкотте. «Продажные журналисты». «Любая правда за ваши деньги» (2015); Уильям Бернстайн. «Массмедиа с древнейших времен и до наших дней» (2017). Булар – басма сөзгө байлынаштуу негизги эмгектер. Иштин аягында адабияттар бөлүмүндө көрсөтүлгөн [5, 36-б.].

Аталган эмгектерде басма сөз түрүндөгү каражаттардын тарыхый жолу көрсөтүлүп, бул тармакка тиешелүү иликтөөлөрдүн теориялык негиздери аныкталган. Ар бир улуттук гезиттердин практикасы бири-бирине айрмаланып турат, бирок теориялык жагы универсалдуулукту, үндөштүүлүктү көрсөтөт, себеби адамзатта басма сөз менен бийликтин тирешүүсү – бардык мамлекеттерге таандык, анткени массалык маалымат каражаттары менен «идеалдуу» мамиледе болгон бийлик өтө эле сейрек. Совет доорун мисалга алсак, бул учурда 15 республиканы бириктирип, 70-жыл былк эттирбей кармап турду. Буга «социалисттик реализм» деген жобо идеология жагынан фундамент болуп берди. Үч бутактан турган жобо – «партийность, класовость, народность» деп аталган (партиялуулук, таптуулук, элдиктүүлүк). Мындай тартип адам укугу менен сөз эркиндигин тизгиндеген мамлекеттерде гана орун алат. Башкача айтканда, бул жеке адамдын (же бир партиянын) диктатурасы орногон өлкөдөн көрүнөт.

Совет доорундагы басма сөз коммунисттик партиянын бийлигинин кол астында турган. Каршы чыкканды «диссидент» деп куугунтукташкан. Кыргызстандагы басма сөз каражаттар өз алдынча (бөлүнгөн түрдө) буга чейин изилденген эмес, бул тармак жалпы бир бүтүмдүктө караган изилдөөлөргө структуралык элемент сыяктуу каралган. Совет доорундагы кыргыз илимпоздордун эмгектери: Ж.Бактыгулов «Культурное строительство в Киргизской ССР» («Кыргыз ССРиндеги маданий курулуш»); К.Каракеев - «Особенности и основные этапы культурной революции в Киргизии» («Кыргыздардагы маданий революциясынын өзгөчөлүктөрү жана негизги этаптары»); С.Данияров - «Осуществление ленинской программы культурной революции в Киргизии» («Кыргыздардагы лениндик маданий революциясынын программасынын аткарылышы»). Кесиптери боюнча булар журналисттер эмес, тарыхчылар болушкан жана эмгектери негизинен орус тилинде «соцреализм» методуна ылайыкталып жазылып жарыяланган. Булардан кийинки авторлордун эмгектери да ушул багытты эстафета катары өткөрүп алышып, улантышкан.

Совет доорундагы диссертациялык эмгектерди карасак, анда журналистика адистиги боюнча бир эле иш жакталган, бул Т. Мамбетсариевдин кандидаттык диссертациясы[6, 15-б.]. Мазмун жагынан бул изилдөө республиканын басма сөзүнө тийгизген компартиянын оң таасирин аныктоого арналган. Терс пикир айтуу ал учурда мүмкүн эмес болуучу. Бийлик тарапка ал жылдарда сын пикир айтылган китептер басмаканадан чыкчуу эмес – мунун жарыкка чыгуусу мүмкүн эмес болчу. Аталган диссертация 1968-жылы Москвадан жакталган.

Ал эми совет доорунан кийин журналистиканы изилдеген эмгектер көбөйө баштады. Басма сөз тармагын жазып чыккан авторлорго С.Усупов, Н.Джумагазиева, А.Асанова, Г.Ибраева, С.Куликова, Б.Орунбеков, Р.Приживойт, Ы.Омурзаков, М.Эшимканов, З.Сыдыкова, А.Түмөнбаев жана башкаларды кошууга болот [7, 65-б.]. Эгемен доорунда журналистика адистиги боюнча диссертациялар да жазыла баштады. Мисалы,

Ж.Акматбекованын, Ж.Туралиевдин өлкөнүн маалымат каражаттарын изилдеген канддаттык диссертациялары Бишкектен жакталды. В.Сабирова жана Ж.Султанованын докторлук диссертациялары Душанбе шаарынан жакталды [8, 51-б.]. Аталган авторлордун эмгектеринен басма сөзгө тиешеси бар жерлерин изилдөөнүн нугуна жараша талдап чыктык.

Совет бийлиги кулагандан кийин, анын идеологиялык тиреги да кулады. Эгемен жылдарда «соцреализм» деген метод жана «цензура» түбү менен жокко чыкты. Жаңы мезгил менен жаңы ыкмалар келди, илимдин методологиясы кескин түрдө өзгөрдү. Авторлор сөз эркиндиктин шартында иштей башташты. Объективдүү көз караштарга, адилеттүү чечимдерге, калыс тыянактарга жол ачылды. «Партийность» деген принцип «гуманизм» деген принципке алмашылды. Теориялык түшүнүктөр «трансформацияланып», догмативдүү усулдар четке кагылды. Ушул процессти эксперттер эгемен доордун алгачкы жылдарында баса белгилешкен [10, 16-24-б.].

Журналистикага арналган изилдөөлөрдүн теориялык негиздери Батыштын жана Россиянын окумуштуулары аркылуу аныкталган. В.Ворошиловдун китебинде «Теории журналистики» деген бөлүм бар [Ворошилов В.В. Журналистика. Учебник. - МПб, 1999, с. 32-36]. Китептин автор журналистиканын теориясын эки багытка бөлөт: гуманитардык-демократиялык багыт» («гуманитарно-демократическое напраление»), бул биринчиси, экинчиси болсо – «марксистик идея менен теориянын багыты» («марксистское идейно-теоретическое направление»).

Биринчи багыт Агартуу доорунда (эпоха Просвещения) жаралган, XVIII кылымды ичине алат, Монтесье, Вольтер, Руссо, Дидро деген залкар агартуучулардын (просветители) эмгектеринде чагылдырылган илимий багыт. Булар сөз менен ойдун эркиндигине үндөп, ошол кездеги бийлик менен диндин «үстөмдүгүнө» (диктат монархии и католической церкви) каршы чыгып, революциянын биринчи карлыгачтары катары тарыхка өэз издерин калтырышты. Булар «Энциклопедия» деген чоң эмгекти жаратышкан,

мазмуну боюнча бул – илимге, искусствого жана өнөрчүлүккө аныктамаларды берген сөздүк («Толковый словарь наук, искусств и ремесел»). Бул китепти чыгаргандарды диндин (церковь) жана бийликтин (монархия) өкүлдөрү куугунтукка алышкан. Мисалы, Ворошиловдун китебинде Гельвецийдин «Об уме» деген трактатын Папа Римскийдин буйругу менен өрттөп салышкан [Ворошилов В.В. Аталган китеп, 34-б.].

Авторитардык («авторитарная») теориянын калыптанганы XVI кылым, андан кийин либертариандык («либертарианская») теория пайда болду, бул XVII кылымды камтыйт. Авторитардык теориясы боюнча ошол кездеги бийликтин абсолюттук түрү даңазаланган, басма сөз мамлекеттин колунда болгон (королдон патент алган инсанда), мында мамлекетти жетектеген адамды толук түрдө колдоо керек, - деген көз караш тартип бекем орнотулган. Ушуга байланыштуу «цензура» киргизилген – бийликте олтурган адамдарды сындоого бөгөт коюлган.

Андан кийинки «либертариандык теория болсо XVII кылымдын акыркы чейрегинде Англия менен Америкада пайда болгон. Бул «рационализмдин философиясы» деп аталган агымдын негизинде ишке ашкан. Теориянын авторлору – Мильтон, Локк, Милль. Басма сөздү булар өкмөттү контролдой турган курал (инструмент) катары баалашып, коомго «чындыкты ачып берүүнү («открывать правду») негизги принцип караты белгилешкен. Гезитти ачууга бийликтин патентинин кереги жок, ар бир жаран каражаты болсо, гезитти бастыра берет, - деген көз караштa болушкан. Чындыкты элге жеткире турган процесс «ойдун эркин рыногунда» («свободный рынок идей») болот жана көзөмөл (контроль) сот аркылуу жүргүзүлөт, буга бийлик аралашпашы керек, деген критерийди сунушташкан. Басма сөз согуш учурунда ушак айтуудан, калпты таратуудан, ыпластыктан алыс болуш керектигин белгилешкен.

Экинчи багытты В.Ворошилов «марксистская теория журналистики» деп атады. Бул XX кылымда (совет доорунда) орун алды. Буга ылайык

илимде, искусстводо, маданиятта «соцреализм» деген агымдын үстөмдүк кылган. Совет доорунда журналистиканы иликтеген эмгектерде бул теориянын принциптери кеңири колдонулган. Эгемен доорунда ошол эмгектер сынга алынып, мурун калыпка түшкөн үчилтик («народность, классовость, партийность») жокко чыгарылды жана колдонуудан алынып салынды.

XX кылымдын ушул учурунда Батыш тарапта (Европада) социалдык жоопкерчиликтин теориясы негизделген, бул илимде «теория социальной ответственности» («социалдык жоопкерчиликтин теориясы») деп аталат. Мына ушул теорияны жетекчиликке алуу менен 1942-жылы «Комиссия по свободе печати» («Басма сөздүн эркиндиги боюнча комиссия») деген уюм түзүлгөн. Анда басма сөздүн багытын: кабарды таратуу, элди кызыктыруу, маалыматты сатуу, бирок конфликттерди дискуссияга айландырып, тирешүүгө жол берилбөөсүн белгилешкен. Ошентип, гезиттерди ар тараптуу пикирлерге орун берилип, жаңылыкты редакциянын көз карашынан ажыратып, окуяны толук кандуу кылып чагылдырууга шарт түзүлгөн. Прессага көзөмөл болсо бир гана коомдун пикири аркылуу жүргүзүлөт. Ошол жылдарда журналисттердин этикалык кодекси иштелип чыккан. Бул документ 1954-жылы Хельсинки шаарында журналисттердин эл аралык федерациясынын конгрессинде кабыл алынган.

Аталашы «Декларация принципов поведения журналиста», кыргызча которсок – «Журналисттин жүрүм-турумунун принциптеринин декларациясы» [Профессиональная этика журналистов: Т.1, Документы и справочные материалы. – М., 1999, с. 21].

1973-жылы илимде «прецизионная журналистика» деген агым пайда болгон, бул – маалыматты даярдаган учурда социологиянын жана башка гуманитардык илимдердин ыкмаларын колдонууга багыт алган теория. Буга чейин сыртынан карап, социалдык көрүнүштүн тамырына жетпей, сенсация менен чатактарга (скандал) ыктап, кырдаалды тарыхый, саясий жана дагы

социалдык-экономикалык перспективада талдоону жүргүзбөй, чийки түрдө материалдарды даярдаган фактылар орун алган [Ворошилов В. Аталган китепте, с. 35-36].

Эми теориялык түшүнүктөрдүн («понятийный аппарат») басма сөзгө тиешлүү жагына көңүл буралы. Е.Ахмадулиндин китебинде [Ахмадулин Е.В. Основы теории журналистики: учебник и практикум для академического бакалавриата. - Москва, 2016, 18-20-б.] маселе мындай аныкталган. «Печать» жана «пресса» деген терминдер «журналистика» дегенге синоним катары каралат. Автор муну бир гана басмаканадан чыккан гезит менен журналдарга тиешлүү пайдаланыш керек дейт.

Бул жерден тактай турган нерсе бар: «печать» деген термин бардык басып чыгарылган продукцияны камтыйт, демек, периодикалык (гезит, журнал, альманах) жана периодикалык эмес (китеп, брошюра, жыйнак) деп бөлүп карашыбыз керек. Ал эми «пресса» деген термин масс-медиянын басма сөз каражаттарын таамай белгилейт, себеби «пресса» деп гезит менен журналды билебиз. «Гезит» менен «пресса» - бири бирине барабар, ал эми «печать» болсо булардан айырмаланып турат.

«Публицистика» деген терминди да «журналистика» дегенге тыгыз байланыштырабыз. Мисалы, Германияда бул эки сөз синоним болгон, анан Америкадан «масс-медия» деген термин жаралгандан кийин, эки башка мааниде карала баштады. «Публицистика» деген сөз адабияттка да жакын турат. «Пресса» дегенди алсак, бул жерде публицистиканын конкреттүү жанрлары бар: макала, очерк, памфлет, фельетон. Ахмадуллин жыйнтыкты мындай чыгарган. «Публицистика» бир жагынан алсак «журналистикадан» кенен, ал эми экинчи жагынанан карасак, ал журналистиканын ичиндеги бир бөлүм болуп турат. Бул терминдерди «жанр» деген түшүнүктүн контекстинде караганыбыз оң.

С.Корконосенко журналистика боюнча теориялык жагдайды өзүнүн китебинде географиялык масштабда карады [Корконосенко С.Г. Основы

журналистики: Учебник для вузов. - Москва, 2001, с. 87-90]. Прессанын мисалында автор таратуу (распространение) жагын карап, төрт бөлүккө бөлгөн. Биринчиси, «транснационалдык медиялар» бул – эл аралык масштабда тарагандар,. Мисалы, Америкадан чыккан «Таймс» журналы чет өлкөлүк төрт жерден басылып, бир нече континенттерге жетет. Мисал катары буга Москвадан чыккан «Крмсомольская правда», жана «Московский комсомолец» деген гезиттерди кошсо болот, бул дагы чет өлкөлөрдөн басылып чыгат. Тираждары көп. Мындайды «наднациональная пресса» деп да коюшат.

Экинчиси «общенациональные СМИ» деп аталат, бул бир өлкөнүн бардык аймактарына тараган масс-медияны түшүндүрөт. Бизде мындайды «республикалык массалык маалымат каражаттары» деп аташат. Борбордо жайгашкан ТВ, радио, гезиттер – мамлекеттик статусу барлар жана мындай статусу жоктор. Анан бул жерге тактоо киргизүү зарыл. Кыргызстандын прессасын алсак, Өкмөткө таандык үч гезити бар.

Батышта болсо, мамлекеттин (Өкмөттүн) кол алдында медиа каражаттар жок, аларда коомдук (общественный) телеканалдар, радиолор жана жалпы улуттук («общенациональный») гезиттери бар. Ошол масс-медиаянын жетекчилери президенттин же премьер-министридин буйругу менен ишке коюлуп, иштен алынбайт. Айрыма ушунда.

Үчүнчүсү «региональные СМИ» деп аталгандар, бул – региондорду камтыган медиа каражаттар. Прессаны мисалга карасак, бизде областардан жана райондордон чыккан гезиттер «регионалдык пресса» деген түшүнүктү беришет. Муну «местная пресса» («аймактын гезиттери») дешет. Баарысы синонимдер – регион, область, аймак, жергиликтүү.

Мындан тышкары дагы «ведомственная пресса» деген бар, бул – бийликтеги бутактардын ички бөлүнүштөрүнө таандык министерствонун гезиттери (мисалы, «Кут билим», «Бетме бет»), салык инсппекциянын гезити жана ушу сыяктуу уюмдардын басма сөзү. Анан буга кошумча дагы «студенческая пресса» деген түшүнүк бар: университеттерден чыккан

гезиттер. Биздеги чоң университеттердин өздөрүнүн гезиттерин чыгарат, мисалы, Оштогу мамлекеттик университетинде эки гезит бар: биринчиси студентер үчүн, экинчиси окутуучулар үчүн.

Корконосенко С.«азыркы конкуренциялык учурда аудитория көңүлүн регионалдык масс-медияларга бура баштады, бул көрүнүш пресса жагына көбүрөөк, телевидениеге азыраак болуп жатат» дейт [Корконосенко С. Аталган китеп, 90-б.]. Мына ушул түшүнүктөр менен жана терминдер журналистикалык теориялык негиздерин түптөйт.

Эми «журналистика» деген түшүнүктү карасак, бул эки тараптан калыптанат: бир жагы – практика, экинчи жагы – теория. Муну изилдеген авторлордун [Мисонжников Б., Тепляшина А. Журналистика. Введение в профессию: Учебное пособие. - СПб, 2014, 10-11-б.]. эмгектеринде төмөндөгүдөй берилген: «Теориялык деңгээлде журналистика илим жана билим жагынан аныкталынат. Илимий дисциплина катары бул өз ичине эксперттик тыянактарды, аналитикалык иликтөөлөрдү, монографияларды, докладдарды камтыйт».

Бүгүнкү күндө медиа каражаттар экиге бөлүнүп каралып жүрүлөт: электрондук жана басма сөздүк каражаттар. Ушуну менен бирге XXI кылымда жаңы тармак пайда болду. Электрондук менен басма сөз каражаттардын «ширелиши» десек болот, себеби гезит электрондук түрдө чыга баштады. Илимпоздор муну «техникалык мүмкүнчүлүктөрдүн өсүшүнө» байланыштырышты. [Гордиенко Т.В. Журналистика и редактирование: учеб. пособие. – Москва, 2016, 46-47-б.]. Журналистика деген кесиптин тармактары да көбөйдү. Е.Прохоровдун китебинде үч түрү аныкталды: редакторлук, уюуштургуч жана автордук түрлөр деп классификацияланды [Прохоров Е.П. Введение в теорию журналистики: учебник. - Москва, 2003, 275-277-б.]. Ушуга дагы төртүнчү деп «илимий-изилдөөчүлүк» түрдү кошсок болот, себеби бул кесип деле журналистиканын структурасына кирет.

Азыркы доордун теоретиктери регионалдык журналистика боюнча өзгөчө бир аналитикалык жыйынтыкты чыгарышты. Буга мисал А.Грабельниковдун китебинде айтылган ойлор [Грабельников А.А. Работа журналиста в прессе: Учебное пособие. – Москва, 2001, 51-52-б.]. Анда: «Регионалдык журналистикада азыр негизги ролду коомдук-саясий багыт аткарып жатат. Экономикалык фактордун кесепетинен башка региондордо чыккан гезиттер менен конкуренттик тирешүү жергилүктүү маанидеги оперативдик маалыматка көнүл буруууну мажбурлап жатат» – деп белгилеген.

Изилдөөгө керек теориялык негиздердин таржымалы – ушундай. Кыргыз журналистикасын иликтеген илимпоздор ушуга таянышат. Эмгектерин карап чыгаардан мурун эгемен доорунда болгон көрүнүштөргө токтололу.

Борбор Азиядагы эгемен өлкөлөргө (совет бийлиги өткөндөн кийин) Америка менен Европадан жаңы түзүлгөн мамлекеттик эмес маалымат каражаттарына гранттар аркылуу жардам берилди. Мониторингтер каржыланды, конференция, семинарлар, тренингтер өткөрүлдү, илимий изилдөөлөр жүргүзүлдү. ОБСЕ деген уюму 2002-жылы Борбор Азиянын журналистикасына арналган жыйнакты чыгарды [11, 24-б.].

Масштабы мындай кенен иликтөө бул аймакта биринчи жолу аткарылды. Анан 2003-жылы журналисттердин эл аралык федерациясы («IFJ») Ош шаарында Фергана өрөөнүнүндөгү журналистика боюнча эл аралык конференция өткөрүп, үч республиканын өкүлдөрүн чакырттышты: Кыргызстандан эки область, Өзбекстандан үч жана Таджикитандан бир область. Докладдар жыйнак түрүндө басылып чыкты. Таасирдүү болду [11, 33-б.]. Коңшу өлкөлөрдө жашаган журналисттер бири-биринин көйгөйлөрү, түйшүктөрү, жетишкендиктер жана кемчиликтери менен таанышып чыгышты. Тажрыйба менен бөлүштү.

Конференция ийгиликтүү өттү. Ошондон бери Борбордук Азияда мындай эл аралык масштабдагы жыйын боло элек.

2013-жылы «Эл аралык медиа көмөк» уюму (IMS) Кыргызстандын журналисттер коомуна грант бөлүп, өлкөдөгү журналисттердин иштөө жана жашоо шарттарын, айлык акыларын салыштырмалуу түрдө аныктап чыккан [12, 42-б.]. Ушундай багытта Борбор Азиянын төрт өлкөсү изилденди (Казакстан, Кыргызстан, Өзбекстан, Таджикистан).

Бул жерге Түркменстан кирбейт, себеби нейтралдык статус алып, авторитардык бийликти орнотуп алгандыктан мындай эркин изилдөөгө уруксат бербейт, гранттарды албайт, конференцияларга катышпайт. Ушуга байланыштуу түркмен журналистика боюнча маалымат аз, бул жабык өлкө. Региондун калган төрт өлкөсүнө тиешелүү маалымат улам-улам чыгып турат. 2001-жылы Борбор Азиянын медиа каражаттарын мүнөздөгөн жыйнак Алматы шаарынан чыккан [13, 62-б.].

Кыргызстандын биринчи президенти Акаев өлкөнүн Конституциясына ылайык келбеген үчүнчү мөөнөткө 2000-жылы шайланды. Мындай кадамга (10 жыл бийликте тургандан кийин) Конституциялык соттун тескери берген чечиминин негизинде барды – конституциялык сот (төрайымы Ч.Баекова) биринчи 5-жылдык мөөнөттү эсепке албай, экинчи мөөнөттү биринчи мөөнөткө айландырып, үчүнчүнү экинчи деп жарыялаган.

Эркин гезиттер А.Акаевди колдобой, ага болгон сын пикирлерин күчөтүшкөн. 2002-жылы Жалал-Абад областында Аксы окуясы болду, митинг өткөргөн элге милиция тараптан ок атылды. Алты адам көз жумган. Акаев менен тирешүү күчөгөн. 2003-жылы «президенттин намысын коргоо боюнча» мыйзамга жаңы пункт киргизип, генералдык прокурорго сын айткандарга каршы доо арыз берүүгө укук беришкен.

Буга чейин президент доо арызды өз атынан берүүчү, эми муну прокурордун колу менен бермей болгон, бирок бул ыкманы Аскар Акаев пайдаланбай калды, себеби 2005-жылы март айындагы ыңкылап башталганда, Бишкектен Москвага учуп кетти. Аталган мыйзамдын «нормасын» (башпрокурорго берген укукту) экинчи президент да колдонбой кетти, себеби

ал сөз эркиндигин башка ыкмалар менен муунтууга өткөн.  Бул норманы үчүнчү президент (А.Атамбаев) кеңири колдонду.

Ошол кездеги башпрокурор (Жолдубаев) журналисттерге каршы доо арыздарды сотко улам-улам берип турду. Прокуратуранын мындай аракетине каршы журналисттер тынбай каршы чыгышып, терс пикирлерди жарыялап турушту. Буга К. Мамбеталиевдин китебинде деталдуу баа берилген [Мамбеталиев К. Кыргызстан. Культ личности (2011-2020). – Бишкек, 2020, 40-56-б.]. Ы.Өмүрзаковдун китебинде да кеңири айтылган [Өмүрзаков Ы. Ажолор. - Бишкек, 2019, с. 161-195-б.].

Биринчи ыңкылаптан кийин мамлекеттик телеканалды өзгөртүү боюнча бир  долбор иштелип чыккан, бирок жаңы келген бийлик буга жол бербеди. Коомдук телеканалды дүйнөлүк стандартка ушул күнгө чейин жеткире албадык. Бул маселе боюнча Ч.Абдиеванын кандидаттык диссертациясында конкреттүү чагылдырылган [15].

Мамлекеттик гезиттерди да бийликтин тизгинен бошотууга аракет жасалган, бирок натыйжа чыкпады, себеби бийлик «саботажды» (каршылык) уюштуруп, тизгинди өз колдорунда сактап калышты. Мамлекеттик пресса (борбордо, областтарда, райондордо)  ушул күнгө чейин эски тартипте  иштеп турат – формасы өзгөргөнү менен мазмуну ошол эле бойдон.  Бул гезиттердин негизги милдети – бийликти оппозициядан коргоп туруу жана эркин прессага каршы күрөшүү.

Өкмөттөн каржыланган гезиттер бийликтин саясатын тейлөөгө жана сөз эркиндигине каршы аракеттерди жасоого мажбур болот. Мисалы, ар бир президенттин учурунда мамлекеттик гезиттер пикеттерди тыйгыла, митингтерди бир гана жерден (Горькийдин эстелиги турган  аянтчадан) урусат алып өткөргүлө, – деген чакырыктарды жаңыртып турат. Бул ойду далилдей турган фактылар – арбын.

Белгилүү редактор айым Замира Сыдыкованын орус тилинде чыккан китебинде практикадан алынган мисалдар кеңири жазылды [Сыдыкова З. За

кулисами демократии по-кыргызски. – Бишкек, 1997, с. 55-69]. Китептин бир бөлүмүн автор минтип атаптыр «В политике не столь важно, кто уходит, сколько то, кто приходит» (17-19-б.). «Саясатта ким кетти дегени маниилүү эмес, бул жерде ким келди деген нерсе – маанилүү». Бул китеп жазылып жатканда биринчи ыңкылапка дагы сегиз жыл бар болчу, ажолордун «кеткен-келген» тажрыйбасы топтоло элек эле.

Биринчи президент экинчи мөөнөткө шайланган учур эле. 2005-жылдан кийин гана «кто приходит - кто уходит» (ким келди жана ким кетти) деген түшүнүктүн мааниси ачылды. 1997-жылы биринчи ажонун ордуна экинчиси келет деген үмүт жок эле, ал учурда жогорку бийликтин тегерегиндеги түйшүктөр күчөп турган. Сыдыкованын ушул китебинде «узурпация власти» (бийликти менчиктеп алуу) деген термин кыргыздардын өлкөсүнө тиешелүү биринчи жолу айтылды (аталган китепте, 126-134-б).

Эгемендин эң алгачкы кыргыздын геополитикасын жана журналистикасын изилдеген эмгектер чыга элек болчу. Кыргызстандын эгемен доорундагы журналистикасын изилдеген биринчи китеп 2002 - жылы чыкты. Авторлору Гульнара Ибраева менен Светлана Куликова. Адегенде орус тилиндеги варианты [Ибраева Г.К., Куликова С.В. История развития и современное состояние СМИ в Кыргызстане: результаты исследования. - Бишкек, 2002. - 304 с. ], андан кийин кыргыз тилиндеги котормосу басылды [Ибраева Г.К., Куликова С.В. Кыргызстандагы массалык маалымат каражаттарынын өнүгүү тарыхы жана азыркы кездеги абалы. - Бишкек, 2002. - 236 б.]. Бул эмгекте өлкөдөгү кыргыз журналистиканын тарыхы 1991-жылдан 2001-жылга чейин каралган. Он жылдык аралык камтылган. Ушуга байланыштуу тарыхый этаптар белгиленди. Этаптарга тиешелүү маселени кийинки бөлүмдө карайбыз.

Биринчи президенттин доорунда журналистика арналган чет элдик автордун бир китеби кыргыз тилине которулуп чыккан. Бул Дэвид Рэндалл [Рэндалл Д. Универсалдуу журналист. - Жалалабат, 2005. - 336 б.]. Кыргыз

тилинде окуган студенттерге  бул китеп чоң жардам болду. Китепти Жалал-Абад шаарында жашаган белгилүү журналист Жалил Сапаров которгон. Андан кийин (2011-жылы) дагы бир чет элдик автордун китеби кыргызчаланды. Бул В.Кашкин [Кашкин В.Б. Коомуникация теориясына киришүү: Окуу куралы. - Бишкек, 2011. - 140 б.] Котормочу – Сагын Алаева. Теориялык негиздерге байланыштуу эмгектерди айтуууга болот.

## 1.2. Эгемен доорундагы маалымат каражаттарынын өнүгүүсүнүн тарыхый этаптары

1991-жылы Кыргызстанда эгемен доору башталды. Медиа каражаттар совет бийлигинин көзөмөлүнөн бошошту. Компартиянын цензурасы жокко чыкты, бирок эски бийликти тейлеген гезиттер кайра эле (борбордо, областтарда жана райондордо) жаңы бийликке кызмат кылууга өтүштү. Бир эле гезит («Вечерний Фрунзе») мамлекеттин тизгининен бошоп, эркин гезитке айланган (мурун шаардык аткаруу бийлиги менен шаардык компартиянын кол алдында болгон).

Гезиттердин калгандары жаңы бийликтин саясатын колдой башташты – ар бир областта, ар бир райондо жергиликтүү администрация өз гезиттерин ачышты. Мисалы, Ош областын алсак, областтык масштабдагы мамлекеттик гезиттерден үчөө – кыргыз, орус, өзбек тилдеринде чыгат. Бир гана борбор шаардагы Бишкектин мэриясы басма сөз каражатына ээ эмес, өзүнүн кол алдындагы гезити жок. Өкмөт болсо үч гезитти кармап турат: кыргыз тилиндеги «Кыргыз Туусу» менен «Эркин Тоо», орус тилинде «Слово Кыргызстанды».

1992-жылы «Массалык маалымат каражаттары жөнүндө» деген мыйзам кабыл алынган. 1993-жылы эгемен өлкөнүн биринчи Конституциясы кабыл алынып, анын 16-беренесинде «басма сөздүн эркиндиги» белгиленген. 1997-жылы медиа тармагына теишелүү «Журналисттин профессионалдык иш-аракеттери жөнүндө» жана «Маалыматка жетүүнүн кепилдиги менен эркиндиги жөнүндө» деген эки мыйзам кабыл алынган.

Ушул мыйзамдарды анализдеген адисттер соцопрос аркылуу мыйзамдагы карама-каршылыктарды белгилеп, жыйынтык чыгарышкан. Мисалы, биринчи мыйзамдын 9-беренесинде «журналисттик териштирүүгө» («журналистское расследование») укук бар деп турат, ал эми 7-беренеси маалымат берген адамдан уруксат алмайынча, журналисттин аудио-видео каражаттарды пайдалануусунун мүмкүн эмес экендиги белгиленген. Бул жобо

аркылуу жогорку мыйзамдын мааниси жокко чыгып калган, себеби кийинкисинде эркин түрдө маалымат алууга бөгөт коюлду [16, 75-б.].

Коомчулук муну бийликти сындаган авторлорго каршы жасалган аракет катары баалашты. Ушундай амалды биринчи президентке сунуштаган адис (юрист) өзүнүн «табылгасын» экинчи президентке өткөрдү, ага да кызмат кылды, андан кийин ал ыкманы үчүнчү президентке өткөргөндөн кийин ошол «юрист» кылмышка (пара алып) айыпталды, күн тийбес жерден орун алды.

Минюст массалык маалымат каражаттарды тоскоолсуз каттодон өткөрдү. 2015-жылдын көрсөткүчү боюнча өлкөдө 986 гезит күбөлүк алган (свидетельство о регистрации). Алардын ичинен реалдуу түрдө канчасы иш жүргүзгөнүн мониторинг аныкталды. Мындай мониторингди 2003-жылы «Журналисттер» коому өткөрүп, «Печатные и электронные СМИ Кыргызской Республики» («Кыргыз Республикасынын басма сөз жана электрондук түрлөрүндөгү ММКлар») деген справочник чыгарышкан. Адистер ар бир шаарга, райондорго барып, жергиликтүү медиа каражаттарды иликтеп чыгышкан. Ошондо басма сөз тармагында өлкө боюнча 127 гезит, 4 журнал, 2 бюллетень бар экен (2003-жылы). Булар менен катар 20 радио жана 27 телеканалдар эфирге чыгып жаткандыгы белгиленген. Мындай мазмундагы мониторинг өлкөбүздө бир эле жолу өткөрүлгөн [17, 42-б.].

Эми «периодизация» (мезгилдерге бөлүү) деген маселеге өтөлү. Мезгилдештирүү боюнча ар кандай принциптерге таянган иликтөөлөр бар. Этаптар мезгилге, кырдаалга жана тарыхый контекстке байланыштуу бөлүштүрүлөт, мында мезгилдин маанилүү бурулуштарына ылайык карап чыгуу талап кылынат. Мисалы, Г.Ибраева менен С.Куликова өлкөбүздүн медиа каражаттарынын тарыхын төрт этапка бөлүшкөн. Бул биринчи президент Акаевдин бийлигиндеги жылдарды камтыган этап (1991-жылдан 2001-жылга чейин). Авторлор төмөндөгүдөй бөлүштүрүшкөн. Эмгек орус тилинде жазылган. Ошондуктан ошол тилде берели:

1 этап (1991-1992) – провозглашение свободы прессы.

2 этап (1993-1995) – перелом в отношениях с властью, переосмысление средствами массовой информации своей роли и функций.

3 этап (1996-1999) – окончательный «развод» с властью.

4 этап (1999-2000) – перераспределение и концентрация собственности медиа путем образования медиа-холдингов [16, 26-46 б.].

Бул жерде «эгемен доордун алгачкы эки жылында «прессанын эркиндиги жарыяланган», андан кийинки үч жылда «бийлик менен медианын ортосунда бурулуш жаралып, медиа каражат өзүнүн ролун менен функциясын терең карап, кайра ой жүгүртүү», кийинки үч жылдын ичинде медиа каражаттар бийлик менен карым-катышын түп тамыры менен ажыратты», анан соңку жылында (XX кылымдын акыркы жылы) медиа каражаттар өздөрүнүн медиа-холдингдерди түзүү аркылуу менчигин кайра бөлүштүрүштү» жана концентрациялашты.

Этаптарга бөлүштүрүүдө аталган эки автор ушундай тыянак чыгарышкан. Ушул жылдарда (XX кылымдын акыркы он жылдыгы) гезиттер жабылган, авторлорго жазана салынган, айрымдары камалган. Юстиция министирлиги атайын «комиссия по нравам» дегенди уюштуруп, ушул уюмдун атынан (официалдуу түрдө) гезиттерди сотко берген, натыйжада соттун чечими менен үч гезит кыргыз тилиндеги «Пайшамба» менен «Каттама», орус тилинде чыккан «Лимон» деген гезинтер жабылган – Будардын тираждыры башка гезиттерден көбүрөөк болгон.

Ошол соотун чечиминен кийин өлкөдө «Журналисттер» деген коомдук уюм түзүлүп, алардын аракеттери менен гезиттер, телеканалдар, журналисттер коргоого алынган. Так ошол жылдарда Кыргызстандын биринчи президенти А.Акаев сотко айрым авторлорго каршы доо арыздарды берген (ал кезде президент мындай арызды өз атынан адвокат аркылуу жазган). Ошол жылдарда мамлекеттик гезиттер менен мамлекеттик эмес гезиттердин ортосунда «салгылашуу» орун алган (муну эксперттер «война

газет» деп аташкан). Ушундай маанилүү окуяларды, көрүнүштөрдөн эки автор көз жазымда калышыптыр. Ошондуктан булардын «мезгилдештирүүсү» чийки болуп «субьективизге» жол берилип калган 1999-жылы өлкөгө (Баткен тараптан) исламдык экстремисттер кол салышкан, булар менен тирешүү үч айга созулду, кыргыздын генералы менен япондун геологдору барамтага түштү, ушуну чагылдырган медиа каражаттар окуяга ар түрдүү баа беришкен.

Эмгек А.Акаевдин доору бүтө элек кезде жазылган. Ошол себептен этаптар биринчи эле президентке тиешелүү мезгилди камтыйт, тагырак айтканда, А.Акаевдин заманынын 10-жылын. Эгерде 20-жылды көз карашынан карасак, анда бул «мезгилдештирүү» тарыхый этаптын бир эле учуру болуп калат, 20-жылды алсак, үч этаптын бири болот, себеби биздеги отуз жылдык тарых үч ажонун бийлиги орун алган мезгилди камтыйт (1990-2005 – биринчи ажо, 2005 – 2010 – экинчи ажо, 2010 – 2017 – үчүнчү ажо). Мындай логика менен карасак, анда ар бир этап ар бир шайланган президентке туш келет. 30-жылдын ичинде (1990-2020) төрт президент шайланды – А.Акаев, К.Бакиев, А.Атамбаев, С.Жээнбеков. Андан кийин (2021) алтынчы президенттин доору баштылды. Демек, азыркы учур алтынча этаптын башталышы.

Этаптарга бөлүштүрүү боюнча атайын бир калыптанган эреже жок, мында «догма» жарабайт, себеби жашоонун (доордун шартына) ылайык корутундуланган баа берилет. Ар бир өлкөнүн шарты өз алдынча, мында универсалдуу түрдөгү бир стандарттар болбойт. Мисалы, бизге коңшу өлкөлөрдө шайланган президенттердин саны экиден ашкан жок - Өзбекстан (Каримов, Мирзиеев), Казахстан (Назарбаев, Токаев). Таджикистанда биринчи президенттин доору бутө элек. Туркменистанда бийлик атасынан баласына өттү. Эми булардын «мезгилдештирүү» ушундай шартка байланып, ушул инсандардын ысымына жараша бөлүнөт. Мисалы, жалпысынан «Каримовдун бийлигиндеги медиа каражаттардын тарыхый этабы» жана «Назарбаевдин бийлигиндеги медма каражаттарды тарыхый этапбы» деп мезгилдештирилет, мындай, болбосо логикасы чаржайыт болот.

Биздеги тарых башкача болду, бир адамдын «жеке менчик бийлигине» («культ личности» дешет мындайды) тушаланбады. Борбор Азиядагы мамлекеттердин ичинен бир эле биз ушундай тарыхый шартка ээ болдук. Ушуга байланыштуу «тарыхый этаптарга бөлүүнүн» негизги жолу ар бир ажонун бийлигине барабар болот, себеби ар бир ажо өзүнүн бийликте турган мөөнөтү менен өзгөчөлүү көрүнгөн доорду белгилейт. Ар биринин мүнөзү, аракети, сөзү – башкача. Ар бирине таандык «ирмемдер» («нюанстар») бар. Кыргыздын биринчи ажосу өлкөдөгү сөз эркиндигин «хитроумный» юристтердин «амалы» менен тушаса, экинчи президент күч колдонгон, үчүнчүсү башпрокурордун колу менен журналисттерге жана оппоненттерине каршы доо арыздарды жайнаткан. Төртүнчү ажо так ошол баш прокурордун «одиозный» укугун жокко чыгарып, журналисттердин бирине да доо арыз жазбады. Негизи, тарых бийликте турган инсанга карата Лениндин доору, Сталиндин, Хрущевдун доору, Путиндин доору деп бөлүнөт.

А.Акаевдин учурунда гезиттер жабылып, журналисттер камалган. К.Бакиевдин учурунда эки белгилүү журналист криминал тараптан өлтүрүлгөн (Алишер Саипов менен Геннадий Павлюк). А.Атамбаевдин учурунда журналисттерге «миллиондук» суммадагы штрафтар салынды. Бирок бул ажолор өлкөдөгү сөз эркиндигин ооздуктай алышкан жок, үчөө тең журналисттерге каршы жүргүзгөн согуштардан утулушту, экөө өлкөдөн качты, үчүнчүсү түрмөгө түштү. Бир гана Жээнбеков (төртүнчү президент) мындай сөз эркиндигине каршы адилетсиз жана акылсыз согушту жүргүзгөн эмес, өз бийлигин тынч өткөрүп, кан төктүрбөдү, өлкөдө калды. Кемчиликтери болду, бирок бийлик үчүн «салгылашууга» барбады.

Медиа каражаттарынын тарыхын кеңири жалпылап, кеңири масштабдагы «этаптарга» бөлүштүргөн окумуштуулар да бар. Мисалы, Айна Дуйшекеева китебинде эки тарыхый этапка бөлөт. Бул кеңири этаптар жана «аралашма» этаптар, себеби совет доору менен эгемен доорду бир эле чарага салып, «жууруп» салган, бул 90-жылдардагы мезгилди камтыйт.

Биринчи этап (1927-1991) – калыптануу жана өнүгүү.

Экинчи этап (1991-2010) – өнүгүүнүн жаңы этабы [18, 35-93-б.]. Бул жерде бир «түшүнбөстүк» турат, себеби «совет доору» деген чоң түшүнүк тайыздалып калган, бул доор «калыптануу жана өнүгүү» делип, үстүрт аталган. «Совет доору» кичинекей нерсе эмес да, формасы менен мазмундун биримдигинде 70-жылды баскан «доор», бул – өзүнүн ичине бир нечен этаптарды камтыган тарыхый мезгил. Автордун эки сөзү («калыптануу жана өнүгүү») ал учурдун тамчысындай эле кабыл алынат. Ушундай чаржайыт (безразмерный) бөлүштүрүүдөн «калыптануу» качан бүткөн жана «өнүгүү» качан башталганы билгисиз бойдон калган.

«Совет доорун» азыркы «эгемен доор» менен бириктирүү кайсы жагынан караба, туура эмес. Коомдук илимдердин бири дагы мындай бөлүштүрүшпөйт. Эгерде максатты «совет доорунун этабы» жана «эгемен доордун этабы» деп жалпысынан эки этапка бөлсөк, анда логикага туура келет. Хронологиянын (жылдардын) түбүндө маани болуш керек, себеби даталарды каалагандай бири-бирине туташтырган ыкма илимдин талабына жооп бербейт. Ж.Акматбекова кандидаттык диссертациясында эгемендүү доордогу медиа каражаттардын тарыхын белгилеген.

1. 1991-1996 – эгемендүү маалымат каражаттардын түзүлүшүү, мамлекеттик эмес каражаттардын пайда болушу.
2. 1996-1999 – бийлик жана маалымат каражаттардын келишпестиги.
3. 2000-2009 – маалымат каражаттар жана өлкөдөгү уруntuу саясий жагдайлар.
4. 2010-2014 – Апрель революциясы жана маалымат каражарттарындагы жаңы түзүлүш [19, 7-9-б].

Бул «мезгилдештирүүнүн» өйдөңкү бөлүмү жанагы биз талдаган Г.Ибраева менен С.Куликованын версиясына үндөш болгону көрүнүп турат, ал эми XXI кылымга тиешелүү жагы айтылган версияга эстафетадай

(уламыштай) эле берилип калыптыр, себеби «2000-2009» деп белгилеген этабында эч кандай логика жок, бул мезгилде биринчи ыңкылап болду, ажолор алмашылды, журналисттер өлтүрүлдү. Анан ушунун негизинде автор «маалымат каражаттардын өнүгүүсү өлкөнүн маанилүү факторлору менен тыгыз байланышта экендигин аныктады», - деген тыянак чыгарган. Логикалык жагы карасак, мындай «мезгилдештирүүдө» маанилүү факторлордон бир гана «Апрель революциясы» көрүнүп турат.

Ал эми «Аксы окуясы», «Март революциясы», «Ош трагедиясы» көз жаздымда калып калган. Эгер ажолордун мөөнөттөрүнө таянса, этаптар башкача бөлүштүрүлмөк, жана мааниси жоголмок эмес. Мисалга алсак, 1996-1999-жылдарды автор «бийлик менен медиа каражаттардын келишпестиги» деп мүнөздөйт, бирок так ушул нерсе (келишпестик) төрт жыл менен кантип чектелет, бул – бүтпөй турган процесс, бул  1991-жылдан бери азыркы күнгө чейин созулуп жатат жана дагы созулат, айрым учурда абдан күчөйт (А.Атамбаевдин учурунда), айрым учурда жайлайт (С.Жэннбековдун учурунда). Булардын баары ажонун мүнүзүнө, бийлик жөнүндөгү түшүнүгүнө, коомчулукка жасаган мамилесине байланыштуу болот. Мындай көрүнүш «роль личности в истории» («инсандын тарыхтагы ролу») деп аталат.

Ч.Абдиеванын кандидатттык диссертациясында маалымат каражаттары тарыхый этаптарга өлкөнү башкарган ажолордун мөөнөттөрүнө жараша бөлүштүрүлгөн. Ал эгемен доордогу маалымат каражаттарын:

1. 1991-2005 – Аскар Акаевдин доорундагы этап.
2. 2005-2010 – Курманбек Бакиевдин доорундагы этап.
3. 2011-2017 – Алмазбек Атамбаевдин доорунгады этап.

Андан кийин төртүнчү этаптын башталышын 2017-жыл деп белгилептир. Ооба, чындыгында эле, ушул жылы башталып, үч жылдан кийин аяктаган. Этаптар ушинтип улана берет. Мындай логикада негиз бар, себеби ар бир ажого карата тарыхый кырдаал өзгөрүлөт. Сооронбай Жээнбековдун этабы 2020-жылы бүттү, демек, ошол учурда төртүнчү этаптын мезгили да

калыптанылган (2017-жылдан 2020-жылга чейин деп). Эң кыска этап ушул – 3-жылдык этап. Кийинки этап бешинчи ажонун мөөнөтүнө карай (5-этап деп) уланды. Азыр мунун мөөнөтү бүтө элек – бүткөндө мезгилдин калыбына сынынан өткөрүлөт.

Мезгилдештирүүнүн тартиби жалпы айтылган абстракттуу жана кандайдыр бир тарыхый шарттарга негизделбеген ойлорго таянбайт, себеби мындай ойлордо конкреттүү маани болбойт. Булардын баары – автордун кыялына жана анын жеке сезимине жараша пайда болгон ой. Этаптар болсо сезимге баш ийбейт, тарыхый фактыларга, орчундуу окуяларга жана бийликтин өзгөрүшүнө (мөөнөтүнө) таянат. Бул– мыйзам ченемдүү көрүнүш.

Эми дагы бир нерсени тактайлы. Өлкөдө басма сөз тармагы эгемен доорунун башталышынан бери эки тараптуу болуп жатат. Бул тараптар бири бирине карама-каршы – бир жагында мамлекеттик эмес гезиттер (борбордук жана региондук), экинчи жагында мамлекеттик эмес гезиттер. Бир тарап бийликтин (өкүм сүрүп турган ажонун) буйруктарын аткарат, экинчи тарап учурдагы бийликке (ажонун өзүнө, анын командасына, анын «Арзыматтарына» сын айтат. Эки тараптын ортосуна кыпчылган гезиттер да пайда болот. Негизи, бийликке келээрде ажо ушул тармакты өзгөртөм деп айтат, бирок такка отургандан кийин бул тармакты реформалоого барбайт, себеби өзүнө көз каранды медиа каражаттарды тизгинден бошоткусу келбейт (куралсыз калам деп чочулайт). Пропаганда менен агитациянын куралынан (гезит, радио, телеканал) ажо кол үзгүсү келбейт.

Медиа каражаттарына мындай мамиле – «совет доорунан» калган «мурас». Мамлекеттик медиада жалаң эле «идеология» эмес, бул жерде «тактика менен стратегия» да бар. Бийликке мамлекетчил маалымат каражаттары зарыл экендигин ажолор бат эле түшүнүп, мурдагы өзгөртүү жөнүндөгү ойлорунан баш тартышат. Айрым учурларда «исключение из правил» («эрежеден тышкары») деген көрүнүш пайда болуп калат (мисалы, президент С.Жээнбековдун медиага болгон демократиялык мамилеси), бирок

бул кадам оң жагынан туура болуп, ал эми сол жагынан «аксап» турса, өлкөгө пайда бербейт, себеби «сол жак» ажону сол тарапка сүйрөп кетет. Төртүнчү ажонун тажрыйбасы муну даана көрсөттү.

Батыштагы (Америка менен Европа) маалымат каражаттары башынан эле менчикке өтүп калган. Буларда «мамлекеттик гезит, малекеттик радио менен телеканал» деген түшүнүк жок. Кыргызстанда болсо мындай көрүнүш системалык түрдө өлкөнүн бардык территориясында (борбордо, областарда жана райондордо) орун алган.

Мамлекеттик басма сөз бүгүн деле сакталып келет жатат. Медиа каражаттарын «бошотобуз» деген демилгелер бийлик тарабынан жокко чыгарылууда. Белгилеп коюучу бир кеп, компромисс катары гезиттерге эркиндик берүүнүн бир вариантынан долбоору иштелип чыккан (экинчи президенттин тушунда) – бир гезитти борбордон (Бишкектен) мамлекеттин карамагына өткөрүп, аймактардагы гезиттердин баарысын ушуга филиал катары макамын берүү (корреспонденттик пункт) керек деген сунуш жазылган.

Эгер ушул чечим аткарылганда, бул багытта кескин жылыш болмок, бирок бийлик мындай кадамга барбады. Долбоор кагаз бетинде калды. Бийликтен жем жеп көнүп калышкан жергиликтүү гезиттер эски тажрыйбасына салышып, «саботаж» аркылуу демилгени «өчүрүп» салышты.

Реформаны реалдуу түрдө жүзөгө ашыруу үчүн дүйнөнүн тажрыйбасына таянып, референдум аркылуу маселени чечсе болмок. Бирок буга бир да ажонун кудурети жетпеди, себеби жергиликтүү медиа жамаат мындай реформага жол бербейт, ал кандай прогрессивдүү демилгелерди өчүрө берет.

### 1.3.Басма сөздү изилдөөдөнүн методологиясы жана илимий методдору

А дегенде «методология» терминин маанисин тактап алалы. «Методология» термини грек тилиндеги «методос» – изилдөө, ишмердүүлүк; «логос» – окуу, теория деген сөздөрдүн курманынан турат. Демек,

«методология» бизче изилдөө жөнүндө, ишмердүүлүк тууралуу окуу, теория деген маанини туюндурат. Методология − узакка созулуучу татаал процесс, методологиясыз илимий иш жүргүзүү мүмкүн эмес. Азыркы мезгилде окумуштуулар илимдер системасындагы методологиянын үч багытын аныкташкан:

1. Теориялык жана практикалык ишмердүүлүктү уюштуруунун жана жүргүзүүнүн принциптеринин жана ыктарынын системасы.

2. Таанып-билүү ишмердүүлүгүнүн илимий методу жөнүндөгү окуу.

3. Илимде колдонулуучу бардык методдордун жыйындысы.

Жалпы илимий методологиянын колдонулушуна жараша анын төмөнкү функцияларын белгилешкен:

а) гносеологиялык;

б) прогноз түзүү;

в) кайра түзүү;

г) уюштуруу»

Жогорудагылардан көрүнгөндөй, методология − кең мааниде алганда − билимди издөөнүн системалуу жана логикалык ырааттуу методдорун формулировкалоо, теориялык жана практикалык иш-аракеттерди уюштуруунун жана куруунун ыктары менен принциптеринин системасы, ошондой эле мына ушул система жөнүндөгү окуу. Ал адам иш-аракетинин бардык түрлөрүн уюштуруу менен жөнгө салууну ишке ашырат. Бул түшүнүк иш-аракеттердин ар башка түрлөрү менен деңгээлдерине мамилеси боюнча ар түрдүү оттеноктордо колдонулат.

Жалпысынан, методология адам өз иш-аракетинде жетекчиликке алуучу принциптерди аныктайт. Анын кызматы эки жактуу: ал иш-аракетти ички уюштурулушу көз карашынан сүрөттөйт жана баа берет, ошондой эле мына

ошолордун чегинде өз иш-аракетин уюштурууда жетекчиликке алуучу нормаларды – эреже менен рекоментацияларды – иштеп чыгат.

Башкача айтканда, методология – бул илимдеги маселелерди чечүүгө арналган жана камсыздаган методдордун негизи менен системасы болгон эреженин тартиби. Журналистикага тиешелүү М.Кимдин китебинде буга аныктама берилген.

Ал: «Методология – это применение и системы логических приемов, и специальных методов исследования явлений журналисики» [Ким. М.Н. Основы творческой деятельности журналиста: Учебник для вузов. – СПб, 2011, 98.б.]. Кыргызчаласак: «логикалык ыкмалардын системасын жана атайын аныкталган методдорду журналистиканын тармактарын изилдөөдө пайдаланган аракеттерди жалпысынан методология».

Илимпоздор методологияны төрт бөлүккө бөлүшөт. Биринчиси – билүүнүн жалпы методологиясы. Экинчиси – илимий билүүнүн методдору. Үчүнчүсү – илимий жана чыгармачыл аракеттердин методологиялык негиздери. Төртүнчүсү – методологиялык принциптердин баяндамасы. Ошентип, методология – бул ыкмалардын формасы жана мазмуну жөнүндөгү билүүнүн системасы.

Методологиянын негизги милдетин окумуштуу Ф. Муминов «ыкмалардын жардамы менен изилдөөнүн процессин туура жүргүзүү» деп белгиледи [Муминов Ф.. Метод журналистики и методы деятельности журналистов: Монография. – Ташкент, 1998, 41-б.]. Дагы бир окумуштуу буга төмөндөгүдөй аныктама берген: «Ушул иштеги негизги максат – чындыкты таап, иликтеп окурманга таамай түрдө жеткирүү» [Мельник Г.С., Ким М.Н. Методы журналистики. – СПб, 2008, 5-8-б.].

Журналисттик илимдин методологиясы ар дайым кыймылда, илимдин башка тармактары менен диалектикалык байланышта, бирок эске алынуучу бир маселе көчүрүлүп алынбайт, журналистиканын өзгөчөлүгүн эске алынып, «адаптация» деген багыт орун алат. Ал илимдер менен «интеграцияга»

(ымалашууга) кирип, журналистиканын илими өзүнүн методологиясын аныктайт. Бул процесс токтобойт, ар бир доордо уланып турат. Хронология жагын алсак, журналисттик методдордун системасын түзүү алгач XX кылымдын 70-80-жылдарында башталган.

Буга чейинки журналистиканын теориясында, мисалы, публицистикадагы негизги методу боюнча бир калыпка түшкөн пикир жок эле. Ушул маселени В. Дорохов «публицистический метод» деген тушүнүккө байланыштуу деталдарды тактап чыккан. «В журналистике истина – не завершающий этап творческого процесса, а необходимое условие эффективного воздействия на аудиторию, важнейший и принципиальный момент в отношениях между журналистикой и сознанием масс» [Горохов В.М. Слагаемые мастерства (особенности журналистского творчества). – М., 1982, 54-б.].

Бирок автор ушуну (журналист менен аудиториянын ортосундагы процессти) негедир «истина» (чындык) деген түшүнүккө карама-каршы коет, себеби автордун пикири боюнча, акыркы чек катары журналисттин чыгармачылыгында негедир «чындыкты издөө» (поиск истины) эмес, «маалыматка муктаждык» басымдуулук кылып жатат.

Бул көз караштан алганда, «чындыктын» кереги жок, бир гана «маалымат» керек болот. Автор позициясын минтип жыйынтыктаган – «процесс поиска истины больше связан не с творческой, а с познавательной деятельностью человека» [Горохов В.М. Аталган китеп, 54-72-б.].

Ооба, журналистикага «аудитория» өтө маанилүү, бирок «чындыкты» четке калтыруу болбойт, себеби маалымат бурмаланып кетет да, анан бул жерде «маалымат» фактыларды «тебелеп» кетиши да мүмкүн. Изилдөө жүргүзгөндө так ушул жагын эске алып, «жашоонун чындыгы» («правда жизни») аттап кетүүгө жол берилбеши керек.

Эми методдордун түрлөрүнө көңүл буралы. Жалпы илимде «анализ, синтез, анкета алуу, интервью алуу, салыштыруу, жалпылоо, индукция,

дедукция, эксперимент, аналогия, диалектика», компративистика жана да башка илимдер аталып жана колдонулуп келет. Журналистика илимине карата алып, кыргыз тили менен берсек, анда мындай тизме колдонулат – «маек, байкоо, талдоо, иликтөө, сурамжылоо, тергөө, ылдамдык, ыкчамдык, түз берүү жана башкалар». Журналистиканын ар бир бөлүктөрүнө жараша изилдөө жүргүзүлөт, ушуга байланыштуу ар бир изилдөөгө жана медианын түрүнө (пресса, ТВ, радио) ылайык келген методология пайдаланат.

Дагы бир эске ала турган жагдай, журналистикадагы методологияны изилдеген илимпоздор, журналисттик чыгармачылыкка байланыштуу беш багытты белгилешет: В.Гороховдун экинчи китебиндн ошол методдорунун багыттары берилди [Горохов В.М. Основы журналистского мастерства. – Москва, 1988, 42-б.].

Философиялык багыт (диалектикалык методология).

1. Жалпы методдор (масс-медиянын социалдык функциясына жараша).

2. Атайын методдор (социологиялык сурамжылоо, психологиялык байкоо, экономикалык анализ жана башкалар).

3. Дисциплиналар аралык методдор (илимий методдорду көркөм чагылдыруунун ыкмалары менен синтездөө).

4. Чыгармачылык ыкма (проблемалык жагдайга, чыгармада орун алган ой-толгоого жана аудиториянын спецификасына байлануштуу).

Эми журналисттин ишиндеги методдорго көңүл бөлөлү. Эң алгачкы маалыматты чогултуу методу – бул методдун эки түрү бар. Биринчиси, эмпирикалык (тажрыйба аркылуу кырдаалды иликтө) ыкма: байкоо, интервью, маектешүү жана эксперимент аркылуу. Экинчиси, эмпирико-теориялык ыкма – документтер менен иштөо, анкета түзүү, сурамжылоо, интернеттеги булактарды колдонуу. Буга кошумча дагы фиксация кылуу, маалыматты чогултуп, аны иликтөө методу бар.

Азыркы учурда журналистикага компьютердик системасынын коммуникациясы өнүктү – сервистер менен программалар жыл сайын көбөйүүдө. «Мультимедиялык методдор» деген жаңы түшүнүк пайда болду. Эксперттер мунун 5 функциясын аныкташты.

1) маалыматты эффективдүү чогултуу (материалды даярдоо үчүн);

2) уюштуруу функциясы (медиялык өндүрүштүн чыгымын азайтуу);

3) медиапродукцияны сапаттоо (мультимедиялык шайман менен);

4) медияпродукцияны жеткирүү (ар кандай ыкмалар менен);

5) автор менен редакторду сапаттуу байланыш менен камсыздоо.

[Коломеец К. Практикум: создание своего СМИ в Интернете // Журналистика и конвергенция: почему и как традиционные СМИ превращаются в мультимедийные / под ред. А.Качкаевой. – Москва, 2010, 56-б.].

Аталган ыкмалардын таржымалы журналистиканын методологиясын

Иликтеген эмгектерде так көрсөтүлгөн [Основы журналистской деятельности: учебник для академического бакалавриата / под ред. С.Г.Корконосенко. – Москва, 2015, 91-120-б.]. Төмөнкүлөрдү кошумчаласык болот. Мисалы, соцтармактарда маалымат азыр синтезделген тартипте берилип жатат – журналисттердин макаласына окурмандар пикирин жазышат (муну интернет-комментарий дешет). Дагы «блогосфера» деген көрүнүш пайда болду – мында интернет аркылуу эки нерсе бир эле жерден чогулуп атат (маалымат жана аудитория).

Теориялык методдордун курамына дагы эки ыкма кошууга болот: бири формалдуу түрдөгү логикалык метод (формально-логический метод) жана мазмундук түрдөгү логикалык метод (содержательно-логический метод). [Тертычный А.А. Жанры периодической печати: Учебное пособие. – Москва, 2000, 40-42-б.].

Журналистикада дагы «чыгармачылык метод» деген түшүнүк бар («художественный метод»), муну журналист адабиятчыдан өзгөчө колдонуш

керек, себеби бул ыкма аркылуу ал көркөм элести жаратпайт, ал публицистикалык элестерди жаратат. Ушуну аркылуу «публицистика» деп аталган жанр журналистика менен көркөм адабияттын ортосуна өзүнчө бир «көпүрө» болуп берет. Изилдөөдө ушундай учурларды эске алыш керек.

Парижде «Всемирная газетная ассоциация» деген эл аралык уюм бар, ушунун изилдөө бөлүмүн Татьяна Репкова башкарат. 2002-жылы анын эмгеги англис тилинен орус тилине которулган. Көлөмдүү жана фундаменталдуу эмгек [Репкова Т. Новое время: Как создать профессиональную газету в демократическом обществе. – Киев, 2002. 468-б.]. 2012-жылы китеп кыргыз тилинде чыкты – [Репкова Т. Жаңы мезгил: Демократиялык коомдо профессионал гезит кандайча түзүүлүшү керек. –Бишкек, 2012. – 372 б.]. Бул илимий изилдөө түздөн-түз прессанын теориясына арналган.

Автор пресса боюнча концпциясынын 7 түрүн аныктаган.

1. Советтик коммунистик концепия (мында бийлик маалыматты контролдойт, жана айрым учурларда аны өзү да маалымат таратат).
2. Авторитардык концепция (пресса күчтүү бийликтин алдында калат, цензура киргизилет, журналисттер кысымга алынат).
3. Либертариандык концепция (мында коом маалыматты эркин түрдө рыноктун алкагында алат, бийликтен кысым болбойт).
4. Социалдык жоопкерчиликтин концепциясы (пресса коом алдында жоопкечиликтүү милдетти аткарат).
5. Революциялык концепция (буга мисал советтик «Правда» гезити, дагы мисал – тоталитардык режимде жашыруун түрдө иштеген гезиттер).
6. Өнүктүрүү концепция (пресса улуттук сезимди калыптандырган жана экономикалык өнүгүүнү колдогон курал катары иштейт).
7. Демократиялык-социалисттик концепция (плюрализмди сактаган,

бирок бийлик кийлигишүүсүнө баш ийген гезиттер).

Т.Репкова жалпысынан мүнөздөмөнү туура берген, ошентсе да күмөндүү жерлери да бар. Мисалы, акыркы концепцияны «электрондук массалык маалымат каражаттарында колдонулат жана мамлекеттин менчигинде турат» дейт [Репкова Т. Аталган китеп, 2-3 б.]. Тактай турган жери – бизде бул концепция  басма сөзгө абдан эле байланыштуу, себеби мамлекеттин кол астында турган гезиттер мамлекеттик электрондук каражаттардан (телеканал менен радио) сан жагынан алда канча көбүүрөк. Дагы бир белгилей турган нерсе. «Советтик коммунисттик концепция» дегенди автор Москвадан чыккан бир эмгектен алган [Курилов И.В., Шинкаренко В.В. Планирование информации в прессе. – М., 2076, 98-б.].

Кыргыз илимпозу Бакыт Орунбеков өзүнүн китебинде Репкованын ушул концепциясын келтирет да, «Революциялык концепция» четке кагат [Орунбеков Б. Журналстика негиздери: Жогорку жайларга окуу китеп. – Бишкек, 2015, 30-31 б. ]. Бул  жердеги логика түшүнүксүз, себеби так ушул концепция XX кылымды бүтүндөй ээлеген. Эмнеси жакпай калды – «Правда» гезиттин тарыхы бы, же тоталитардык режимде иштеген гезиттерби (мындай гезиттер азыр деле чыгып жатат). Илимпоз, Б.Орунбековдун Журналистика негиздери китебинде да теория боюнча так тамаай берилген.

**Биринчи бөлүмгө тыянак**

Кыргызстанда гезиттер Октябрь революциясынан (1917-жылдан) кийин пайда болду. Биринчи гезит «Эркин Тоо» деп аталып, 1924-жылы жарыкка чыккан. Бул жалпы өлкөгө таандык басма сөз каражаты болгон. Андан  кийин 1930-жылы Ош шаарынан «Кызыл пахтачы» деген гезит чыкты. Ушуга удаа Жалал-Абаддын гезити уюштурулду [20, 277-б.]. 1933-жылы  Алай районунда «Күжүрмөн эмгек», Баткен районунда «Кызыл Туу» деген гезиттер жарык көргөн. 1934-жылы Өзгөндө «Октябрь Туусу», 1935-жылы

Араванда «Достук», 1936-жылы Лейлекте «Алга», 1938-жылы Оштон кыргыз тилинде «Ленин жолу» жана орус тилинде «Ленинский путь» деген гезиттер чыккан. Ошол эле жылы Ала-Бука районунда «Эмгек даңкы» чыга баштады. Түштүк регионундагы отузунчу жылдардагы алгачкы гезиттер – ушулар. Калган райондогу гезиттер согуштан кийин гана жарык көргөн. 1964-жылы Кара-Суда «Эмгек майданы», 1965-жылы Сузакта «Пахтачы» [20, 278-б.]. гезиттери чыккан.

Журналистика боюнча жазылган эмгектерде аймактык гезиттер өз алдынча иликтөөгө алынган эмес, ошондон улам бир топ маанилүү факктылар көз жаздымда калган. Мисалы, Пржевальск шаарында (ал кезде Ыссык-Көл уездинин борбору болгон) 1918-жылы «Голос пролетариата», 1920-жылы «Призыв к труду», 1922-жылы «Красная правда» деген регоналдык гезиттер жаралган (орус тилинде).1930-жылы «Жаңы айыл» деп аталган кыргыз гезити да чыккан [20, 276-277 б]. Мына ушул гезиттер изилдөөнүн регионалдык басма сөз деген бөлүмүн түзөт. Демек. Аймактык гезиттерди изилдөө илимий изилдөө ишин жүргүзүү – азыркы учурдун талабы.

Кыргыз журналистиканын энциклопедиясында (2017-жылы чыккан) маалымат бир гана республикалык масштабдагы гезиттер менен чектелген. Басма сөзгө арналган жеринде «1926-жылы республикада үч эле гезит чыккан» деп жазылып турат [21, 80-б.]. Фактыларга таянсак, ал кезде үчтөн көп гезит чыккан. Башкача айтканда, энциклопедияда регионалдык басма сөзгө көңүл бурулбаптыр. Регионалдык статустан тышкары дагы ведомстволук басма сөз дегени да бар. Ушул тармак такыр эле көмүскөдө калды, себеби илимий эмгектерге, окуу китептерде жергиликтүү маалыматтар, булактар берилген эмес. Чындыгында, эң алгачкы ведомстволук гезиттер түштүк аймагында пайда болгон. Мисалы, «Нефтяник Киргизии» (Кочкор-Ата, 1955) жана «Текстильщик» (Ош, 1956) деген ведомстволук гезиттер орус тилинде чыккан [22, 395-б.].

1937-жылы Кыргызстанда 5 республикалык жана 38 райондук гезиттер чыгып турган. Бир жылдан кийин буларга 3 «Ленин жолу» (Ош), «Нарын правдасы» (Нарын), «Ысcык-Көл правдасы» (Пржевальск) деген областтык гезиттер кошулган [23, 392 б].

Түштүк регионундагы басма сөздүн тарыхында эң салмактуу орунду азыр «Ош жаңырыгы» областтык гезит ээлейт. Бул а адагенде «Кыргызстан большевиги» анан «Ленин жолу» деп 1938-жылы чыга башталган. 80 жылдык юбилейин өткөрдү. Ооба, мунун баарысы совет доорунда орун алган, демек жанагы биз талдаган журналистиканын тарыхында бир салмактуу этаптын бирин түзөт. Ошондой эле бул тармак (регионалдык гезиттер) өзүнчө бир илимий изилдөөгө муктаж (XX кылымдагы кыргыздын журналистикасы деген теманын алкагында), ошондой эле салыштырма түрдөгү (компаративистиканын ыкмалары менен) изилдей турган илимий ишке маанилүү материал да болуп бере, алат.

Илимде бир универсалдуу ыкма бар, бул – «сравнительно – исторический метод» (кыргызча «салыштырма-тарыхый ыкма»). Фактылар менен көрүнүштөрдүн жалпы (окшоштук) жана айырмалуу (өзгөчүлүк) жактарын көрсөтөт. Мисалы, мамлекеттик басма сөз менен мамлекеттик эмес басма  сөздүн тирешүүсү аймактарда борборго караганда анчалык курч эмес, себеби мамлекеттик эмес тарап (массалык маалымат каражаттар) региондо сан жагынан аз. Ар бир областа көрүнүш – ушундай, бул мыйзам ченемдүү көрүнүш. Түштүк жакта (түндүк жагынан айрмаланып) экстремалдуу учурлар орун алган (Ош-1990, Баткен-1999, Аксы-2022, Ош-2010). Эми ушуга көңүл бөлөлү. Бул – изилдөөбүздүн негизги максаты.

## II БӨЛҮМ

## ТҮШТҮК РЕГИОНУНДАГЫ МЕДИА КАРАЖАТТАРДЫН БАГЫТТАРЫ ЖАНА ӨЗГӨЧӨ УЧУРЛАРДАГЫ ТАРЖЫМАЛЫ

### 2.1. Ош, Баткен жана Жалал-Абад аймактарындагы басма сөз, анын өзгөчөлүктөрү

Журналистиканы изилдеген илимий тарыхты, коомду, жашоону, доордун өнгүү процессин чагылдырган маалымат каражаттарын системалуу түрдө анализдейт. Профессор М.Ким өз эмгегинде ушундай ыкмада иликтөө жүргүзгөн [24, 98-105-б.]. Ал изилдөөнүн ыкмаларын – анализ, синтез эксперимент жана башкалар деп мүнөздөмө берген [25, 94-б.]. Ал эми жогоруда биз мисал келтирген Ф.Муминовдун монографиясында журналистикада колдонгон методдорду «социально-психологические, социологические, социально-экономические» деп атаган [26, 42-б.]. «Саясий журналистика» боюнча өзгөчө орунда турган илимий эмгектер да жазылган [27, 15-б.].

Эми гезиттердин негизги багыттарын белгилейли. Мисалы, Америкадагы профсоюздардын гезиттери, ошондой эле диний агымдардын гезиттери бар. Бизде профсоюздардын гезиттери жок, бирок исламдык диний гезит бар (христиандык диний гезит да бар), булардын нускалары көп эмес. Функциялык мааниде да гезиттерди бөлүштүрсө болот. Мисалы, Россиянын басма сөзүн профессор Е.Прохоров универсалдуу, көп профилдүү жана адисттештирилген гезиттер деп бөлүштүргөн [28, 15-б.].

Мындай бөлүштүрүү аудиторияга (чөйрөгө) жараша болот. Универсалдуу гезиттин аудиториясы – кенен, тиражы – көп. Адисттерге арналган гезит чөйрөсү чектелген чакан болот. Ушундай структурага жооп берген белгилерди илимде «типология» деген атайт, бул методду колдонуу менен изилдөө «типологиялык иликтөө» (типологический анализ) деп аталат. Типологиялык мазмунун Е.Ахмадулин төрт тепкичке бөлөт:

1. Деректик багыт (адресность)
2. Топтордун талабы (аудитория)
3. Тематикалык проблемар (мазмун)
4. Социалдык өзгөчөлүктөр (функция)

Типологияны иликтеген эксперттер буга гезиттин ээсин да кошушат (учредителди), бирок бул анчалык маанилүү эмес, себеби азыркы учурда гезиттердин артында же бийлик, же олигарх турат. Бизде ведомстволордун да гезиттери бар (билим берүү министирлиги, салык инспекция, чек ара кызматы, ички иштер министирлиги, прокуратуранын басма сөзү), бирок булар чектелген гана чөйрөгө тарайт, массалык аудиторияга чыкпайт [29, 296-297-б.]. Сатууга да берилбейт, ич ара гана таратылат.

Гезиттерди иликтөөдө негизги үч нерсени аныктап алуу керек. Биринчи – мазмунун (содержание), экинчи байланыштарын (связи), үчүнчү кызматтарын (функции). Кызматтарына гезиттин бийлик менен болгон мамилеси кирет (жакынбы, алыспы, нейтралдуубу), ошондой эле саясий күчтөр менен болгон мамилеси (көз карандуубу же көз карансызбы) эске алынат. Системаны иликтегенде социалдык топтор жана коомдук бирикме, эл аралык уюмдар, жарандык демилгелер да каралат. Структураны иликтегенде объектилердин ичиндеги кыймылдар (динамика) изилденет. Буга кошумча мониторингтердин жыйынтыктары каралат жана коомдук комиссиялардын отчёттору да каралат. Иликтөөдөгү бир орчундуу нерсе – бул журналисттерге коюлган доо арыздар менен ошол соттор чыгарган чечимдер.

Бийликтин түзүлүшүн да эске алышыбыз керек. Негизи, бийликтин эки түрү бар: «вертикалдуу» бийлик жана «горизонталдуу» бийлик. Биринчиси – бул тоталитардык мамлекет, бир жеке адамдын (президенттин) диктатурасы. Мындай өлкөдө журналистика «инструмент (курал) катары иштегенге мажбур болот. Сөз эркиндикке, сын айтууга жол берилбейт. Гезиттер бийликтин пропагандалык каражатын айланып калышат. Мындай бийликтин абсолюттук түрү, мисалы Түркмөнстанда. Бийликтин дагы бир абсольюттук түрү, мисалы,

Азербайжанда, бийлик атадан балага өтүп, учурда күйөөсү – президент, жубайы вице-президент.

«Горизонталдуу» бийликтин түзүлүшү – башка, себеби өлкөдөгү бийликтин мазмуну – башка. Бул бийликте коомдун жашоосу демократиялык негиздерге таянат, бул жерде журналистика бийлик менен жарандын ортосуна туруп, эки тараптын кызыкчылыгын бирдей чагылдырат (баланс кылат). Борбор Азияда мындай түрдөгү басма сөздүн үлгүсү Кыргызстанда орун алды. Бул жерде ажонун мөөнөтү чектелген. Мындай бийлик – бир гана бизде.

Жогорудагылардын негизинде гезиттердин өнүгүү процессине объективдүү баа берешибиз керек. Административдик ресурстар менен басма сөздүн аракеттери бири-бирине каршы болот, – бул мыйзам ченемдүү көрүнүш. Бийлик менен басма сөздүн ортосунда тирешүү болуп туруш керек, бул өлкөнү алдыга жылдырат жана бул – прогресстин көрсөткүчү. Шайлоо болгон учурда медиа каражаттар алдыңкы орунга чыгып, саясий майданда өлкөнүн тагдырын чече турган күчкө айланат. Өткөн кылымда (XX кылымда) ушундай күчтүн негизги тамырын гезиттер түзгөн. Деталдуу иликтенген процесс мониторингдердин отчётторунда чагылдырылган. Тирешүү менен кагышууларды иликтеш үчүн «диалектика методу» колдонулат. Бул бир бүтүн процесстин эки тарабынын бирдигин жана ошол эле учурда бирикпестигин көрсөтөт («диалектика» деген термин ушуну билдирет). Илимде бул «единство и борьба противоположностей» («карама-каршылыктардын биримдиги жана күрөшү») деп аталат [30, 63-65-б.].

Эки тараптуулук келишпестикке шарт түзөт, бул – тээ мурдатан эле келе жаткан көрүнүш. Коомдогу бири-бирине каршы турган кыймылдар басма сөздүн көп түрлөрүн жараткан. Мисалы, монархиялык тартипти даназалаган гезиттер, социалисттик принциптерди жактаган, коммунисттик түзлүштөрдү колдогон гезиттер, улутчулдуктун кудугун казып, улутчулдук (националисттик) багытка бет алган гезиттер да бар.

Бул жөнүндө В.Ворошилов өз эмгегинде кеңири маалымат берген[31, 32-43-б.].Коомдун ичинде журналисттер ортомчулук милдетти аткарып, бийлик менен жарандардын ортосуна көпүрөлүк кызмат аткарышкан. Орчундуу маселелерди ортого салып, мезгилдин талабына жараша талкууну башташат. Ал талкуу өлкөдөгү аймактын чегинде, конкреттүү жерде өтөт. Башкача айтканда, географиянын фактор да орун алат. Бул дагы типологиялык системанын курамына кирет. Мунун деталдуу жактарын аныктаган эмгектер бар [32, 84-90-б.].

Диссертациядагы классификациялоо ушунун негизинде аткарылды. Журналистиканын этаптары ажолордун мезгилине байланыш болгону типологиялык методдун ыкмасы колдонулгандыгында. Биринчи ажо А.Акаев 15 жыл башкарды, мунун  башталышы прогрессивдүү (алдынкы)  болгон, бирок үч жылдан кийин ал кескин түрдө өзгөрүп, «регресс» (артка жылуу) башталган, аягы ыңкылап менен бүттү. А.Акаев өлкөдөн качты (качкын ажонун  катары  биринчиси болду).

Экинчи ажо болуп келген К.Бакиев деле башында прогрессивдүү баштаган (башталыш дайыма ушундай), ал да системаны өзгөртүүгө умтулду, бирок 2 жылдан кийин эски жолго түшүп, аягын ыңкылып менен бүттү, бул да чет өлкөгө качып кетти. Ордуна келген А.Атамбаев 6 жыл жетектеди, үч жылдан кийин бул дагы «регресстин» жолуна түшүп, өзү айткан «үңкүрдөгү ажыдаарга» айланып, бүгүнкү күндө да абакта жатат (абакка түшкөн ажонун биринчиси болду).

Төртүнчү ажо болсо С.Жээнбеков үч жылдан кийин (парламенттик шайлоонун чырдуу жыйынтыгы чыккандан кийин) өз ыктыяры менен бийликти өткөрүп берүүгө мажбур болуп, экс-президент деген макамды алып, эс алууда (өз ыктыяры менен кеткен ажонун биринчиси болду).

Ар бир президент өлкөнүн медиа тармагына таасирин тийгизди, бул процессте башталышы, өнүгүүсү, кульминациясы жана финалы да өз алдынча болду. Ар биринин өзүнө таандык спецификасы калыптанган. Окшоштук

жагы болсо бир нуктан чыкты – бул медиа каражаттарды тизгиндейм, – деген аракет. Так ушул аракет салттуу эстафетага айланды. Ушул жагынан медиа системасындагы жалпы окшоштуктун контекстиндеги индивидуалдуу айырмачылыкты чагылдырыш үчүн компаративистикалык (салыштырманын) ыкма колдонулду. Салыштырууун белгилүү бир түрлөрү бар: бул тышкы, ички, улуттук, регионалдык, эл аралык жана персоналдык элементтерге байланыштуу. Ар бир тарыхый доордун, кырдаалдын жана учурдун белгиси болот, бул – мезгилдин талабына ылайык нерсе. Журналистика көр оокатык жашоого (текущая жизнь) тыгыз байланышта болот. Көркөм адабият «эпохалдуу жана элестүү» болсо, журналистика «хроникалдуу жана деталдуу» болот. Журналистика менен адабияттын ортосундагы негизги айырма – так ушунда.

Дагы бир көңүл буруучу маселе, бул – «териштирүү журналистикасы» (расследовательская журналистика). Ушуга арналып бир топ илимий эмгектер жана окуу куралдары жазылган. Мисалы, А.Тертычныйдын «Расследовательская журналистика» деген китебин атасак болот [33, 25-б.]. Ушул багыттагы басма сөздүн иш-аракеттери классикалык үлгү катары дүйнөгө белгилүү болду. Буга байланыштуу «гейт» («арам оюн» маанидеги сөз) деген түшүнүк жаралды – «Уотер-гейт», «Моника-гейт». Бизде да «Бажа-гейт» деген нерсе Атамбаевдин учурунда орун алган (премьер-министр М.Абылгазиевдин кадр саясытын сындаган макалалар жазылган).

«Гейт» деген сөз коомго зыян тийгизген көрүнүш катары түшүнүлөт. Кум-төр проблемасына карата бизде жазылган сын макалалар «Кум-Төр гейт» деген аталышты жаратты. Азиз Батукаев, Райым Матраимов жөнүндөгү макалалар, Кой-Таш окуясы боюнча репортаждар жана ушул сыяктуу фактыларды иликтеген материалдар «журналисттик иликтөөнү» (талдоонун) мазмунун түзөт.

Түштүк регионду алсак, бул жерде орун алган окуялар да (Ош-1990, Баткен-1999, Аксы-2002, Ош-2010) медиа каражаттардын иликтөөсүнөн өткөн. Диссертацияда муну өз алдынча жана деталдуу түрдө карадык.

Иликтөөнүн технологиясы боюнча Джон Уимен деген америкалык автордун эмгеги бар, орус тилине которулган, ушул китепте иликтөөнү эмнеден баштап, кандай ыкмалар менен натыйжага жеткирүүнүн жолдору көрсөтүлгөн [34, 76-б.]. Иликтөө ишинде терс жагынан (бурмаланып) жасалган аракеттер болот, мындайды «фейк» деп аташат. Башкача айтканда, бул – фальсификация, атайын айтылган калп, муну эксперттер «медиаманупулирование» деп аташат. Ушуга байланыштуу «информациялык согуш» деген да түшүнүк бар, бул – «информациялык тирешүүнүн» негативдүү формасы, себеби сөз эркиндиги жана акыйкат үчүн майданга чыккан ак ниеттүү аракетти эмес, тескерисинче, өлкөнүн тагдырына балта чапкан; чындыктын тамырын кыйган арамдык иштер. Бул бийликтин (байлыктын) кол астында күн сүргөн журналисттер аркылуу жасалат. Ушул маселенин чоо-жайын ачкан эмгек жазылган, анын автору – политилог Валерий Соловей [35, 18-65-б.].

Басма сөздөгү иликтөөнүн ыкмасы (муну «териштүүрү» деп атасак да болот – «расследование») Бул 19-кылымдын 80-жылдарында Нью-Йорктон чыккан «Сан» деген гезиттен башталган. Ушул гезитте иштеген репортер Джейкоб Риис журналистикага жаңы багытты киргизип, аны «макрейкер» деп атаган, мааниси «кык менен тырмооч» (навоз и грабли). Ушундан улам иликтөөчү авторду «разгребатель грязи» деп атап калышты [36, 22-23-б.]. «Макрекер» деген сөздү 1906-жылы президент Теодор Рузвельт трибунадан айткан, муну «Колльерс» журналы заголовока катары бергенден кийин, кеңири тарап кетти. Ушул сөз менен коррупциянын бетин ачкан авторду атай башташкан [37, 23-б.].

Биздин өлкөдө да мындай ишти (коррупцияга каршы ишти) эркин гезиттердин калемгерлери А.Акаевдин бийлигинин алгачкы мезгилинен эле

башташкан. Тактап айтсак, Бишкектен чыккан «Республика» (орус тилинде) жана «Асаба» (кыргыз тилинде) гезиттери баштаган. Бул агымды курч формада уланткан парламенттик «Свободные горы» деген гезит 1994-жылы Акаевдин сынынан кийин сот аркылуу жабылган.

Журналистиканын кыймылын (динамикасын) иликтөөгө тарыхый-салыштырма ыкма керек. Муну менен биринчи жолу көркөм адабиятты изилдеп, илимдин тармагына киргизишкен. Бул тармакта эки илимпоздун ысымдары – дүйнөгө маалым, алар – компаративистика системасын түзгөн Александр Дима менен Диониз Дюришин [38, 41-б.].

Кыргызстандын түштүк регионундагы басма сөздүн материалдары (буга эгемен доордун биринчи чейреги алынды) ушундай методологиянын негизинде изилденди. Ар бир журналист өзүнө таандык ыкмаларды колдонот, себеби анын калеми индивидуалдык белгиге ээ болбосо, анда окурманды кызыктырбайт. Изилдөөдө ушул нерсе да эске алынып, «текстуалдык метод» аркылуу иликтенди. Эми түштүк региондогу үч областтын гезиттерин ар бирин өз алдынча карап, талдап чыгалы.

**Ош областындагы гезиттер**

Бул жактан этникалык (улуттук) маселе өтө курч болгонуна байланыштуу (1990-жылы Ош коогалаңы, 2010-жылы кайталанышы) гезиттердин тарыхы өзгөчөлүүрөөк. Иликтөөдө ушул эске алынып, экстремалдуу учурлардын алкагында каралды (муну кийинки бөлүмдө айтабыз). Эми бул областын борборунда жана райондорунда жарык көргөн прессаны көздөн өткөрөлү. Областтык администрациянын кол алдында турган мамлекеттик гезиттер үч тилде чыгат – «Ош жаңырыгы», «Эхо Оша» жана «Уш содоси».

«Ош жаңырыгы» кыргыз тилинде чыгат. 1938-жылы 14-октябрда негизделген, а адегенде «Кыргызстан большевиги» деп аталын, латын тамгасы менен басылган, анан кириллицага (орус тамгага) өткөндө «Ленин жолу» деп аталган (1940-жылы). Эгемендүүлүктөн баштап азыркы «Ош жаңырыгы»

аталышта. 2015-жылды мисалга алсак, жумасына бир жолу 8-беттен (гезиттин бетин «полоса» дешет) чыккан, нускасы (тиражы) 2600 (эки миң алты жүз), форматы А-3. Гезиттин ээси Ош областык мамлекеттик администрациясы [39, 6-б.]. Бул гезитте, албетте, бийликке эч кандай сын айтылбайт, бул мүмкүн эмес, себеби редактордун тагдыры губернатордун колунда. Областтагы окуялар бир беткей (позитивдүү) чагылдырылат, жаңылыктар «калыпка» салынып берилет. Көйгөйлүү маселелерге да көңүл бурулат, бирок жетишкендиктер басымдуу орунду ээлейт. Тираждын эң көп нускасы 1991-жылы таандык, 90 миң экземплярга жеткен.

Аталган гезитте өлкөгө белгилүү акын-жазуучулар Жолон Мамытов, Карымшак Ташбаев, Шабданбай Абдыраманов иштешкен. Сын айтылган материал деле бар, бирок бул бийлик тарапты коргогон жана бийликтин багыты аркылуу айтылган сын, мында, негизинен, оппозиция тарап сынга алынат.

Эгемендикке жетишкенден кийин (1991-жылы, 31-августа өлкө эгемендикке ээ болду) совет доорундагы бийликтин гезити «Ош жаңырыгы» деп аталды (1992-жылы) проблемалуу маселелер да чагылдыра башталды. Анткени цензура жоюлуп, басма сөздө демократиянын принциптери орун алган. Гезитте «Талкуруга чакырабыз», «Сыр төгүү», «Силер кандай дейсиңер» деген рубрикалар орун алган. Бул гезит областтагы окумал гезитке айланды. Штатында 15 кызматкер бекитилиди (совет доорунда 70 адам иштеген). Бирок (Акаевдин бийлиги авторитардык жолго бурулганда), гезиттин мазмуну өзгөрүлүп, бийликке кызмат кыла баштаган. Анткени гезит мамлекеттин бюджетинен каржыланган.

Эми маалымат каражаттарына эки доордогу абалын салыштырып көрөлү. Совет доорунда гезиттин алдынкы бетине (муну «передовица» дешет): «Сапаттуу жүн тапшырылууда», «Мол түшүмгө камылга», «Театрдагы салтанат» [40, 3-б.]. сыяктуу материалдар берилсе, эгемен доордогу гезиттердин баш макалалары: «Аскар Акаев: Мыйзамдын күчү менен алдыга

жыла берели. Кыргыз Республикасынын Президенти А.Акаевдин Жогорку Кеңештин Мыйзам чыгаруу жыйынында сүйлөгөн сөзү» [41, 5-б.]. Бул жерден көрүнгөндөй, баары мурдагыдай эле калганы байкалат.

Мамлекеттик эмес гезиттер болсо ажонун сөзүнминтип даназалабай, сын пикир аркылуу чагылдырып турушту, «арзыматчылыктын» жандалышын сынга, алышты алтын боюнча чатактын башталышын иликтешти. Ал эми «Ош жаңырыгы» гезити мамлекеттен каржылангандыктан, совет доорундагы салтты улап, бийликтин жетишкендиктерин даңазалап жатышты. Бул «салт» азыркы күнгө чейин өзгөрүлбөдү, анткени бийликтен каржыланган гезиттин бийликке сын айтуусу мүмкүн эмес. Буга ачык мисал: Мамлекеттик «Кыргыз Туусу» гезити ички иштер министри болуп дайындалган полковник У.Ниязбеков жөнүндө «Милиция элдин алдында кесипкөйлүк жана адамкерчилик жактан жогорку баага арзыш керек» деген макаланы жарыяласа[42, 6-б.], эркин гезит «Азия ньюс», «Кылмыш иши козголгон Улан Ниязбеков кантип «министр» болуп олтурат?», – деген макалага өз бетинен орун берген. Чындыгында, бул министр кызматтагы кемчиликтери үчүн мурун ээлеген кызматынан бошотулганы элге дайын болчу [43, 4-б.].

Мамлекеттик гезиттерде баш макала катары, жогоруда белгилегенибиздей, бийлик ээлеринин айткан-дегендери берилип турган. Мисалы, үч президентке карата гезиттин үч номеринин биринчи бетин карап көрөлү «Ош жаңырыгынын», 1996-жылдын 10-сентябрында чыккан санында. Алдынкы материалдын аталышы. «Аскар Акаев: Мыйзамдын күчү менен алдыга жыла берели». Кыргыз Республикасынын Президенти А.Акаевдин Жогорку Кенеште сүйлөгөн сөзү». Гезиттин эки полосасына толугу менен берилген. «Ош жаңырыгы», 2015-жылдын 14-февралында чыккан санында ажонун сүрөтү берилип, «Уюштуруу комитети түзүлдү» деген макала жарыяланган. Мында А.Атамбаев кол койгон өлкө башчыларынын кезектеги чогулушун даярдоого комитет түзүлгөндүгү чагылдырылыптыр, ушуга барабар орунду ээлеген. «Ош жаңырыгы», 2018-жылдын 14-апрелинде чыккан санында ажонун сүрөтү берилип, «Президент Сооронбай Жээнбеков Туркия

республикасында болду» деген материал жайгаштырылып, Ажонун Анкарага болгон расмий сапары кабарланган.

Областтын расмий гезити үчүн бийликти, бийлик ээлеринин айткан-дегенин баш макала катары берүү бузулбаган эрежеге айланган. Учурдагы ажонун иш-аракети деле жогорудагы эреже боюнча чагылдырылып турат. Ажолор алмашканда, сүрөттөрү алмашылат, бирок алар жөнүндө берилген материалдын мазмуну ошол эле бойдон калат. Ош областынын администрацияга каржыланып, ага баш ийген гезиттин баш макалаларына саресеп салдык. Биз Ош обласынын эң алдынкы расмий гезитин салыштырма иретинде карадык. Бул гезиттин тарыхын толук чагылдырууга өз алдынча илимий эмгек жазылышы керек. Азырынча мындай изилдөөлөр (диссертация менен монографиялар) боло элек.

Өзүбүздин изилдөөгө өтөлү. Диссертациянын максаты – региондук расмий жана расмий эмес гезиттердин негизги өзгөчөлүктөрүн жана негизги багыттарын белгилеп, алар региондо орун алган экстремалдык кырдаалдарды кандай деңгелде чагылдырганын аныктоо. Бул главада ушул маселе каралып жатат.

Региондогу (борборго салыштырсак) мамлекеттик эмес гезиттериндин саны да – аз, сапаты да – пас. Мисалы, «Ош жаңырыгындагы» 2018-жылы чыккан бир номерин карап көрөлү. Биринчи бетте эки материал жайгаштырылган: «Президент Сооронбай Жээнбеков Туркия республикасында болду» (биринчи берилген маалымат). Анын ылдый жагында «Т.Сарыбашов Кара-Кулжа районунан кабар алды». Ажо жөнүндөгү макала өйдө жагында, губернатор жөнүндөгүсү төмөнкү жакка жайгаштырып, өйдөнкү сүрөт төмөнкүдөн эки эсе чоң берилген. Бул жерде гезиттин ички тартиби сакталган, мындай жайгаштыруу мурдатан эле сакталып келген стандарт. Кийинки беттерде ошол кездеги премьер-министр болгон Сапар Исаковдун ишмердүүлүгү макталган, андан кийин жергиликтүү «насаатчы педагог» менен «ардактуу курулушчу» жөнүндө айтылыптыр, Кара-суу

районундагы бир айыл өкмөттүн иш-аракеттери баяндалып, Ош мамлекеттик университеттин жатаканасындагы жакшы иштер чагылдырылып, областтык оорукананын бир бөлүм башчысынын иши макталган. Булардн кийин майда-чүйдө кабарлар берилген. Терс көрүнүштөр көмүскөдө калып, жалаң мактоолор орун алган [44, 24-б.].

Ушул жерден региондун расмий гезиттерине «үлгү» сыяктуу бир нерсени келтирели. Бул «Ош жаңырыгы» гезитинин 2017-жылга түзүлгөн «редакциялык иш планы». Январь, февраль, март айына жазылган планы. Үч тарап камтылыптыр – бийликтин иши, экономикалык абал жана маданият майданы. Биринчисине – райондордон куш кабар, Алай районун башчысы жөнүндө материал. Экинчисине – электр энергия, райондогу медицина тармагынын абалы, ишканалар менен чарбалардын жыйынтыктары, жазга даярдык, фермерлер менен дыйкандар. Үчүнчүсүнө – «Инсан» рубрикасы, «Ырдын пири – Рыспай», «Мекенди коргоо – сыйлык», «Ааламдын жары аялдар», «Уркуянын урпактары». Бул планда көйгөйлүү маселелер жок – фермерлердин түйшүктөрү, таможнядагы чырлар, чек ардагы тирешүүлөр жана башка жергиликтүү абалга тиешлүү нерселер жок. Баарысы жайма-жай, баарысы позитив. Так ушундай план менен өлкөдөгү расмий гезиттердин баарысы аракеттерин жүргүзүшөт (бул бардык региондорго таандык).

Британиялык автор Дэвид Рэндаллдын «Универсальный журналист» деген китеби 2005-жылы кыргыз тилине которулган китебинде: «Не существует журналистики государственной или антигосударственной. Есть только хорошая или плохая журналистика» [45, 5-6-б.].

Ооба, Британияда мамлекеттик (государственная) деген гезит жок. Европа менен Америкада мындай түшүнүк жок. Буларда деле бийликтин буйруктарын так аткарган гезиттер чыгат, бирок бул көрүнүш бизге окшоп бир беткей мактоо же каралоо болбойт кайсы бир белгилүү гезит бийликти колдосо, экинчиси бийликти сындайт.«жапа «Иран-гейт» учурундагы Лондондон чыккан гезиттер айтканыбызга мисал боло алат. Ошондо бийликти

колдогон гезиттер окурмандын колдоосуна ээ болбой калышкан. Ошондуктан премьер-министр Тони Блэрдин иш-аракетин четке кагып, Иранга каршы агресивдүү үгүттө процессин токтотууга жетишишкен.

Батышта гезиттин редакторун өлкөнүн жетекчиси (премьер-министр же президент) кызматка дайындабайт жана кызматтан алалбайт. Ал эми бизде болсо тигиниси да, мунусу да бар: мамлекеттик гезиттин редакторун премьер-министр кызматка коет жана кызматтан алат. Бул – совет доорунан башталып, эгемен доордо деле ийгиликтүү улантылып келет. Буларга карама-каршы мамлекеттик эмес гезиттердин коомдогу орду жана салмагы сан менен сапат жагынан бир учурда өсүп, бир учурда «өчүп» калат.

«Эхо Оша» - бул орус тилиндеги Ош областынын гезити, 1938-жылы негизделген, биринчи номеру «Ленинский путь» деп 7-ноябрь күнү жарыкка чыкты, ошондогу тиражы 200 миң нуска болгон (азыркыга салыштырсак эбегейсиз чоң тираж, азыркы тираждар 5 миңден ашпайт). Согуштан кийинки жылдарда гезит күн сайын чыгып турган. 1991-жылдан баштап гезит «Эхо Оша» деп чыга баштаган. Гезиттин ээси – областтын мамлекеттик администрациясы. Мазмуну жагынан бул «Ош жанырыгынан» айырмаланбайт, бирок окшоштуктары «эки козудай» эмес, себеби окурмандары, алардын көз караштары – башка, ошонун талаптарына, контекстине жараша материалдар берилет.

Персоналдык (кадрлык) жактарын эске алсак, совет доорунда бул гезитте 40 жыл катары редактордун орун басары болуп иштеген Григорий Дильдяев унутулгус из калтырды. Курч материалдарды даярдап, коомго керектүү маселелерди көтөрүп, республикабыздын журналистикасына кадрлады даярдап берди. Жергиликтүү бийликтин көңүлүнө жакпаган үчүн бул инсан редакторлук кызматка көтөрүлбөдү. Дильдяевдин эки уулунун ысымдары Казахстандын медиа тармагына белгилүү – Григорий деген баласы «Казахстанская правда» деген гезитке редактор болгон, Геннадий Дильдяев Жамбыл обласынын расмий гезитин башкарган.

Азыркы учурда «Эхо Ошо» жумасына 4 полоса менен үчүнчү күнү (1500 нуска), алтынчы күнү 8 полоса менен (2000 нуска) эки жолу чыгат. Мамлекеттик гезиттердин салттуу тартиби бузулбай сакталат. Бийликке сын айтылбайт, оппозициялык инсандардын иш-аракеттерин терс (негативдүү) баа берилип чагылдырат. Мисалы, 2019-жылы чыккан гезиттин бир номерине көз чаптыралы. Басылган материалдардын аталыштарын берели. Биринчи бетте – «Медаль «Данк» послу России», «Куда пойдут штрафы безопасно-умного города», «Объявлен дембель и призыв», «О доступе кыргызских товаров на казахский рынок».

Бул бетте ажо менен Россиянын элчисинин эле сүрөтү жайгаштырылган. «Россиянын элчисине «Данк» медалы берилди», «Акылдуу шаар» дегенден түшкөн штрафтар кайда жумшалат экен», «Армиянын катарыан кайтуу жана армияга жаңы чакыруу жарыяланды», «Кыргыздын товарлары казактардын рыногуна кирүү жөнүндө». Анан алдынкы бетте бир эле сүрөт – кыргыз президенти С.Жээнбеков менен Россиянын эльчиси А.Крутько. Кийинки беттерде майда-чүйдө маалымат, туристтерге арналган макала, анан жарнамалар. Болгону –ушул [46, 3-б.].

Мына ушул учурда эл «штрафтар» жөнүндө катуу сын айтып, ошону бекиткен Өкмөт башчысын кетсин деген чакырыктар менен чыгып жатышкан. Коомчулуктун бул наарызычылыгын гезит көмүскөдө калтырып, тескерисинче, эл кыжырын кайнаткан мыйзамга колдоо көрсөтүлөт.

А.Атамбаев учурундагы гезиттин бир номерине саресеп салалы. Биринчи бетинде «Проблемы Барака: в столице и на границе» деген материал жайгаштырылган. «Барак» бул – Өзбекстандын территориясында жайгашкан кыргыздын бир айылы, мындайды «анклав» деп аташат. Буга удаа «Штраф и арест за перекрытие дороги», «Ошские депутаты утвердили бюджет города», «В честь защитника Отечества» деп аталган кабарлар берилген. Бaрактын жашоочулары оор абалга чыдабай, жолдорду бөгөп, тосушкан. Жолдор эмне себептен тосулганы жөнүндө эч бир кабар жок Калган беттерде кыска

маалыматтар, репортаж, борбордогу гезиттен «перепечатка» (кайталап бастыруу), сейсмология институнун өкүлү менен интервью. Гезиттин ортосунда телепрограммалар берилген [47, 15-б.].

«Жол тоскондорго штраф салуу жана камакка алуу», «Оштун депутаттары шаардын бюджетин бекитишти», «Мекенди коргогон жоокерлердин урматына». Жол тоскондорго карата президент А.Атамбаев кол койгон мыйзамдын беренелери жазылып, мыйзам жарандардын ары-бери жүрүшүнө пайда болгону айтылды. Жолдор эмне себептен тосулганы жөнүндө кабар жок – мындай нерселер расмий гезитте иликтенбейт. Калган беттерде кыска маалыматтар, репортаж, борбордогу гезиттен «перепечатка» (кайталап бастыруу) ал бир гезит изденүүнү талап кылат[47, 33-б.].

Орус тилиндеги расмий гезитте Россиянын тарыхына байналыштуу материалдар да чыгып турат. Мисалы, Пушкин, Белинский, Ушинский, Твардовский жөнүндө. Генерал Скобелевдин 170-жылдык юбилейине карата макала жазылган. Кыргыздын белгилүү инсандарына арналган материал да берилет. Р.Шукурбековдун 100 жылдыгына, С.Ибраимовдун ишмердигине арналган макалалар чыккан. Бул жагынан стандартуу багыт региондун тарыхына ылайык уланып турат. Михаил Скобелев орус империясынын доорунда Туркестанды башкарган, Султан Ибраимов Брежневдин доорунда Ош областын жетектеген.

Аталган гезиттин тарыхы (хронологиялык тарыхын) да өз алдынча изилдөө керек. Ош областынын үч расмий гезитин бириктирип караганга негиз бар (материал да жетиштүү) орун алган бир башкача болгон (эрежеден чыккан) нерсени белгилеп кетели. 2018-жылдын 29-декабрындагы санын карасак, бул жерде расмий гезиттердин багытына туура келбеген көрүнүш пайда болду. Алдыңкы бетине (передовицага) президент С.Жээнбековдун жаңы жылга карата куттуктоо сөзү берилди, бирок анын сүрөтү берилбеди.

Ажонун сүрөтү гезиттин экинчи бетинде турат. Мындай ыкма ажого карата прессада жасалбайт. Бул жаңы ажонун жеке мүнөзүнө жараша

болгондун белгиси – Жээнбеков президент катары бир дагы журналист менен соттошподу, сөз эркиндигине тизгин салбады, баш прокурордун укугун (ажонун атынан авторлорго каршы доо арыздарды берген укугун) жокко чыгарды). Мунун бийлиги үч жылдан ашпады, бирок массалык маалымат каражаттарына жасалган позитивдүү кадамдар менен эсте калды. Бул факт. Анан башка президенттер менен болгон айырмасы так ушунда.

Мына ушул учурда эл «штрафтар» жөнүндөгү мыйзамга катуу сын айтып, ошону бекиткен Өкмөт башчысын кетсин деген чакырыктар менен чыгып жатышкан. Коомчулуктун бул наразылыгын гезит көмүскөдө калтырып,, тескерисинче, эл кыжырын кайнаткан мыйзамга колдоо көрсөтүлөт.

А.Атамбаев учурундагы гезиттин бир номерине сересеп салалы. Биринчи бетине «Проблемы Барака: в столице и на границе» деген материал жайгаштырылган . «Барак» бул – Өзбекстандын территориясында жайгашкан кыргыздын бир айылы, мындайды «анклав» деп аташат. Буга удаа «Штраф и арест за перекрытие дороги», «Ошские депутаты утвердили бюджет города», «В честь защитника Отечества» деп аталган кабарлар берилген. Бароктын жашоочулары оор абалга чыдабай, жолдорду бөгөп, тосушкан. Жолдор эмне себептен тосулганы жөнүндө эч бир кабар жок Калган беттерде кыска маалыматтар, репортаж, борбордогу гезиттен «перепечатка» (кайталап бастыруу), сейсмология институтунун өкүлү менен интервью. Гезиттин ортосунда телепрограммалар берилген [47, 5-б.].

Орус тилиндеги расмий гезитте Россиянын тарыхына байланыштуу материалдар да берилип турат. Мисалы, Пушкин, Белинский, Ушинский, Твардовский жөнүндө. Генерал Скобелевдин 170-жылдык юбилейине карата макалалар жайгаштырылган. Кыргыздын белгилүү инсандарына арналган материалдар да берилет. Р.Шукурбековдун 100жылдыгына, С.Ибраимовдун ишмердигине арналган макалалар чыккан. Бул жагынан стандарттуу багыт региондун тарыхына ылайык уланып турат.

Аталган гезиттин тарыхын (хронологиялык тарыхын) да өз алдынча изилдөө керек. Ош областынын үч расмий гезитин бириктирип караганга негиз бар (материал да жетиштүү). «Ош аймагындагы расмий гезиттердин тарыхы» деген темада диссертациялык иш жазса болот.

**«Уш садоси»** – бул өзбек тилиндеги Ош областынын мамлекеттик гезити. Биринчи жолу 1932-жылы «Коммунист» деген аталышта чыккан, андан кийин 1938-жылы «Пахта үчүн» деп өзгөртүлгөн, 1940-жылы «Ленин йули» деп аталган. 1957-жылы гезиттин редакциясы республиканын борборуна которулуп (Фрунзе шаарына), «Кыргызстан хакикати» деген аталыш менен чыккан. 1960-жылы гезит кайра Ошко которулуп, «Ленин йули» деген мурунку аталышын алган.  Бул – совет доорундагы окуялар.

1992-жылдын  октябрь айынан «Уш садоси» деген ат менен ушул күнгө чейин чыгып келе жатат. 2010-жылдагы Оштогу кандуу кагылыштан кийин гезиттин редактору Махамадсоли Исмаилов жараңга кол салды деген күнөө менен милиция тарабынан камакка алынып, кылмыш иши козголгон. Бүгүнкү күнү гезиттин баш редактору − Сохиба Шакирова. Ал  журналисттерге берген интервьюсунда: «Окурман алдында жүзүбүздү мурдагыдай жашырбай калдык. Гезитибиз ойдогудай басылып, мамлекеттик маанилүү иштерди элге тез арада жеткирүүгө, маалыматтарды бурмалабай чагылдырууга мындан ары карай да аракет кыла беребиз. Айрыкча, улуттар ортосунда көпүрөлүк милдетти жүзөгө ашырууга көңүл бурабыз» [48, 6-б.].

Мамлекеттик статуста Ош областында өзбекче эки гезит чыгат – областтын расмий гезити «Уш Садоси» жана шаардык кеңештин гезити «Уш окшоми». Ош шаарынын расмий гезити үч тилде  – кыргыз, орус, өзбек тилдеринде чыгат..

Өзбек тилинде гезиттер бир гана түштүк региондо  чыгат: Ош менен Жалал-Абад областтарында. Булардын таржымалын ушул региондо болгон экстремалдык учурлардын контекстинде караш керек, себеби «сепаратисттер»

так ушул гезиттерди колго алып, пропагандалык курал катары пайдаланышкан.

**«Ош шамы»** (мэриянын гезити) − бул 1991-жылдын 1-февралынан чыга баштаган, ага чейин (совет доорунда) шаардын өзүнүн басма сөз органы болгон эмес. Мамлекеттик каттодон 1990-жылдын 27-декабрында үч тилде чыга турган бир гезит катары өткөн, аталышы да үч тилде жазылган – «Ош шамы», «Вечерний Ош», «Уш окшоми» деп. А дегенде бул жергиликтүү бийликтин маалыматын чагылдыруу менен чектелген (токтомдор, буйруктар, расмий жарыялар). Бара-бара гезит кадимкидей массалык маалымат каражатына айланды, 4 полоса, 4500 нуска менен чыга баштады. Гезитте үч тилге үч бөлүм ачылды, башкы редактор болуп Абдирашит Урбаев бекитилген, өзбекче бөлүмүн Абдугани Абдугапаров башкарган. Орусча бөлүмүндө Виктор Зилинга иштеген. Кийин бул гезитке Тургунбай Алдакулов редактор болуп дайындалган.

Ушул гезитте иштешкен Талант Моңолбаев, Зинакан Пасанова, Бурул Исмаилова, Алишер Токсонбаевдер республикага аты чыккан журналисттер болуп калышты. Гезит жума сайын чыгат. Штатында 15 киши. 2009-жылы Жогорку Кеңештин «Ардак Грамотасы» менен сыйланган, 2010-жылы «Маркетинг-Инфо» уюм сурамжылоо өткөргөндө «Оштун эң мыкты коомдук-саясий гезити» деп белгиленген. Мамлекеттик басма сөздүн каражаты болгон соң, албетте, бийликке сын-пикирлер айтылбайт, шаарда орун алган фактылар, окуялар позитивдүү түрдө чагылдырылат. Мисалга, 2011-жылы чыккан номерин карап көрөлү. Биринчи бетинде: «Куттуу Ош ай-ааламга нурун төгүп нурду, Кубулжуган обонго толуп турду» деп аталган патриоттук ырлардын сынагынан берилген репортаж.

Сынакты шаардын мэри М.Мырзакматов уюштуруп, приздерди тапшырган учурунун сүрөтү берилиптир. Мэрдин сүрөтү, албетте, «крупный план» жана «полный рост» менен берилген [49, 5-б.]. «Салт» ушундай, муну

редактор бузбаш керек. Бирок мэр өлкөгө башчы эмес жана областтын жетекчиси эмес, демек, төшөккөжараша «бут сунулуш керек» эле.

Материалдар гезиттин бир эле бетине эки тилде (айрым учурда үч тилде) бериле берет. 2019-жылы чыккан номердеги 15-бетинде маалымат эки тилде төмөндөгүдөй берилиптир. «ОГПИде ар улут өз эне тилин даңазалады» деген репортаж менен бирге «В Оше отметили международный день родного языка» деген макала да орун алган. Бир эле кече, эки маалымат, бири бирин которбойт, себеби эки корреспондент өз алдынча иштешкен. Орус тилинде жазылган репортаж кыргыз тилинде жазылгандан үч эсе көп [50, 6-б.]. Ушундай эле тартип менен гезитте кыргызча материалга удаа өзбекче берилген материал бар. Бир темага (турак жай темасына) эки вариант жазылган. Бул 2011-жылдын 19-ноябрында чыккан номердин 6-бетиндеги эки макала. Аталыштары – «Өзбектердин турак-жай тууралуу ишенимдери»; «Киргиз халкининг турак-жой хусисинда ишончлари» [51, 7-б.]. Аталышы да, мазмуну да бирдей.

1995-жылы Ош шаарында «Ошский ресурсный центр средств массовой информации» деп аталган уюм ачылган. Мында жергиликтүү журналисттерге жардам катары англис тилин үйрөтү курсу башталып, компьютерлер коюлуп, дүйнөнүн маалымат булактарын пайдаланууга шарт түзүлгөн. Ушул курстан жүздөгөн журналисттер тренингден өтүштү, билимин тереңдетишти, семинарларга жана конференцияларга катышышты. Борбордун иш-аракети «Ош шамы» гезитинде чагылдырылып турду (көбүнчө орус тилинде). Улуттар аралык маселеге көңүл өзгөчө бурулуп, ушул багытта бир топ маанилүү кадамдар жасалган. Мисалы, 2013-жылы «Ош шамына» чыккан «Журналистика не должна сеять вражду» деген аналитикалык макаланы айтсак болот [52, 6-б.].

2000-жылдын май айында (18-20 май) Ош шаарында “Роль средств массовой информации в регионах постсоветских конфликтов» деген аталыштагы эл аралык конференция өткөн. Кыргызстан, Өзбекстан,

Тажикистан өлкөлөрүнүн журналисттери биргелешип уюштурушкан. Кофференцияны швейцариялык «Симера» деген уюм каржылаган. 9 мамлекеттен келген 49 журналист катышты.

Аталган үч мамлекеттен тышкары Армения, Казахстан, Россия, Америка менен Британиянын өкүлдөрү, жалпысынан 49 журналист Ошко келишкен. Конференция орус тилинде өткөн.

2011-жылы гезит расмий салттын эрежесин бузган материалды жарыялаган. Ьул материал мэр М.Мырзакматовдун жеке кызыкчылыгынан улам орун алган. Сентябрь менен октябрь айларында «Ош шамы» мэр Мелис Мырзакматовдун «Мен издеген чындык» деген китебинен үзүндүнү санга санга берген. Мындай окуя расмий гезиттерде буга чейин болгон эмес, ажолордун китептери да минтип жарыяланган эмес.

Бишкектеги Убактылуу Өкмөт менен Оштун мэри М.Мырзакматовдун ортосундагы тирешүүнү гезити ачык чагылдырды. Бул дагы эреженин чегинен чыккан көрүнүш болду, себеби буга чейин жогорку бийлик менен региондогу бийлик бири-бирине каршы болушкан эмес. Гезит, албетте, мэрди колдойт, серепчилер болсо аны сындайт. Ошол сын «Азаттык» радиосунан айтылган. «Ушактан саясатты ким жасаганы» маанилүү эмес, мэрдин демилгеси ишке ашпады, эгер ал ашса, анда өлкөдө феодалдык тартип орномок . Мэрдин максаты өзүнүн жеке бийлигин бекемдетүүгө багыт алган («культ личности» дегенге). Конфликт мэрдин кызматтан кетүүсү менен аяктаган.

Ош шаарында «Ош-парк» деп аталган коомдук жарнамалык гезит чыгат. 2019-жылдын бир номерин карасак, бул жерде реклама, сканворд, гороскоп, кинообзор жана кулактандыруулар берилген. Жума сайын басылат, көлөмү 20 бет, тиражы 4600 нуска. Гезиттин ээси – жеке ишкер.

Ошто 4 университеттин өзүнүн гезиттери бар, бул шаардагы студенттик басма сөздүн борбору десек да болот, себеби өлкөнүн борбор шаарындагы окуу жайларда мындай гезиттер жок.

**«НУР»** – студенттердин коомдук-маданий гезити. Ош мамлекеттик университетинде 1992-жылдан бери чыгууда. Көлөмү 8 полоса, тиражы 3500 нуска, эмгек тобу – 13 киши. Айына бир жолу басылат. 2017-жылдын декабрында чыккан номерине көңүл буралы. Биринчи бетте ректор К.Исаковдун жаңы жылдык куттуктоосу. Калган беттиринде университеттин күнүмдүк иштеринен маалымат жана студенттердин спорт жагындагы жетишкендиктери, сүрөт көрсөтмө, кайрымдуулук жөнүндө кабар, профессор Н.Мурадымовдун 75-жылдык юбилейине арналган макала (орус тилинде жазылган), студенттердин ырлары, каттары. Бир аз рекламасы да бар [54, 6-б.].

Гезитте көйгөйлүү маселелерди козгоп, сын таккан материалдар жок, маалыматтар позитивдүү түрдө берилет.

Бишкектеги Ж.Баласагын атындагы мамлекеттик университетинин гезитине («Улуттук университет» деп аталат) салыштарсак, форма менен мазмун жагынан айырма жок, тематика менен стилистикасы бирдей, көлөмү да окшош, бир гана тиражы жагынан Оштогу гезит үч эсе көп, Бишкекте 1000 нуска менен гана чыгат [55, 3-б.].

**«Достук планетасы»** − Ош мамлекеттик социалдык университетинин коомдук-маданий гезити. 2000-жылы негизделген. Көлөмү 8 полоса, тиражы – 1000 нуска, жамаат тобу – 5 киши. Гезиттин ээси − ректорат. Формасы менен мазмуну салттуу тартипте башка студенттик гезиттерге окшош.

**«Студ times»** – Ош технологиялык университетинин коомдук-маданий гезити. 2003-жылы негизделген, 8 полоса, тиражы – 1000. Бул дагы – калыптан чыкпай, салтты улаган басма сөз.

**«Студ. kg»** – Оштогу гуманитардык-педагогикалык институтунун коомдук-маданий гезити, 8 полоса, тиражы –1300, гезит ээси – ректорат. Эки тилде чыгат – кыргызча жана орусча. Салт сакталган.

**«Дидактика»** гезит 2018-жылы негизделген, Ош мамлекеттик университетинин профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык жана маалыматтык гезити. Мындай статустагы жалгыз гезит,

Көлөмү – 8 полоса, тиражы – 2000, айына бир чыгат. 2019-жылы чыккан бир санына саресеп салып көрөлү. Биринчи бетинде университетин өнүктүрүү концепциясы жарыяланган, калган беттерде ректордун буйруктары, университеттеги турак-жай куруучулардын фондусу жөнүндө кабар, методикалык ыкмалар, «Педагогикалык кесипке киришүү» деген китептен үзүндүү жана Салижан Жигитовдун шакабалары, география факультетинин деканы жазган ыр. Рекламалар кездешпейт, проблемалар жок, позитивдүү. Гезитте 9 адам иштейт [56, 3-б.].

Республикалык масштабдагы билим берүү менен илимдин тармагына түздөн түз тиешеси бар гезитке токтоло кетишибиз максатка ылайыктуу. Бул – «Кут билим» гезити. Совет доорунда «Мугалимдер гезити» деп аталган, 1953-жылы негизделген. Эгемен доордон баштап «Кут билим». 16 полоса менен чыгат, тиражы – 7300 нуска. Гезиттин ээси – Билим берүү жана илим министрлиги. Чейрек кылымдан бери гезиттин башкы редактору болуп Кубат Чекиров иштейт. Интернетке чыккан версиясы да бар. Эки тилде (кыргызча, орусча), жумасына бир чыгат.

Гезиттин 2020-жылдын октябрь айындагы бир санын карап көрөлү. Биринчи бетинде «Укук нугуна келели» деп аталган саясий кырдаалды чагылдырган сүрөт турат (аянттагы митингден тартылган), анан төртүнчү бетинде бул тема боюнча корреспонденттин материалы берилген. Калган беттеринде өлкөдөгү университеттердин жаңылыктары, мугалимдерге министр тарабынан сыйлыктарды тапшырган жыйындан репортаж, «Мир и реальность цифровизации» деген макала, мыкты мугалимдер жөнүндө баяндама, алдынкы бир гимназиянын директорунун иш-аракети жөнүнүдөгү очерк, методикалык усулдар, белгилүү окумуштуу-педагог С.Байгазиевдин тарбия маселесин изилдеген макаласы, аягында жарыялар менен жарнамалар [57, 4-б.] жайгаштырылган.

Ош шаарында өзбек тилинде чыккан мамлекеттик эмес «Ахборот» деген гезит бар. 2006-жылы негизделген, 8 полоса менен айына бир жолу чыгат,

тиражы – 3300 нуска. Гезиттин ээси – МЧЖ «Ахборот», баш редактору журналист Барно Исакова. Аймакта жашаган өзбек улутундагы жарандардын жашоосун чагылдырат жана этнос аралык ынтымакка үгүттөйт. Мисалы, 2018-жылы чыккан номеринин биринчи бетинде ардактуу ветерандардын жана ийгиликтерге жеткен жарандардын сүрөттөрү «анонс» катары берилип, анан ушуларга арналган пикирлер, макалалар, баяндамалар жазылган. Жарандарга арналган юбилейлик куттуктоолор, ырлар жана рекламалык жарыялар да жайгаштырылган. Материалдын баарысы позитивдүү багытта даярдалган [58, 7-б.].

Кыргыз тилинде чыккан да мамлекеттик “Калыс назар салабыз БИЗ” деген гезит бар. Мунун ээси – «Ынтымак» деген эркин телерадиокомпания, 8 полоса менен чыгат, тиражы – 1000 экземпляр. Бул гезиттин айырмасы Ош шаарында орун алган проблемалык маселелерди козгойт, чыр-чатакты жараткан окуяларды чагылдырат, коррупциялык жана криминалдык иштерге көңүл бурат. Ош областында мазмуну эң курч гезит – ушул. 2015-жылы чыккан бир санына көңүл буралы. Тексттердин аталыштары мындай. Биринчи бетте «Ошто өкмөт башчынын тоскон окуучу эсин жоготту», «Ошто 12 чет элдик жаран кармалды», «Араван: өзбекстандыктар мал уурдап кетип жатат».

Калган сандары деле ушул сыяктуу – сын пикирди, актуалдуу, айрым учурларда окурмандын бүйүрүн кызыткан материалдарды да берет(взрывоопасно). Мисалы, «Араванда сүмөлөк жасагандарды «динчилер» сабап кетишти». «Эшектин этин сатуу бизнеси коомчулукта талаш жаратты» деген сыяктуу макалалар. Моралдык жактан өлкөдөгү баш-аламандыктар тууралуу да материалдарды, мисалы. «Ошто окуучуларды тейлеген сойку» [59, 6-б.] жана башка дагы ушул сыяутуу макалаларды да жарыялап, өз окурмандарын кызыктырат. Бул гезит 2015-жылдын январынан баштап жума сайын чыгып турат. Бул гезит өзбек тилинде да «Холис назар соламиз БИЗ» деген аталышы менен өз алдынча да чыгат. Мазмуну да – курч, башка гезиттер айталбаганды айтат, жарандарга маалыматты эркин түрдө жеткирет. Бир эле материалдын аталышын мисал катары келтирели (2015-жылы чыккан саны).

«Өзбекстан-Кыргызстан чек арасын төрт айдын ичинде 139 адам бузганы аныкталды»[60, 3-б.].

Эми Ош областындагы райондук гезиттерди иликтен өткөрөлү. Совет доорунда өлкөнүн түштүк жагында бир эле область болгон – Ош областы (мунун курамына Жалал-Абад менен Баткен кирген). 1988-жылы райондук гезиттердин саны – 11 эле. Эгемендик келгенде түштүк а дегенде Ош областынан Жалал-Абад областы, кийин Жалал-Абад областынан 1999-жылы Баткен областы бөлүнүп чыкты. Эгемендиктин биринчи жылдарында гезиттердин саны жайнап кеткен, бара-бара көбү чыкпай калды, айрымдары аталышын өзгөрттү. Ар бир областтагы гезиттерди карата өз алдынча карайбыз.

2003-жылы «Журналисттер» коому бир статистикалык ишти аткарды. Өлкөбүздө ошол кезде жарыкка чыгып турган гезиттерди жер жерлерден каттап чыгып, ошонун негизинде атайын бир маалымдоону чыгарган (справочникти). Ош областында 30 гезит жана 1 журнал, өзбек тилинде 4 гезит чыгары аныкталган. «ДДД» (1999-жылы уюшулган), «Demos times» (2000-жылы), «Ймон юлдузи» (2001), «Камолот» (2003).

Кыргыз тилинде мамлекеттик эмес«Жаңы муун» (2000) гезити, ошондой эле эки тилде чыккан 4 гезит: «Экспресс-баян» (1995-жылы), «Цивиндем» (2000), «Салык-экспресс» (1998), «Регион» (2002). Орус тиинде да 4 гезит: «Ваша газета» (2002), «Дипкурьер» (2002), «Пресс-парк» (1992, «Раз в неделю» (2002). Ошондой эле эркин статуста көп тилдүү гезиттер да негизделген: «Алка» (2002, кыргыз, орус, англис, өзбек тилдернде), «Билим булагы» (1992, кыргыз, орус, өзбек тилдеринде), «Ош» (1999, кыргыз, орус, англис, өзбек, тилдеринде).

Областта бир эле журнал чыгат, 1999-жылы негизделген. Аталышы «Ош», жылына 4 жолу, тиражы – 500 экземпляр, штатында 3 киши, башкы редактор-негиздөөчү – Салима Шарипова. Материалдар 5 тилде жазылат: кыргыз, орус, англис, өзбек, тажик. Интернационалдык мазмундагы журнал.

Райондордогу басма сөзгө саресеп салалы. Гезиттер – мамлекеттик статуска ээ, жергиликтүү (райондогу) бийликке баш ийишет. Ар бирин талдоого алалы.

**«Достук»** – Араван районунун администрациясынын гезити. 1935-жылы түптөлгөн. Жума сайын чыгат. Тиражы – 1500 экземпляр. Штатында 7 киши. Ушул эле гезит өзбек тилинде «Дустлик» деп чыгат, бул дагы – райадминистрациясынын басма сөзү. Ар бир гезиттин редакциясы – өз алдынча, тиражы, штаты да – бирдей. Өзбек тилиндегиси 1991-жылы негизделген.

**«Мезгил үнү»** – Кара-Кулжа районунун жергиликтүү бийликтин расмий гезети, жума сайын чыгат, тиражы – 1000 нуска, штатында 6 киши. 1941-жылы түптөлгөн.

**«Чоң Алай жаңырыгы»** –Чоң-Алай районунун мамлекеттик басма сөзү, айына эки жолу чыгат, тираж – 1000 экземпляр, штатта 3 киши, 2001-жылы негизделген [61, 28-36 б].

**«Алай таңы»** – Алай районунун расмий гезити. Түштүк регионундагы басма сөздүн эң эскилеринин бири, 1933-жылы негизделген. Айына үч жолу чыгат, штатында – 5 киши, көлөм – 4 бет, тиражы – 1000 нуска.

**«Өзгөн нуру»** – Өзгөн райанунун администрациясынын гезити, 1934-жылы негизделген, айына эки жолу чыгат, тиражы – 2000 нуска, 8 полоса, штатында – 8 адам.

**«Эмгек майданы»** – Кара-Суу районунун расмий гезити, 1935-жылы түзүлгөн, айына үч жолу чыгат, тиражы – 2000, 8 полоса, штатында – 6 киши. Эки тилде аралаш басылат.

**«Ноокат таңы»** – Ноокат районунун адмиистраиясынын гезити, 1934-жылы түптөлгөн, 8 полоса, тиражы – 3000 нуска, штатта 7 адам.

Бул аталган гезиттер аты, чыккан жери эле башка болбосо, мазмундары коендой окшош. Кабарлар, маалыматтар, маектер, репортаж менен аналитика.

Булардын баары, албетте, позитивдүү түрдө баяндалат. Сын пикирлер, албетте, берилбейт.

Сөзүбүз негизсиз болуп калбашы үчүн «Ноокат таңы» гезитинин 2015-жылы чыккан санындагы материалдарга саресеп салалы. Биринчи бетте акимдин тургундар менен болгон түз байланышы, окуялар жөнүндө кыска кабарлар, дыйкандарга чакан кеңеш. Андан кийин салттуу формадагы ар кандай материалдар. Айыл турмушунун алгылыктуу жактары, жакшы ийгиликти жараткан бир кесип ээсинин иш-аракети, дарыгерлердин кеңеши, кулактандыруулар

**Жалал-Абад областындагы гезиттер**

Областтагы басма сөздүн Ош областындагы гезиттерден айырмасы мамлекеттик эмес гезиттердин көптүгү, 6 (алтоо). Дагы бир артыкчылыгы ведомстволук 3 гезиттин чыккандыгы. Областтын казыятынын гезити (исламдык гезит). Укук коргоо иштери боюнча коомдук бирикмесинин орус тилинде бюллетендин чыгышы. Башка областтарда мындай гезиттер жок. (болсо да, бул гезиттердин деңгелине жетпейт). Эми ушул маалымат каражаттарын иликтеп чыгалы.

**«Акыйкат»** – областтык администрациянын расмий гезити, 16 полоса менен жума сайын чыгып турат, тиражы – 3500 экземпляр. Материалдары кыргыз жана орус тилинде аралаш берилет. Гезит 1991-жылы «Акыйкат жарчысы» деген аталышта чыга баштаган (ошол жылы Ош областынан өз алдынча болуп бөлүнгөн). Кийин гезит «Акыйкат» деп аталды.

**Түштүк регионундагы басма сөздүн тарыхына көңүл булары.**

1930-жылы Ош округунан Жалал-Абад округу (аймагы) бөлүнүп чыккан, «Большевиктик жол» деген ат менен расмий гезитти кыргыз жана орус тилинде чыгара башташкан. 1952-жылы «Сталиндик жол» деп өзгөртүлгөн,

1959-жылы Жалал-Абад областы жоюлгандан кийин (ал кайра Ош областына кошулган) гезит чыкпай калды.

Мына ушундан улам «Акыйкат» гезитинин түптөлгөнү 1991-жыл деп көрсөтүлөт, бирок хронологияны тактап карасак, анын тарыхы 1930-жылдан башталат, себеби ошол жылы бул область биринчи жолу өз алдынча аймак болуп бөлүнүп чыккан. Бул гезиттин штатында 6 кызматкер бар. 2015-жылы чыккан бир санын карап көрөлү. Биринчи бетинде февралдагы Мекен коргоочулардын күнүнө карата губернатордун куттуктоосу, жумалык «Апта ирмем», жазга даярдык репортажга анонс, сел жүрүү коркунучу бар объектилер жөнүндө маалымат берилген. Калган беттеринде областтын жашоосун чагылдырган кабарлар, пикирлер, репортаждар, маектер орун алган. Бир бетинде кулактандыруу менен жарыя, некрологдор (маркумдарды эскерүү), ардактуу адамдарга арналган очерктер [67, 5-б.].

Тексттердин баарысы позитивдүү түрдө берилген. Көйгөй жараткан айрым көрүнүштөр чагылдырылганы менен бийликке сын айтылбайт (бул жагынан «салт» бузулбайт). Анан шайлоо учурунда, албетте, үгүттөө маанидеги материалдар басылган (мындайга талапкердин фондунан расмий түрдө акча төлөнөт), мисалы, 2016-жылы декабрда чыккан санда «Өлкө келечеги үчүн добуш берели» деп аталган текст биринчи бетте шайлоого тиешелүү сүрөт менен берилген [68, 3-б.]. Жогорудагы мисалдан көрүнгөндөй, гезит расмий бийлик койгон талапка ылайык гана өз ишин алып барат. Биринчи бетинде бийлик ээлеринин иш-аракеттери, даталуу күндөр болсо куттуктоолор, өлкөдөгү, областтагы, айыл өкмөттөрүндөгү ийгиликтер, негатив макалалар берилбейт.

**«Жалал-Абад тонги»** − өзбек тилинде, областтык администрациянын басма сөз органы, тиражы – 2000, жумасына бир жолу, көлөмү 8 полоса. Штатта 10 киши. 1991-жылы негизделген. Бул гезит деле “Акыйкат” гезити менен үндөш матреиалдары жарыялайт.

Областтын шаар, райондордогу гезиттерине көз чаптырып көрөлү.

**«Жалал-Абад үнү»** − шаардагы бийликтин (мэриянын) расмий гезити, айына эки жолу чыгат, тиражы – 2500, көлөмү 16 полоса, бюджеттик мекемелерге таратылат. 1990-жылы негизделген. Штатта 5 киши

**«Айыл акыйкаты»** – бул Ала-Бука районунун мамлекеттик гезити, нускасы - 1300, 8 полоса, айына эки жолу чыгат. 1938-жылы негизделген. «Ноокен жаңырыгы» − бул Ноокен районунун мамлекеттик гезити, нускасы – 2000, 8 полоса, айына эки жолу чыгат. 1934-жылы негизделген. ырлары, спорт жөнүндө баян жана кулактандыруулар [72, 4-б.].

**«Аксы турмушу»** – бул Аксы районунун мамлекеттик гезити, нускасы - 1100, 4 полоса, айына эки жолу чыгат. 1936-жылы негизделген.

Райондордо чыккан мамлекеттик гезиттер бири бирине окшош, себеби милдети − окшош, ошол милдеттин чегинен чыгышпайт. Жергиликтүү бийликтин иш-аракеттерин жана саясий багытын чагылдырышы керек. Сын пикир сөз козголбойт, кемчиликтер айтылбайт. Рекламалык материал - анда-санда жана майда-чүйдө. Кулактандыруу, буйруктар, чечимдер орун алат. Фактылар, окуялар жергиликтүү бийликтин (акимияттын) ылгоосунан кийин гана чагылдырылат. Эмгек жамааты чакан (орточо 3-4 киши). Маяналары да − чектелүү.

Жалал-Абад областында мамлекеттик эмес гезиттердин саны башка областтарга салыштырмалуу көп. Бул областта үч ведомостволук гезит да чыгат.

**«Салык-налог инфо»** – областтын салык инспекциясынын гезити, айына 3 жолу, тиражы – 1000, эки тилде чыгат (кыргызча, орусча), штаты 7 киши. 1995-жылы негизделген.

**«Чындык туусу»** – областтын укук коргоо органдарынын гезити, жума сайын, 3000 экземпляр менен эки тилде (кыргызча, орусча) чыгат. Штатында 6 киши. 2000-жылы негизделген.

**«Дил»** – бул областтагы билим берүү башкармалыгынын гезити, жума сайын 5000 нуска менен чыгат, штатта 12 киши. 1994-жылы негизделген.

**«Мусулман»** – областтын казыятынын (дин башкармалыгы) гезити, айына эки жолу 1000 нуска менен эки тилде (кыргызча, өзбекче) чыгат. 2000-жылы негизделген. Башка областтарда казыятка таандык гезит жок. Бишкекте диний уюмдардын үч гезити бар.

**«Бейиш»** – Кыргызстан Ислам университетинин гезити, 16 полоса, жума сайын 20000 (жыйырма миң) нуска менен, штатында 12 киши. 2014-жылы негизделген.

**«Ислам ажары»** – «Мутакаллим» диний уюмдун гезити, 8 полоса, тиражы – 5000 (беш миң).

Христиан динине таандык гезит да бар. жергиликтүү чиркөөсү) деп аталган уюмдун гезити - таблоид түрүндө орус тилинде кварталда бир жолу 2000 нуска менен чыгат.

Бул гезиттер динйи маселелерге кеңири орун берет, Өз тарапташтарынын диний сабатын жогорулатуу максатын көздөшөт. Ислам , христиан диндериндеги бул гезиттердин максаттары жарандарды өз тарабына көбүрөөк тартуу, ошондуктан өз диндеринин жакшы жактарын көп чагылдырышат, мына ушундай мазмундагы материалдар арбын берилет.

**Областта мамлекеттик статуска ээ эмес 6 гезит бар.**

**«Фергана»** – 2000-жылы чыга баштаган, жумасына, 3000 нуска, штатында 6 киши, кыргыз жана орус тилдеринде басылат.. Курч материалдар жарыяланып, бийликке курч сын айтылып турду, ошондон улам А.Акаев бул гезиттерди жаптырып салган. «Мөңгү» деген гезиттин өмүрү да кыска болду.

Калган эркин гезиттер үзгүлтүксүз чыгууда. «Аймак» айына 2 жолу, 2000 нуска менен, 8 полоса болуп чыгат. Гезитти жеке инсан Орозалы Карасартов негиздеген. «Дилбар» – «Инсан» коомдук бирикмесинин гезити, тиражы – 2000, айына 2 жолу чыгат, 8 полоса, кыз-келиндерге арналган басма сөз.

**«Белес»** – Жалал-Абаддагы айылдык консультациялык кызматынын гезити, тиражы – 1300, 8 полоса, эки айда бир жолу чыгат.

Жалал-Абад областында бир студенттик гезит чыгат, тиражы – 1000, кварталда бир, 8 полоса, гезиттин ээси – Жалал-Абаддагы мамлекеттик университети. Аталышы «СТУД полис».

Бул гезиттердин жабылбай иштеши − өз материалдарында бийликке курч сын айтпай, өз тармагындагы жаңылыктарды гана чагылдырганды, позитивге артыкчылык бергендиги

Областтын медиа тармагында дагы бир артыкчылыгы – орус тилинде «Право для всех» деген бюллетендин чыгышы. Айына бир жолу чыгып, тиражы 8000 (сегиз миңге) жеткен. 2000-жылы негизделген. Негиздөөчүсү – Валерий Улеев. Укук коргоочулар тарабынан даярдалган курч материалдар үч тилде (кыргыз, орус, өзбек) жазылып, гезит областтын бардык райондоруна жана шаарларына жеткирилет. 2011-жылы чыгармачылык топ тарап кеткенине байланыштуу гезит жабылган. Гезиттин жабылышына сынга алынган жергиликтүү бийликтин өкүлдөрүнүн сотко берген доо арыздары себеп болгон.

Бийлик тараптын гезиттерге доо арыз берген адаты ошол кездеги басма сөздүн социалдык күчүн далилдеди. Коңшу мамлекеттердеги гезиттерде бийликке сын айтуу болгон эмес, болбойт да.

Бийликтин эркин гезиттерди кысымга алышы, журналисттерди куугунтукташы бийликке сын айтууну токтото алган жок,тескерисинче, күчөсө күчөп, басаңдабады.. Чет өлкөлөрдөн келген эксперттер өлкөбүздүн эркин гезиттерине суктанып баа беришти. Мисалы, Чарльз Бакстон китебинде: «прессу Кыргызстана всегда было очень интересно читать», −деп баса белгилеген[80, 119-б.].

Мындай баа мамлекеттик эмес басма сөзгө тиешелүү экени түшүнүктүү, ал эми биздеги мамлекеттик гезиттердин таасири болсо башка, себеби булар оппозицияга, эркин медиа тармакка, демократияга каршы болгон аракеттери

менен коомчулукту наразы кылышат. Биз түштүк регионундагы медиа каражаттарга байланыштуу фактыларды иликтедик.

1999-жылдын январь айында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү «О ликвидации комиссии по нравам при Министерстве юстиции Кыргызской Республики» деген аталышта токтом чыгарган, мына ушул комиссиянын демилгеси менен (доо арызы аркылуу) Бишкектеги үч гезит соттун чечими аркылуу жабылган. «Лимон» (орус тилинде), «Пайшамба» менен «Каттама» (кыргыз тилинде). Бул гезиттердин тиражы (ар бириники) 30 миң нускага жетип калган эле. Юстиция министрлигинин бул комиссиясы өзүнчө бир «цензурага» айланып, эркин басма сөздү муунтууга өткөн, бирок бул комиссиянын өмүрү кыска болду, анткени коомчулуктун каршылыгы жана эл аралык уюмдардын билдирүүлөрү буга себеп болду. 1999-жылы ажо Аскар Акаев Вена шаарына барып, ОБСЕ уюмунун штаб-квартирасынан демократиялык принциптери жөнүндө сөз сүйлөмөк. Ушуга байланыштуу комиссия жоюлган [84, 60-б.].

**Баткен областындагы гезиттер**

2000-жылы Ош областынан өз алдынча Баткен областы болуп бөлүнүп чыккан. Мурун бул тараптагы үч район (Баткен , Лейлек, Кадамжай райондору) Ош областынын курамында болгон. Учурда бир областтык жана үч райондук расмий гезиттери бар. Ал эми мамлекеттик эмес басма сөз Баткен шаарында эки гезит, Кызыл-Кыя шаарында бир жана Пүлгөн айылында бир гезит чыгат.

**«Баткен таңы»** − областтагы мамлекеттик администрациясынын гезити, жумасына бир жолу 4000 нуска менен чыгат, 8 полоса, штатында 12 киши. 2000-жылы негизделген. Гезит Бишкектеги «ММКны колдоо борбору» деп аталган эркин статустагы типографиядан басылат. А.Акаевдин учурунда мамлекеттик типография оппозициялык гезиттерди чыгарбай койгондо, АКШнын жардамы менен ушул көз карандысыз басмакана уюштурулган. Өлкөдөгү эркин гезиттердин көпчүлүгү ушундан чыгат. Мамлекеттик гезиттер

«Учкун» деген мамлекеттик-акционердик коомдун (бул бийликтин кол алдындагы коом) типографиясынан басылат. «Вечерний Бишкек» гезитинин өзүнүн типографиясы бар, бул жерден да кээ бир гезиттер басылат.

**«Кызыл Туу»** – Баткен районунун расмий гезити, 1938-жылы «Сталиндик жеңиш» деген ат менен негизделген. Жумасына бир жолу чыгат, тиражы – 3000, 8 полоса, кыргыз тилинде, штатта 9 киши.

«**Эл жарчысы»** – Кадамжай районунун расмий гезити, 1942-жылы негизделди, тиражы – 1000, кыргыз тилинде айына үч жолу чыгат, 5 киши иштейт.

**«Ата журт-Лейлек»** – гезити Лейлек районунун расмий гезити, 8 полоса, тиражы – 2000, кыргыз тилинде жумасына бир жолу чыгат, штатында 6 киши. 1936-жылы негизделген. Аймактын эң алгчкы гезити – ушул.

Бул областтагы райондук гезиттердин негизги көйгөйү басмакананын жоктугу. (гезиттин тиражы Бишкектен же Оштон басылат). Ошондой эле жаш журналисттердин кесиптик сапатын көтөрүүгө шарттын түзүлбөгөндүгү да проблеманы жаратууда. (булар семинар менен тренингдерге муктаж).

**«Шахтер жолу»** – бул областтагы шаардык гезит. Сүлүктү шаарынын администрациясынын (мэриянын) гезити. Түштүк регионду жалпылап алсак, (үч областы бириктирип), анда бул жердеги эң биринчи гезит ушул - 1922-жылы негизделген. Шаар көмүрчүлөрдүн (шахтерлордун) шаары катары курулган. Гезиттин мазмуну да ушуга байланыштуу. Айына бир жолу, 8 полоса, тиражы – 1400, штатта 6 киши.

Мамлекеттик эмес гезиттер областта XXI кылымдын башында чыга баштаган. Булар аймактын сырларын, чечилбей жаткан маселелерин чагылдырып, актуалдуу проблемаларга көңүл бурушат. Башкача айтканда, мамлекеттик гезиттер «актай калтырган» көйгөйлөргө көңүл буруп, «пробелди» (бош жерлерди) толтурушат. Жергиликтүү калкты (кыргыз, өзбек, тажик, орус, татар улутундагы жарандарды) ынтымактын, айкөлдүктүн жолуна чакырышат. Ушул жерден бир нерсени билгилеп кетели. Айрым

учурда (тактап айтсак, экстремалдуу учурларда) «эркин гезиттер» артында турган «ээлерине» байланып, эл аралык ынтымакты ыдыратып, терс үгүттөөнүн куралына айланып калган учурлары да бар.

**«Алтын бешик»** – эркин гезит, Баткен шаарынан айына эки жолу чыгат, тиражы – 2000, төрт тилди камтыйт – кыргызча, орусча, өзбекче жана тажикче. Штатта 10 киши. 2002-жылы түптөлгөн.

**«Дил азык»** – бул дагы эркин гезит, Пульгон айлында (Кадамжай району) кварталда эки жолу чыгат, тиражы – 1000, штатында 4 киши. 2003-жылы түзүлгөн.

**«Ыйман авазы»** – эркин гезит, айына эки жолу 3000 тираж менен эки тилде чыгат – кыргызча, өзбекче. Штатта 5 киши. 2001-жылы негизделген.

**«Айдаркен пресс»** – жаштардын гезити, 8 полоса, тиражы – 1000, жума сайын чыгат. Гезиттин ээси – «Айдаркен жаштары» деген коомдук бирикме.

**«Сулей -инфо»** – бул жоопкерчилиги чектелген коомдун гезити, 16 полоса, айына эки жолу 2300 тираж менен чыгат. 2011-жылы негизделген. Редакция Исфана шаарында жайгашкан.

Баткен областында көмүр кендери көп. Ушул тармакта иштеген адисттер өздөрүнүн гезитин чыгарышат. «За уголь» деп аталат, бул – «Кызыл-Кыя көмүр» жана «Шахтастрой» деп аталган акционердик коомдорунун бириккен гезити. Кызыл-Кыя шаарында эки тилде чыгат – орусча, кыргызча. Айына эки жолу, тиражы – 1500. 1931-жылы көмүр өндүрүшүн чагылдырган гезит катары негизделген. Штатында 4 киши.

Областта жашаган тажик улутундагы жарандарга арналган бир гезит бар, 2008-жылы негизделген, Бишкектен басылат, эки айда бир 8 полоса менен чыгат. Аталышы «Паёми. Ала-Тоо».

Эми областтагы журналисттерге карата сотко түшкөн доо арыздарды карап чыгалы. 2003-жылы Баткен районунун соту областтык «Баткен таңы» гезитине (бул жергиликтүү бийликтин басма сөзү) каршы берилген доо

арызды карап, редакцияга 50 миң жана макаланын авторуна 30 миң сом штраф салган. Доо арыздын ээси − райондун экс-акими Дастан Бердиев. Макала «Дастандын приватизациясы» деп аталган. Сот автордун жазганын далилсиз деп тапкан.

2000-жылдын башында Кадамжай районунун соту «Баткен таңы» гезитинде иштеген журналист К.Ташболотованын үстүнөн түшкөн доо арызды карап, авторду 100 миң сомдук айып пулга жыгайын деген, бирок бул иш «досудебный келишим» менен бүткөн. Доо арыздын ээси − райондук соттун судьясы С.Калканов. Макаланын автору «паракорчу» экен го деп (божомолдоп) жазган болчу [91, 6-б.]. Ушул жерде бир кызык суроо турат: «эмнеге ушул областтын расмий гезити улам-улам доо арызга кабылып калат? Ошол доо арыздын ээлери эмнеге аким менен судьялар болуп жатат?», − деген суроо. Мындай көрүнүш башка областтарда болгон эмес. Демек, бул көрүнүш эки нерсени түшүндүрөт: Баткен областынын расмий гезитинин көз карашы өтө эле эркин болгон, же областта иштеген судьялар өтө эле калыс болушкан. Чындык ушул эки нерсенин ортосунда болушу да мүмкүн.

Түштүк региондогу үч областтын басма сөз түрүндөгү каражаттарын карап чыгып, төмөнкүдөй жыйынтык чыгардык:

Ош областы боюнча. Бул жердеги мамлекеттик гезиттердин саны көп – областтык масштабда 3 гезит, райондордо 5 гезит, мэрияда 1 гезит. Башка областтарда жумасына эки жолу чыккан гезиттер жок. Тираждары да салмактуу – 4000 нускадан. Райондук маштабда болсо 7 расмий гезиттер чыгат.

Мамлекеттик эмес гезиттердин саны учурда 16га жеткен (айрымдары жабылды), булардын ичинен өзбек тилиде 5 гезит, орус тилинде 4 гезит, калгандары – кыргыз тилинде. Ведомостволор жактан бир эле «Билим булагы» деп аталган гезит бар, бул – билим берүү башкармалыгынын басма сөз органы.

Ош аймагынын артыкчылыгы студенттик басма сөзүндө, бул жерден мындай багытта 4 гезит чыгат – Ош мамлекеттик университетинин, Ош педагогикалык университетинин, Оштогу Россиянын социалдык университетинин жана Оштогу технологиялык университетинин гезиттери. Булардан тышкары Ош мамлекеттик университети «Дидактика» деп аталган профессордук -окутуучулук курамына арналган гезитин чыгарат (бул багытта өлкөдөгү жалгыз гезит).

Оштук журналисттерге тиешелүү электрондук медиа каражаттарына байланыштуу сот иштери да болгон. Өзбек тилинде чыккан Ош-ТВ каналына каршы аракеттер 2000-жылы башталып, көпкө чейин созулган. 2010-жылы бул телеканал сепаратисттик нуктагы багыты үчүн күнөөлөнгөн. Ош-ТВнын жетекчиси Х.Худайбердиев өлкөдөн качып кеткен. Оштогу өзбек тилинде чыккан гезиттер да 2010-жылы жыбылып калган.

Жалал-Абад областы боюнча. Бул жерде 12 мамлекеттик гезит бар – областтын масштабында 2 гезит, шаардык масштабда 2 гезит, райондордо 3 гезит. Ушул аймактын артыкчылыгы ведомстволук гезиттердин чыгышында – салык инспекциясынын, билим берүү башкармалыгын жана укук коргоо органдарынын гезити. Дагы казыяттын «Мусулман» деп аталган гезити бар. Башка областтардын басма сөз тармагында мындай «ведомстволук» тажрыйба жок. Областтын администрациясы болсо эки гезитке ээлик кылат – «Акыйкат» (кыргыз тилинде) жана «Жалал-Абад тонги» (өзбек тилинде). Экөө тең ар жума сайын чыгат.

Бул аймактын дагы бир артыкчылыгы – укук коргоочуулардын (правозащитниктер) «Право для всех» деген бюллетенинин чыгышы. Бул биринчи жана экинчи президенттердин учурунда демократиялык принциптерин орнотууга чоң салым кошкон.

Басма сөзгө байланыштуу доо арыздар бул жерде да көбүрөөк орун алган. Мындай арыздар биринчи президенттин үчүнчү мөөнөтүндө жайнап чыккан. 2000-жылы М.Ибраимовдун соттогу иши (10 миң сом айып пул салынган),

2002-жылы А.Сооронбаевдин иши (100 миң сом айып пул соттогу аппеляциадан кийин кыскартылган). Ошол жылы университеттин деканы доо арыз менен журналисттин үстүнөн сотко кайрылган. 2003-жылы Базар-Коргон районунун башкы врачы «Право для всех» деген бюллетенге чыккан макалага каршы сотко кайрылган, бирок фактылар далилдүү болбогондугунан улам сот доо арызды кабыл алган эмес.

Баткен областы. Бул жердеги райондук гезиттердин тарыхый жолу совет бийлиги менен бирге башталган. «Шахтер жолу» деп аталган гезит (Сүлүктүдө)1922-жылы түптөлгөн. Ушундай эле шахтерлорго (көмүрчүлөргө) арналган гезиттин дагы бири Кызыл-Кыяда «За уголь» деген ат менен чыккан, бул эң алгачкы гезиттердин бири (1931-жылы негизделген).

Областта диний иштерине байланыштуу басма сөз каражаты да бар. «Ыйман авазы» деп аталган гезит Баткен шаарынан чыгат. Жаштардын да өздөрүнүн гезити бар, бирок бул – студенттердин басма сөз каражаты эмес, жаштардын коомдук бирикмесинин гезити. Айдаркен шаарынан чыгат.

Областтын борборунан «Алтын бешик» деген эркин гезит төрт тилде басылат – кыргызча, орусча, өзбекче, тажикче. Аймактын өзгөчүлүгү журналисттерге коюлган доо арыздардын адресатында (дарегинде). Башка аймактарда мындай арыздар бийликтин өкүлдөрүнөн мамлекеттик эмес гезиттерге каршы берилсе, бул жерде резонанс жараткан доо арыздар областтын расмий гезитине каршы берилген. Парадокс. Мындай нерсе башка жерлерде болгон эмес. Сотко тартылган гезит («Баткен таңы») стереотипти (калыпты) бузду, себеби мамлекеттин гезити да курч болууга кудреттүү экенин көрсөттү.

Баткенге караштуу дагы бир белгилей турган нерсе бар. Бул жерде «Эл аралык толерантность үчүн» деген дүйнөгө белгилүү фонд «Салам радиону» уюштурган. Суткасына 18 саат орус жана кыргыз тилинде эфирге чыгып, ар кандай мазмундагы маалыматтарды элге жеткирип турат.

## 2.2. Экстремалдык кырдаалдарды (Ош-1990, Баткен – 1999, Аксы – 2002) чагылдырган басма сөз

1990-жылы Ош областында трагедиялуу окуя болуп, экстремалдык учур жаралган. Бул совет доордун акыркы жылы эле. Советтер Союзу тарай элек кез, ошол Совет бийлигинин аскер күчтөрү аркылуу кыргыз-өзбек этникалык жаңжалы басылган. 20 жыл өткөндөн кийин так ушул эле жерде ошол трагедия кайра кайталанып, кан төгүлгөн кыргыз-өзбек тирешүүсү болду. Бул жолу эгемен өлкө өз күчү менен жаңжалдын отун өчүрдү. Эки жаңжалдын ортосунда 20-кылымдын акыркы жылында Баткен окуясы болду. Чек арадан ислам экстремисттери келип, өлкөгө коркунуч жаратты, окуя үч айга созулду, бир жылдан кийин (XXI кылымдын башында) коркунуч ошол эле жерден дагы бир жолу кайталанды. Бирок өлкөгө кол салган душмандардын максаты ишке ашпады.

Эки жылдан кийин (2002) дагы эле түштүк регионунда «Аксы окуясы» болду. Бийиктин адилетсиз ишине каршы чыккан жарандарга милиция ок атты. Мындай көрүнүш буга чейин эгемен өлкөдө болгон эмес. Бийликтин мындай зомбулугуна эл чыдабады, бийликке каршы көтөрүлдү. Элдик наараазылык күчөп отуруп, 2005-жылы кыргыздардын тоталитардык, үй бүлөлүк башкарууга каршы чыккан биринчи революция Акаевдин кара башын калкалап качып кетүүсүнө жеткирди.

Беш жылдан кийин (2010) экинчи революция болду, экинчи ажо да качты. Он жылдан кийин (2020) үчүнчү ыңкылап жаралды. Буга чейин үчүнчү ажо бийликти төртүнчү ажого өткөрүп берип (2017), өзүнүн былык иштери ачыкка чыга баштаганда, эки жылдан кийин «реванш»алам деп, адам өлүмүнө себепкер болуп, абакка түштү(соттун чечими менен эркинен ажыратылды).

Экстремалдык учурлардын хронологиясы – ушундай. Бул басма сөздө ар тараптан чагылдырылган..

1990 – Ош окуясы. Мамлекеттин коопсуздук комитетинин мурдагы өкүлү полковник Талант Разаков документтерди чогултуп иреттеди, 1993-

жылы өз алддынча китеп кылып чыгарды. Эки тилде басылды. 2011-жылы бул китеп толукталып дагы бир жолу  жарыкка чыкты[92, 66-б.]. Китепте берилген эки катка көңүл буралы, бул каттар басма сөздүн эң бийик тепкичиндеги расмий булактарында жарыяланган.  Биринчи кат 1990-жылы 2-мартта эки экземпляр менен Москвага жөнөтүлгөн, бири  «Известия  ЦК  КПСС» деген журналга, экинчиси Советтер Союзунун Жогорку Кеңешиндеги Улуттар кеңешинин төрагасы болгон Рафик Нишановго. Бул каттардан эки көчүрмө (копия) «Советская Киргизия» деген гезиттин редакциясына жана Компартиянын биринчи катчысы Апсамат Масалиевге жеткирилген.

Каттын авторлору Жалал-Абад шаарынын ардактуу тургундары, алардын ичинде Советтер Союзунун баатыры, Социалисттик Эмгектин эки жолку баатыры, эмгек сиңирген мугалими болгон. Бардыгы – 23 киши. Кат «Заявление» деп аталып, орус тилинде жазылган, анын ток этер жери мындай. Цитата. «Мы считаем возможным возбудить вопрос о включении в повестку дня Совета национальностей Верховного Совета СССР о формировании Ошской автономной области в составе Киргизской ССР» [92, 100-б.]. Ушундай сунушту аткарыш үчүн Советтер Союзунун Конституциясын, ошондой  эле  Кыргыз ССРинин Конституциясын да оңдош керек эле. Эми бул талапты канааттандырса, республикабыздын  түштүк региону Өзбекстандын курамындагы Кара-Калпак автономиясына окшоп калмак.

Бул демилге колдоо тапкан жок, себеби буга юридикалык жагынан да, саясат жактан да негиз болбоду. Бирок  бул демилге сепаристтердин сезимин ойготуп, элди экиге бөлүп, акыр этникалык салгылашууга алып келди. Айтылган кат мамлекеттин маалымат каражаттарына чыккандан кийин (Москва менен Фрунзеден), эл арасына кеңири тарады, жергиликтүү телеканалдардан, радиодон, прессадан кайталанып берилди. Баатыр инсандар кол койгон кайрылууну бийликтин негизги басма сөз булагы таратып жатса, ошол кездеги жергиликтүү  бийлик  жана  жергиликтүү  «актив» кантип каршы чыкмак эле. Чыккан жок, бирок жергиликтүү эл мындай демилгени

колдободу, буга каршы кыймылдар башталды жана мындай бөлүп-жаруучулукка каршы коомдук уюмдар түзүлдү.

Сепаратизмге байланыштуу дагы бир кат жазылган, ал ошол жаңжал өткөндөн кийин (1993-жылы) жарыяланган. Т.Разаковдун китеби чыкканда, авторго нааразычылыкты билдирүү иретинде жазылган экен. Ошол кат Кыргызстандын ажосу А.Акаевге, Өзбекстандын президенти И.Каримовго, Оштун губернатору А.Эркебаевге, Өзгөндүн акими А.Карашевге жиберилген. Орус тилинде жазылган. Дооматтар мындай. «Со стороны киргизских молодчиков потери были незначительными, а потери узбекского населения в сотни раз превышали потери киргизских националистов». [92, 108-б.].

Эсепти ушинтип чыгарган каттын астында 11 кишинин колу коюлган: Өзгөндүн ардагерлер кеңеши (7 киши), шаардагы махаллялар (14 жетекчи). Тыянагы мындай. «Требуем привлечь к отвественности автора книги, изъять весь тираж из продажи, и считаем, что автор должен публично раскаяться» – деген талап коюлган [92,109-б]. Ушундай ультиматум коюлган.

Ош окуясында өлгөндөрдүн саны улуту боюнча да такталган, цифралар жарыяланган. «В сотни раз» деген эсеп туура эмес. Китептин автору Өзгөндүн ардагерлеринен кечирим сураган жок, себеби автор жазган текст фактылар жана документтер аркылуу толук далилденген. Сепаратисттердин «автономиялык үмүтү» бул жолу да четте кагылды. Катка жергиликтүү журналисттер калыс пикирлерин жазып чыгышты.

Кыргыз эксперттердин айрымдары аталган каттарга байланыштуу бир топ субъективдүү көз караштарын да билдиришкен. Логикасы мындай: «1990-жылы жазылган кат, биринчиден, жаштардын канын кызытты, экинчиден, буга жергиликтүү басма сөз туруштук бере албады, үчүнчүдөн, жергиликтүү бийлик катты партиянын архивине катып салбады», – деген аргументтер келтирилген. Бул анализдин тайкы жактары көрүнүп турат. Биринчиден, ошол кезде (1990-жыл алынды, демек, совет доору) чындыкты айта турган

эркин түрдөгү пресса жок болчу. Экинчиден, гезиттердин баарысын бийлик тизгиндеп турган, ал кезде «цензура» деген нерсе басма сөздү тейлөөчү. Үчүнчүдөн, ошол кезде жергиликтүү бийликтин катты архивге салууга кудурети болгон эмес. Москвадагы бийликке кантип каршы чыкмак эле. Ошол кат жергиликтүү жаштардын канын кызытты, – деген сөз туура, так ушудай болгон. Ошол учурдагы, Горбачевдун «перестройкасындагы» жалпы атмосферасы «чок салган» кыдаалдарды жарата баштаган.

«Чалгындоо кызматынын маалыматтарына бийлик көңүл бурбады, алдын ала чара көрбөдү», – деген пикирлер да субъективдүү, себеби ал кезде көңүлдүн баарысы Москвага бурулуп турган, ошол жердеги инстанциянын катасын оңдоого республикалык жетекчилердин кудуреттери жеткен эмес. Жогоруда отурушкан коопсуздук кызматтын өкүлдөрү берген маалыматты архивге бекитип, «паника кылбагыла, элди дүрбөтпөйбүз», – деп тыянак чыгарышканы анык. Бийликтин ушундай кайдыгерлигине, кош көңүлдүгүнө эл чыдабады. Ортодо кан төгүлдү.

Ал эми жанагы экинчи катка (1993-жылы, демек, эгемендин доору) келгенде, ахыбал башкача болгон. Эркин гезиттер жаралган, мамлекеттик эмес телеканалдар эфирге чыга баштаган. Бул жолу прессанын аракети өзгөчө орун алып, тирешүүгө жол берилбеди. Бул жолку демилгеде «сепаратизм» негизги лозунг катары көтөрүлгөн эмес. Наарызычылык акция локалдуу түрдө жүрдү. Бирок ушундай туш-туштан тутанган «очоктор» 2010-жылдагы жаңжалда учкун болду..

Ушундан улам эркин сөздүн күчү коомго көрүндү,анын демократиянын негизги шайманы экени тастыкталды. Мисалы, 1990-жылга чейин бизде маалымат тушалган ат сыяктуу ордунан жылбай турчу. 1989-жылдын май айында Өзгөндө кыргыз менен өзбек жаштардын ортосунда кагылашуу болгон, бирок муну шаардын бийлиги жашырып койгон. Бул жөнүндөгү маалымат прессага 2000-жылы 11-жылдан кийин гана чыккан [93, 7-б.].

Дагы бир «жашыруун» калган маалымат бар, бул Ош областынын архивинде катылган. Чоо-жайы болсо мындай. Ферганадагы (Горбачевдун доорунда) өзбектер менен месхет түрктөрдүн жаңжалынан кийин, совет бийлиги түрктөрдү Ферганадан башка аймактарга көчүргөн. Так ушул фактыны мисалдап, Өзгөн шаарынын тургундары кыргыздарды шаардан башка жерлерге көчүргүлө жана Өзгөндү Андижанга кошкула, – деп талап коюшкан. Ал жак менен (Өзбекстандын шаары Андижан менен) Кемпир-Абад суу сактагыч аркылуу жол ачылсын дешкен [94, 5-б.]. Ушул маалымат дагы бир топтон кийин элге жетти, себеби муну бийлик жашырып койгон.

Ошол кезде Москвадан чыккан борбордук гезиттердин орду жана аткарган иши илимий эмгектерде изилденген. Буга мисал, 2006-жылы жакталган А.Сатарбаевдин диссертациясы, орус тилнде жазылган, темасы мындай – «Причины и уроки ошских и узгенских событий 1990 года». Ушундан бир цитата. «В начало ошского межнационального конфликта и в продолжение кровавых столкновений внесли свою «лепту» и средства массовой информации, особенно центральные газеты «Правда», «Известия», «Труд», которые публиковали не совсем правдивые материалы» [95, 6-б.]. . Ооба, мында чындыктын негизи бар, себеби маалыматтар бурмаланып берилген. Мисалы, «Известиянын» корреспонденти Г.Шипитько негизги себепти «жерди бөлүштүргөндө бир беткейлик болгон» деп, 1990-жылдын 6-июнунда жазган [96, 3-б.]. Окуянын чыгышын ал субъективдүү түрдө чечмелеген

«Правда» гезитинин өкүлү Ю.Разгуляев: «Появление на месте событий еще одной большой группы кыргызов привело к столкновениям» [97, 6-б.]. Ушул маалымат «калп» экенин (азыркы тил менен «фейкти») архивде сакталган булактар далилдейт. Орус тилинде жазылган расмий отчёт: «Объединения кыргызских групп на самом деле на том поле не было, чему свидетельствуют официальные источники и информация очевидцев» [98, 3-б.]. Бул жерде кеп хлопкокомбинаттын жанындагы колхоздун талаасы жөнүндө болуп жатат. Кагышуу так ушул жерден башталган болчу.

Дагы бир «божомолдуу» кабарды «Литературная газетага» Ю.Рост жазган: «По толпе стреляла киргизская милиция. Киргизские боевики, прошедшие двухнедельные сборы, ждали сигнала. Когда узбекская толпа ринулась в город, боевики устремились вслед» [99, 7-б.]. Макаланын аталышы да «көркөмдүү» «Колокол по тем, кто пока жив» («Коңгуроо тирүүлөргө кагылат»). Ооба, Хемингуэйдин романын эске салат, бирок сюжет – жалган, фактылары жок, себеби «кыргыз милициясы» элди мээлеп аткан эмес, атайын кыргыздарды эки жума эч ким дярдаган эмес жана «кыргыз боевиктеринин» ал жерде өздөрү эмес, «издери» болбогон. Имиштер жана ушактар. Ошол кездеги кырдаалга психологдор таамай баа беришкен, калыс түрдөгү баа, тиги тарапка да, бул тарапка да тартылбаган анализ. Орус тилиндеги: «Межэтническая напряженность характеризуется массовым неврозом, когда развивается страх и ощущение необходимости этнической консолидации. Это состояние вызывает тревогу, массовую национальную напряженность, растерянность, отчаяние» [100, 227-б.]. Ооба, так ушундай, экстремалдык учурда «этническалык консолидация» (улуттун биримдикке умтулуусу) алдынкы орунга чыгып, сезимге баш ийдирип алат.

Эми Оштон чыккан басма сөзгө көңүл буралы. 1989-жылы областтын орус тилинде чыккан расмий гезити «Ленинский путь» А.Мустафинанын «Земные страсти вокруг святой горы» деген макаласын басты. Мында Сулайман-Тоонун тегерегинде курулуштар сынга алынган. Буларга жергиликтүү бийлик уруксат берген эмес, бирок муну курулуштардын кожоюндары тоготушкан жок. Маселе курч талкууну жаратты, буга исламдык уюмдар да кошулуп кетишкен [101, 6-б.]. Ошол жылы этникалык негизде түзүлгөн мусулмандардын уюмдары (өзбектер өз алдынча, кыргыздарга да өз алдынча түзүшкөн) пайда болгон.

Горбачевдун доорунда улуттук-демократиялык багыттагы коомдук бирикмелер жаралды. 1990-жылдын май айында булар иш-аракеттерин кызуу түрдө жүргүзүп башташкан. Мисалы, Кыргызстанда «Народно-демократический фронт» деген уюмдун лидери (Т.Дыйканбаев) «кыргыз

жаштары турак жайсыз, жумушсуз, студенттер жакыр, улуттук кадрларды өстүрүшпөйт», – деген оюн билдирип, кайрылуу жасады. Бул гезитке чыкты. Буга удаа эле «Адолат» деп аталган өзбек уюмунун лидери да гезит аркылуу кайрылды. Орус тилинде «В Ошской области нет социального равноправия в отношении лиц узбекской национальности, всячески унижаются их права, создаются барьеры при растановке кадров, для решений этих вопросов необходимо создать автономию Ошского региона». Сепаратизмдин тамыры мына ушундай ойлордон кийин тереңдеди

Эки тараптын тирешүүсү «неизбежный» болуп калган. Талаптар окшош, дооматтар бирдей, эки тарап тең жашоонун деңгээлин көтөргүсү келди, эки тарап тең бийликке бирдей наараазы, бирок максаттары – башка. Кыргыз тарап жергиликтүү бийликти улутташтыргысы келген, өзбек тарап кыргыз жерине өзбек автономиясын орнотконго умтулган. Ушундан улам конфликттин себептери ачык болуп калды. Кийин «Ош аймагы» деген кыргыз коомунун лидери (К.Бектемиров) негизги максаттарды гезитке жарыялады. Ал кезде интернет жок, социалдык тармак деген жок, ошондуктан мындай көйгөйлүү кыймылдар басма сөздө чагылдырылып турчу. Жер тилкелерин Ошто жашаган жана бул жерде окуган кыргыздын жаштарына бөлүштүрүү керек, – деген талап коюлган. «Ош аймагы» коомунун мүчөлөрү хлопкокомбинаттын жанындагы жерге чогулушуп, ушул жерди бизге бөлүштүрүп бергиле, дешген талапты коюшкан. (Ленин атындагы колхоздун айдоо аянтын).

Жаңжалдан кийин дагы бир ай кырдаал коркунучтуу болуп турду. 1990-жылы 9-июнда Ош шаарында «самиздат» түрүндө гезиттин бир эле номуру басылды, уландысы болбоду. Орус тилинде, аталышы мындай «Киргизия: остановить насилие». Муну чыгарган уюмдун аталышы «Орган учредительного собрания трудящихся юга Киргизии. Гезиттин редактору Эдуард Середняк. Мында, күнөөнүн баарысы бир беткей кыргыздарга коюлган..

Ушуга удаа «Ленин йули» деген Ош областынын мамлекеттик гезити (өзбек тилинде) анонимдүү (автордун аты жок) макаланы чыгарды. өӨбекче которбой эле орус тилинде чыгарышты. «От имени подпольной освободительной организации узбеков» деген тактама менен коштолуптур. Көлөмү – 5 барак, материалдын аталышы «Воду мутят сверху”. Жыйынтыгы мындай: «Акция против узбекского народа тщательным образом готовилась и проводилась на основе заранее разработанного плана»

Күнөө кыргыз мамлекетинин бийлигине коюлган. Бул «национально-освободительное движение узбеков» деген уюмдун маалыматы экени дароо эле түшүнүктүү болду. Булар ушундай жол менен «автономияга» жетебиз дешкен. Тилектери таш капты

«Жең ичинен» чыккан маалыматтарды бир беткей караганыбыз туура эмес болуп калат. Ооба, булар «автономиянын» багытындагы агитация, бирок анын башка жагы да бар. Ошол учурда (сөз эркиндиги өлкөнүн басма сөзүндө жок учурда) мындай «пресса» эркин гезиттердин, мамлекеттин тизгинине алынбаган басма сөздүн алгачкы мисалдуу «үлгүлөрү» катары бааланыш керек. Ар бир кадам тарыхтын контекстине кирет. XX кылымдын акыркы он жылдыгы менен ушундай аракеттетерди талап кылган, ушуга муктаж болгон. Ал эми 2010-жылы шарт башкача болду, себеби эркин гезиттер, эркин радио менен телеканалдар пайда болгон учур эле. Бул жылы кырдаал «самиздаттарды» талап кылган эмес. Ушундай «коррективаны» биз эксперттердин пикирлерине таянуу аркылуу чыгарганыбыз оң.

Т.Разаковдун китебинде дагы бир «сепаратисттик» демилге жөнүндө айтылат. «Адолат» уюмунун лидери (Р.Мирахмедов) Москвадан чыккан «Учительская газета» жана «Коммерсант» деген гезиттерине (Володя деп аталган орус журналистти аркылуу) мазмун жагынан өтө провокациялык түрдөгү материалдарды берип, «Голос Америки» менен «Сврбодная Европа» деген медиа булактарга атайын даярдаган видеону тараткан [92, 225-б.].

2012-жылы Ош шаарынан көркөм проза жанрында жазылган бир китеп чыкты. Аталышы «Ош-90», автору шаардын тургуну Тулян Джолдошев. Окуядан кийин дароо эле жазылыптыр (1992-жылы), бирок өз учурунда басып чыгарууга мүмкүнчүлүк болгон эмес экен. Он жылдан кийин жарык көрдү, себеби 90-жылдарда «өткөндү чукубагыла жана эки тараптын сезимин козгобогула» деп, бул темага «табу» коюлган. Акаевдин доорундагы «позиция» ушундай болчу. Буга байланыштуу автор:. «Все те причины, ставшие катализатором ошских событий в 1990 году, так и не были устранены полностью. И вот все это, в конечном итоге, привело к повторению межнациональных столкновений в Оше в июне 2010 года»[102, 35-б.],– деп тыянак чыгарыптыр.

Автордун тыянагы ошол кездеги учурга туура келген, бирок «причины не устранены» дегени чындыкка каршы келет.. Биринчиден, «причины» деген түшүнүк – чаржайыттуу, буга конкреттүү түрдө эмне кирет, муну «бир, эки, үч» деген тартипте ушу күнгө чейин эч ким чечмелей элек. «Сепаратизимдин» калыптанып калган «синдромун» кантип жокко чыгарат элек, буга дүйнөдө «вакцина» табыла элек. Жылдан жылга, кылымдан кылымга созулган нерсени кантип токтотсо болот.

Башка элдерди, башка мамлекеттерди карасак, мындай көрүнүш уланып эле келатат. Британиядагы «Ирландия маселеси», Молдавияда «Приднестровье», Кавказда «Карабах», Украинадагы «Степан Бандеранын мураскерлери», Чыгыштагы «Палестина», Индиядагы «Кашмир». Тизменин аягы, түйшүктүн түбү жок. Орусча кыска айтсак, «кошмар».

«Сепаратизм» бул – айыкпас дарт, ошондуктан «себептерди чечкенде сепаратизм жоголот», – деген тыянак да «иллюзия». Мындай окуялар кайра «кайталанбайт» дегенге кепилдик жок. Ал эми маалыматты жашырбоо, фактыларды бурмалабоо басма сөздүн өзүнө эле байланыштуу болот.

1999-2000. Баткен окуясы. Тажикстан тараптан кирип келген куралчан топ 1999-жылы 31-августта (өлкөнүн майрам күнү) Кыргызстандын Баткен

районунун чек арасынан өтүп, кол салды. Чек арачылар аларды ошол жерден тосуп, аймактын ичиндеги «Сох» анклавына өткөрүшкөн жок. Экстремисттер ушул анклавды басып алууну көздөшкөн.

Ошол кезде Анклавдын жагдайы мындай болчу. Бул жерде 40 миңдей адам жашаган, баары тажик улутунан, административдик бөлүнүшө боюнча Өзбекстанга карайт, жайгашкан жери − Кыргызстандын территориясынын ичинде (төрт жагы тең кыргыз жери менен курчалган). Кыскасы, үч мамлекеттин тамыры − бир түйүнгө байланып калган жер. Эгер анклавды мына ушул исламдык экстремисттер басып алганда, Борбор Азияда чоң көйгөй жаралмак.

Кыргыз тарап алардын бул максатын жокко чыгарды. Чек арачылар менен ички иштер министрлигинин аскери (внутренние войска МВД) буларга каршы бекем турушту. Бул жерде кадимки «локалдык согуш» жүрдү. Кагылыш 31-августтан 25-октябрга чейин созулду. Окуяны эркин гезиттер болгонун болгондой чагылдырды. Мамлекеттик медиа каражаттар болсо адаттагыдай фактыларды жашырууга аракет кылышып, «тазаланган чындыкты» окурмандарга сунушташты.

Кагылыш учурунда курьезный окуялар да болду. Алсак, кыргыз тарап жардамга чакырган өзбектердин самелоту Кара мык айылына бомба ташташты. Бул жерде эч кандай талибанчылар болгон эмес, жергиликтүү кыргыздар эле жашашкан. Бул бомбалоо боюнча эки өлкөнүн ортосунда чатак чыкты. Натыйжада кыргыз бийлиги өзбек бийлигинин жардамынан баш тарткан. Кагылыш учурунда дагы бир көйгөйлүү маселе жаралган.. Талибандар генерал-майор Шамкеев жана Япониядан келишкен төрт геологду туткунга алышкан. Буга чейин чейин Баткен районунун акими (А.Маматалиев) да колго түшкөн, бирок аны ошол эле замат акча менен куткарышкан. Генерал менен геологдорду бошотуу үчүн экстремисттер чоң акча сурашкан. Бул куткаруу процесси бир топ күнгө созулуп, акыры сураганын беришип, туткундарды алып чыгышты. Акчаны япон тарап төлөгөн.

Бул ишке ортомчу катары катышкан кыргыз укук коргоочусу Турсунбай Бакир уулу пресс-конференцияда: «Меня стали обвинять в ваххабизме мои оппоненты, к которым присоединился и президент Ислам Каримов, после того как я принял участие в переговорах с моджахедами-таллибовцами. В 1999 году в Кабуле я встречался с лидерами «Таллибана» – Тахиром Юлдашевым и Абдрахманом». Ал ошондой эле мына буларды кошумчалады. «По поводу наркотрафика хочу сказать следующее. Была создана официальная версия, чтобы опорочить сторонников ИДУ. Я не видел среди них ни одного наркомана» [103, 29-б.].

ИДУ аббревиатурасы «Исламское движение Узбекистана» деп чечмеленет («Өзбекстандын исламдык кыймылы»). Россияда, Казахстанда жана дагы бир топ өлкөлөрдө ИДУга тыюу салынган.

Т.Бакир уулу (журналисттерге жооп берип атканда) маселенин түпкү маанисин бузуп салган. Кеп 1,5 тонна героин (банги зат) жөнүндө болгон, журналисттер ушуну сурашкан, себеби ушуну исламдын жоокерлери ташыганы тастыкталган. Ушуга байланыштуу маалыматтарды бир топ медиа каражаттары жарыялаган. Мисалы, Кыргызстандан «Вечерний Бишкек», «Слово Кыргызстана», «Дело №» деген гезиттери, Россиядан «ИТАР-ТАСС» агенттиги жана эл аралык медиалардан «Азаттык» радиосу менен «Британский Институт освещения войны и мира» деген уюмдары.

Окуя өтүп кеткен бир топ жылдан кийин Баткен областынын губернаторунун орун басары (Ю.Тойчубеков) гезитке интервьюсунда: «Считаю, что наши министерство нацбезопасности, наша прокуратура, министерство внутренних дел и другие правоохранительные органы работают очень оперативно и надежно» [103, 65-б.].

Ушундан көп өтпөй эле экстремисттер дагы бир жолу чек араны бузуп, кирип келишип, кыргыз жерине дагы кол салышты. Бул жолу салгылашуу Кур-Бака деген ашууда орун алды, талибан экстьремисттери өз максаттарына жетишкен жок. Бул жолу кыргыз тараптан эч ким туткунга түшкөн жок. Экинчи окуя

2000-жылдын 11-августунда башталып, эки айга созулду. Жоготуулардын саны кыргыз тараптан 17 аскер курман болуп, 10 аскер жарадар, 3 аскер кабарсыз жоголгон (без вести). Душман тараптан – 12 адам өлгөн.

Бул жолу согушчандар Ворух анклавын алууну көздөшкөн(ушул жерде дагы тажиктер жашайт). Алар 12 кишиден турган эл аралык алпинисттер командасын (Россия, Германия, Украина жана Өзбекстандан келгендер бул жолу да жеңилүүгө учурашты. Альпинисттердин тобу,) туткунга алышкан. Бул жолкусунда кыргыз аскерлери барымтасы жок эле аларды тез эле куткарышкан. Куткаруу операциясында 7 аскер курман болду. Америкадан келип туткунга алынган 4 альпинистти да бошотушту. Бир аскер каза болгон.

Официалдуу маалыматты пресса жарыялады. Согуш учурунда (1999-2000) кыргыз тараптан 30 аскер курман болуп, 40 аскер жарадар болгон, 2 аскер «без вести» дайынсыз жоголгон. Душман тараптан 120 киши өлүп, 200 жарадар болгон. Бул маалыматты Кыргызстандын коопсуздук кеңеши билдирген [103, 57-б.].

Ошентип, тышкы жактан келген согуш коркунучу өчүрүлгөн. Бул окуяны чагылдыруу процессинде мамлекеттик басма сөз менен мамлекеттик эмес басма сөздүн маалыматтарды берүүдө айырмачылыктары (принципиалдуу түрдөгү айырмачылык) оркоюп көрүнүп турду. Бир тарап бийликтин каталарын жашырууга аракеттенди, экинчи тарап болгонун болгондой чавөгылдырып турушту. Тышкы коркунуч ушу менен токтогон. Кийинки жыйырма жылдык убакытты өлкө тынч өткөрдү.

Ал эми ички жактан бийликтин туура эмес кадамдарынан улам чыккан конфликттер күчөй, (бийлик менен оппозициянын ортосундагы тирешүүлөр) баштаган.

2002. Аксы окуясы. 2001-жылы Жогорку Кеңештин депутаты А.Бекназаров «Азаттык» радиосуна интервью берип, «президент Аскар Акаев «Үзөнгү-Кууштү» Кытайга берип салды, ушул үчүн ага импичмент жарыялаш керек», – деп, демилге көтөрдү. Бул маселени орус тилиндеги

«Дело №» гезити улап, депутат менен маек курду. Маектин аталышы «Президенту грозит импичмент? Группа депутатов-законодателей считает, что Акаев превысил свои полномочия» [104, 6-б.] деп, кескин коюлган. Ошол кезде кыргыз Парламенти «Мыйзам чыгаруучу жыйын» жана «Эл өкүлдөрүнун жыйыны» деген эки палатадан турган. Экөө тең «бир мандаттуу округдан» шайланган. Азимбек Бекназаровду электораты Жалал-Абад областындагы Аксы районун тургундары эле. Алар «Үзөнгү-Кууш» боюнча талкуу уюштурушуп, Акаевге каршы сын пикирлер күчөп, өлкөдө курч абал түзүлгөн. Маселе күндөн күнгө күчөп, наразычылыктар да көбөйүп жатты.

2002-жылдын 5-январында бийлик депутат А.Бекназаровду «Мындан 7 жыл мурун, Токтогул районунда прокуратуранын тергөөчүсү болуп турган учурда кылмыш ишти жасаган», – деп күнөө коюшуп, камап коюшту. Коомчулук муну бийликтин жүйөсүз аракети катары баалады. Ажонун дарегине сын пикирлер мамлекеттик эмес басма сөздө кескин түрдө чагылдырылып турган.

Мамлекеттик гезиттер болсо эски калыпка салып, бийликти жактаган материалдарды байма-бай жарыялашкан. Жогорку Кеңеш да экиге бөлүнүп калды, бир тарап ажонун сөзүн сүйлөсө, экинчи тарап Бекназаровду колдогон. Колдогон депутаттар президентке кайрылып, саясый куугунтукту токтотууну талап кылышкан. Президент булардын үнүн укпады. Бекназаров өзү да түрмөдөн «Менин үстүмдөн козголгон кылмыш иши толугу менен фальсификация» деп, Акаевге кайрылды (муну гезиттер жарыялады).. [105, 119-122-б.].

Негизи тагылган кылмыштын тарыхы мындай 1995-жылы А.Бекназаров (тергөөчү катары) киши өлтүрүү боюнча ишти алып барганда, бычак менен сайган адамды «самооборона» («өзүн өзү коргоду») деген тыянак менен бошоткон экен. Ошентип, ал иш жабылган, эч кандай наразычылык (аппеляция) болгон эмес. Анан эле 7 жыл өткөндөн кийин (ажого каршы сүйлөгөндөн кийин) бул ишке атайын көнүл бурулуп, архивден алып чыгып,

кайрадан териштирип, Бекназаровду күнөөлүү деп тапкан. Укук коргоо уюмдары депутатты колдоо коомдук комитетин түзүшкөн. Бийликке наразычылык көрсөткөн кыймылдар пикет, митинг, саясый ачкачылык (политическая голодовка) башталган.Бекназаровдун жактоочулары күндөн күнгө көбөйүп, «Депутат Бекназаровду камактан чыгаргыла», – деген кат (миң деген адам кол койгон) Акаевдин дарегине жиберишкен. Медиа каражаттар (эркин гезиттер) күн сайын маалымат берип турушту, өзгөчө ролду ошол учурда «Азаттык» радиосу аткарган, ал саат сайын эфирге чыгып, депутатка байланыштуу материалдарды элге кабарлап турган. Гезиттер болсо жумасына бир жолу чыгат, бирок кабарды учурунда окурмандарга оперативдүү жеткирүү үчүн жуманын ар кайсы күндөрүндө чыгарышып, жаралган курч кырдаалды окурмандарга жеткирип турушту.

Президент элдин үнүн укпай койду, эл андан түнүлүп, «Акаев отсавкага кетсин» − деген талапты кое башташты. Тирешүү айдан айга созулуп, 17-мартында өзүнүн кульминациясына жетти. Бул күнү Аксы районунун тургундары райондун борборуна жөө жүрүштү (марш протеста) башташты. Буларды жолдон куралчан милиция тосуп, куралсыз жарандарга ок атышкан. Беш адам ошол жерден каза болду, алтынчысы ооруканага жеткенден кийин көз жумган.

Бул окуяны «Азаттыктын» кабарчысы ошол жерден репортаж жасап чагылдырган. Окуя Боспиек айылынын жанында болгон, элге окту милициянын ОМОНу аткан (отряд милиции особого назначения). Бул окуяны милиция кызматкерлери видеотасмага тартып алышкан (жетекчилердин буйругу боюнча). Ошол тасма А.Бекназаровдун жактоочуларынын колуна тийип, медиа каражаттарына жеткен. Тасмада баарысы: ким жана кантип от атканы, ким атууга буйрук бергени даана көрүнүп турат. Атууга буйрукту райондун прокурору берген (кийин ал тергөө маалында күтүлсүз жерден каза болот). Тасма тарыхтын документине айланды. А.Акаевдин бийлигиинин жаракасы так ушул окуядан башталган.

18-март күнү президент мамлекеттик телеканал аркылуу элге кайрылуу жасады, бирок элге ок атуу боюнча кечирим сурабады, өзүнүн күнөөсүн оппозицияга оодарды. Кайрылууда: «беззастенчивая ложь и дезинформация» («уятсыз калп жана маалыматты бурмалоо») деп, ал Бекназаровду колдогон медиа каражаттарды күнөөлөдү.

Бул коомчулуктун кыжырын кайнатты, себеби так ушул калп менен бурмалоо ажонун кол астындагы гезиттер менен телеканалдарга таандык болгон. А.Акаевдин акырынан жем жеген медиа каражаттары «буларды милиция аткан эмес, кантип эле ал элди атсын, жок, булар өздөрү өзү мас абалда болушуп, бири-бирин бычактап салышкан», деп, күнөөнү элге оодарууга аракеттенишкен.

«Азаттык» чындыкты үзгүлтүксүз кабарлап турду. Бийлик радионун корреспонденттерин сабап, диктофондорун тартып алып, өзүлөрүн болсо камап жатышты, бирок эфирдин үнүн өчүрө алышкан жок. Чындыкты элге жеткирүү аракетин жасагандардын эрки сынган жок, тескерисинче, чыңалды, курчуду. Эркин сөз бийликти жеңди. Дүйнө жүзүнө чындыктын үнү жетти. Граждандык эрдик, кесиптик бийиктик орун алды. Журналистиканын коомдогу ордун, ролун эл ошол учурда даана көрдү. Кыргызстан дүйнөгө «эркиндиктин аралы» катары таанылды.

Мамлекеттик катчы «Азаттык» радиосунун эфирине өзү чыгып, «Есть сведения, что в толпе были провокаторы, что один из погибших получил удар ножом, а другого человека ударили по голове тяжелым предметом» [106, 27-б.] деген маалыматты элге таратты. Катчынын логикасы боюнча, «мен ушул радионун эфиринен чыксам, эл мага толук ишенет» деп ойлосо керек. Эл ишенбеди, бийликтин ыйманын жоготконун көрүштү. Бул билдирүү өлгөнгө көмгөн кылгандай эле болду.

22-майда А.Акаев өкмөттүн бүт курамын отставкага кетирди, бирок элдин толкуну басылбады, себеби Бекназаровду түрмөдөн чыгарышпады жана кан төккөн аткаминерлерди жоопко тартышпады. Оппозиция болсо ажонун

отставкасын талап кылган акцияларды уланттып жатышты. Коопсуздук кеңештин чогулушунда алар мындай жыйынтык чыгарышты. «Население отдает предпочтение независимым СМИ, а правительственные газеты никто не читает, мы потеряли информационое пространство» [107, 37-б.]. Чындыгында эле, ушундай болду. Өкмөттүн гезиттерин эл окубай, тиражы азайып кеткен. Баа туура берилген, бирок массалык-маалымат каражаттарын реформалоого бийлик жол ачпады, ал абал бүгүнкү күнгө чейин сакталып турат.

Аксы окуясынан кийин элдин талабы боюнча өлкөнүн мамлекеттик телерадиосун өзгөртүүгө аракет жасалгпн. Президенттин буйругу менен Коомдук көзөмөлдөө кеңеши түзүлгөн жана телерадиоцентрди реформа кылуу багытында долбор жазылсын, – деген буйрук да чыгарылган, бирок бул ой ишке ашкан эмес. Ревормалоонун долбоору иштелип чыккан жок. Коомдук көзөмөлдөө кеңешиндеги көз каранды эмес инсандар наразы болушуп курамдан чыгып кетишкен. Бир тараптуулукка кызмат кылган мамлекеттик телеканал өзүн сактап калган. Аксы окуясын иликтеген мамлекеттик комиссия

«Тенденциозные передачи Государственной телерадиовещательной корпорации усугубили и без того тяжелую общественно-политическую обстановку в стране. Контраст между освещением событий правительственными и независимыми изданиями обострил ситуацию. Недостоверная информация вызвала справедливый гнев народа» [107, 37-б.], – деген тыянак чыгарышкан

Ушундай калыс жыйынтыкты мамлекеттик комиссия чыгарса да, бирок медиа тармактын бийликке болгон көз карандылыгын сактап калышты. Эч бир өзгөрүүлөр болбоду. Телеканалдын формасын (тышкы келбетин) «общественный» деп атап коюшту, бирок мазмуну ошол бойдон эле калды, общественный деген статуска өтпөдү. Медиа каражаттарынын бул абалын өзгөртүүгө эки ыңкылаптын (2005, 2010) кудурети да жетпеди, ушул күнгө чейин өлкөнүн негизги телеканалы бийликтин кол астында иш алып барууда.

Ажолор алмашат, бирок көз каранды медиа каражаттар ажодон ажого «эстафета» катары өтүп келет.

Нааразычылык кыймылы 2002-жылдын аягына чейин уланды. Өкмөт кетти, ички иштер министри, областтын губернатору алмашылды, мамлекеттик телеканалдын башчысы алынды, айрым бийликтин буйругун аткаруучулар сот жообуна тартылды. Ушундай чаралар менен А.Акаев өзүнүн бийлигин сактап калды, «импичментке» жеткирбеди. Ал өзүнө келип алгандан кийин, элге каршы негативдүү аракетин уланта баштаган. «Политические экстремисты и кучка демагогов» (саясый экстремисттер жана демагогдордун тобу») деп оппозицияны ат коюп, эл аралык уюмдарга сын таккан, «российским службам известны имена организаторов волнений в Аксыйском районе» деп, элди коркутуу аракетин жасаган. Москвадан Россиянын коопсуздук кеңешинин катчысы генерал В.Рушайло келип, атайын билдирүү жасаган. Ал: «Россия поддерживает политику президента Аскара Акаева по стабилизации внутриполитичесой ситуации в республике в связи с Аксыйскими событиями» деп, ажонун көңүлүн көтөрүп кеткен [107, 49-б.].

А.Акаевдин «известные имена» дегени билинбей калды, «организатор» болсо табылбады, Москванын өкүлү айткан сөздү коом терс мааниде кабыл алды, бул жасалма аракет экени баары түшүнүштү. А.Акаевге ошол учурда эл ишенбей калган, себеби 2000-жылы Конституцияны бузуп (Ч.Баекованын колу менен), үчүнчү мөөнөткө президентикке өзүнүн кандидатурасын койгон. Журналисттер Конституциянын мыйзамдарынын бузулганын тынбай айтып, жазып турушкан.

2003-жылы «Лица» деген эркин гезитке орус тилинде аналитикалык макала мындай тыянак чыгарган: «власть не может игнорировать народ» [108, 66-б.].

Аксы окуясынын 10 жылдыгына карата басма сөздө материалдар кеңири жарыланды. Бул жолу гезититер эки жаатка бөлүнүп, салгылашпады, себеби бийлик ага чейин (окуядан кийин) эки ирет алмашылган, демек, расмий пикирлер да өзгөргөн. Бул жолу мамлекеттик пресса менен эркин пресса

үндөш болуп чыгышты (солидарность). Мисалы, мамлекеттик деген «Эркин-Тоо» гезитине чыккан материалдардын «заголовкаларына» көз жүгүртөлү, «Ата-Журттун жарасы Аксыда жаралган», «Жоогазын революциясынын башаты – Аксы окуясы» [109, 52-б.]. Мындай бурулуштун себеби түшүнүктүү, ажо менен келген бийлик ошол ажо менен бирге кетет, жаңы ажо менен бирге жаңы бийлик келет. Бул тарыхта «роль личности в истории» деп аталат . Бийлик алмашылганы менен медиа каражатты тизгиндөө өзгөрбөдү, ошондуктан аларкаражат) жаңы бийликке эски ыкма менен кызмат кылат. Ажо (киши) өзгөрүлөт, ыкманын багыты (бийлик) өзгөрүлбөйт.

2002-жылы мамлекеттик комиссия менен удаа коомдук комиссия да түзүлүп, Аксы окуясына иликтөө жүргүзүп, жыйынтык чыгарган. Ошол жерде конкреттүү түрдө расмий гезиттердин ыплас аракеттери (калп айтуу, жалаа жабуу) айтылган. Ошол расмий гезиттердин тизмеси: «Кыргыз Туусу», «Эркин–Тоо», «Слово Кыргызстана». Комиссия окуяга тиешелүү аткаминерлердин аттарын персоналдуу берген. Алар: мам катчы, баш прокурор, губернатор, ички иштер министри, облясттын прокуроруу, спецназдын командири, Аксы районунун акими, раймилициянын начальниги, райондун прокурору.

Аксы окуясынан башталган элдин толкуну Кыргызстандагы биринчи революцияга алып келди жана өлкөнүн биринчи ажосун качууга мажбурлады. Аксыга чейин бийлик митингге чыккан элди милициянын куралы менен аткылаган эмес, буга чейин митингге чыккан жарандар каза болгон эмес. Бийлик менен граждандык коомдун ортосундагы тирешүүдө биринчи жолу кан төгүлдү.

## 2.3. Ыңкылаптардын (март 2005, апрель 2010, Ош-2010) контекстинде иштеген региондук прессанын орду

Март 2005. Оппозициялык кыймылдар биригишип, «Форум политических сил» деген саясий күчтөрдүн блогу жаралды. 4-мартта Жалал-

Абад шаарында эл митинг уюштуруп, «адилетүү шайлоо болсун жана Акаев кетсин», – деген ураан менен областтын администрациясын (имаратын) басып алышкан. Буга удаа Нарында эл Бишкек-Торугарт жолун торошту. Талас менен Ош көтөрүлдү. Бир заматта бүтүн республикада митингдер башталды. Бул кыймылды маалымат каражаттары чагылдырып турушту.

Биз буга чейин белгилегендей, гезиттер бир жумада бир жолу эмес (эркин түрдөгү гезиттер), жуманын экинчи, үчүнчү, төртүнчү жана бешинчи күндөрү чыгып, элге маалыматты жеткирип турушту (пресса күнүмдүк режимде иштегендей болду). Расмий гезиттер, албетте, бийликти коргоп, эркин гезиттер менен кезектеги салгылашуусун башташты. Ошол учурда жумасына үч жолу чыккан жана эң көп тиражы бар орус тилиндеги «Вечерний Бишкек» гезитин А.Акаевдин казак күйөө баласы менчигине өткөрүп алгандыктан гезит Акаевди коргоп, чындыкты бурмалап элге жеткирип жатты.

2004-жылы бийлик эркин сөздү муунта баштаган. Мамлекеттик басмакана ценуранын куралына айланып, эркин гезиттерди басуудан баш типографияны «Центр поддержки СМИ» Бишкекте ачып беришкен. Эркин гезиттер ушул жерден чыга баштады. Бул басмакана азыркы да иштеп жатат. Бийлик (2005-жылы) жаңы ачылган типографияга электроэнергияны бербей койгон (ушундай да амалды табышкан), Американын авиабазасынан генераторлорду алып келип, автономдуу түрдө электроэнергияны беришкен. Ошентип, бийликтин эркин гезиттердин оозун жабуу максаты таш капты. Эркин гезиттер элге обьективдүү чындыкты кабарлоону токтотушкан жок.

Басма сөздү А.Акаев тизгиндей албай калды. Анын бул багыттагы аракети натыйжа бербеди. Ошондуктан журналисттерди өзүнө тартуу үчүн «Алтын калем» (золотой перо) сыйлыгын уюштурушту, аны бийликтин сөзүн сүйлөгөн журналисттерге ыйгарышып, алтын сааттарды беришти, бирок мындай азгырууларга принципиалдуу журналисттер алданышпады.. Айрым редакторлор ажого жакындашты, айрым гезиттер менен телеканалдар бийлик тарабына өтүштү. Бийлик тарапка ооп кеткен гезиттердин ордуна заматта

башка эркин гезиттер пайда болду. Укук коргочуулар жана оппозициялык саясатчылар журналисттер менен биригип, салмактуу бир күчкө айланды. Ажонун айласы кетти. Натыйжада бийликти таштап качып кетүүгө аргасыз болду.

Апрель 2010. Биринчи президенттин (А.Акаев) башкаруу ыкмаларын экинчи президент (К.Бакиев) улап кетти. Экөө тең үй бүлөлүк бийликтин фундаментин бекемдөөгө жан үрөштү.

Акаевден кийин бийликке келген Бакиев үй бүлөлүк башкарууну жолго салуу менен чектелбестен, оппоненттеринин көзүн тазалоого өттү. Б.Эркинбаев, Р.Санатбаев, М.Садыркулов сыяктуулар бийликтин курмандыгына айланышты. Ө.Текебаевди «наркобизнестин өкүлү» деп күнөөлөө үчүн «матрешка-гейт» операциясын уюштурушту. Бул тарыхка «матрешка-гейт» деген аталышта кирип калды.

Каркыра маселеси да К.Бакиевдин учурунда орун алды. 2008-жылы кыргыздын бул ыйык жерин казактарга өткөрүү боюнча чечимди Жогорку Кеңеш бекитип берген. Ошол учурда Адахан Мадумаров спикер болгон. Ратификациялык чечимге ушул адам кол койгон. Парламенттин көпчүлүгү К.Бакиевдин командасынан шайланышканы үчүн чечимди дароо эле колдоого алышкан. Оппозиция каршы турган, бирок бийлик өз билгенин жасаган. Мамлекеттин басма сөзү менен расмий телеканалы бийликтин чечимин колдоп, ага каршы чыккандарды жерден алып көргө тыгышты..

Өлкө ушундай окуялардан улам социалдык жарылууга даяр болуп калган. Кыргыз тилиндеги «Агым», орус тилиндеги «Дело №» менен «МСН» бийликтин былык-чылыгын элге жеткирип жатышты. «Азаттык» радиосу болсо Бакиевдин доорунда принципиалдуу позициясынан тайып, Бакиевдин бийлигине ыктап калган. Анткени Бакиев радионун жергиликтүү журналисттеринин бирине сыйлык, экинчисине наам, үчүнчүсүнө кызмат берип, өзүнүн камчысын чаптыра баштаган. Ошондуктан алар ажону колдой баштакан. Азаттыктын Бишкектеги жетекчисин (К.Молдокасымовду)

мамлекеттик телеканалга жетекчи кылган. Бирок мындай аракеттер бийликти жеңишке жеткирбеди, себеби өлкөдөгү эркин сөздү, эркин ой жүгүртүүнү токтотуу мүмкүн эмес эле. Чындыкты колдогон инсандар бийликтин зомбулугуна чыдап, тайманбай каршы туруусун уланта беришкен.

Бийликте тургандардын айрымдары Каркыранын казактарга берилишине каршы болушту. Аларды бири – К.Бакиевдин доорундагы тышкы иштер министри Аликбек Джекшенкулов. Ал Каркыраны өткөрүп берүү жөнүндөгү расмий документке колун койбой койгону үчүн кызматтан алынган. Оппозициянын дагы бир лидери  генерал Исмаил Исаковго кылмыш ишин козгоп, 8 жылга эркинен ажыратышкан.

Массалык-маалымат каражаттарынын ичинен чындыкты элге жеткиргени үчүн бийликтин каарына калгандар болду. Аларга:  «Пирамида» телеканалдын редактору Т.Бектенов 2007-жылы  Швейцарияга  качкан,  журналист С.Абдылдаев тепкиленгенден кийин, Швецияга кеткен, «Де-Факто» гезитинин редактору Ч.Орозобекова күйөсү экөө чет ммлекетке качууга мажбур болушкан. «Репортер-Бишкек» гезитинин өкүлү  Х.Мажиеваны сабап кетишкен [119, 42-б.]. Ноокаттан журналист А.Ташиев тепкиден кийин каза болгон [120, 3-б.]. Оштон журналист А.Саипов атылган, Г.Павлюк Алматыда өлтүрүлгөн.

Медиа  тармагынан мындай кандуу чабуулдар чейин эч бир болгон эмес. Журналисттерге каршы күч колдонгон учурлар өтө күчөгөн [121,11-б.]. «Журналисттер» бирикмесинин төрагасы: «профессия журналиста в Кыргыстане становится опасной, каждый раз происходят факты, угрожающие жизни журналистов» деп дүйнөгө кабар кылган [122, 5-б.].  2010-жылы 3-апрель күнү ООНдун генералдык катчысы Пан Ги Мун Бишкекке келип, президент К.Бакивге жолуккан. «Мы обеспокоены мерами, которые кыргызские власти принимают для ограничения независимого освещения событий»,− деп, дүйнө коомчулугунун  официалдуу пикирин билдирген[123,

6-б.]. Минтип айтууга кыргыз бийлиги негиз берген. Эксперттер К.Бакиевдин доорун «Пиночеттин дооруна» салыштырышкан.

Экинчи революция Таластан башталды (биринчиси Жалал-Абаддан башталган). 2010-жылдын 6-апрелинде Таластын обладминистрациясынын маңдайында митинг өткөрүлгөн. 7-апрелде ички иштер министри М.Конгантиев келип, элге орой мамиле жасаган. Эл ага катуу жооп берген.. Чыдамы түгөнгө эл бийликтин имаратын басып алып, К.Бакиевди кетсин деген талапты коюшкан. Ошол тирешүүдө 48 адам жарадар болгон. Көтөрүлгөн элди басып коюуга милициянын күчү жетпеди. Анын үстүнө Кыргызстандын башка аймактары да көтөрүлүп, натыйжада Бакиевдин бийлиги кулап, бийлик элдин колуна өткөн.

Бишкекте митингчилер Ак үйдгө бет алышкан жарандаргы ок атылды. Өлгөндөр көп болду, бирок аянттан эл кетпеди, өлүктөрдү четке чыгарып, кайра-кайра Ак үй жакка бой урушту. Кыргыз элин ок багынтуу мүмкүн эмес экенине дүйнө жүзү күбө болду.. Эл өздөрүнүн тайманбастыгын көрсөтүштү. Натыйжада Бакиевдин бийлиги кулап, өзү Акаевге окшоп качууга мажбур болду.

Бишкекте 14 кишиден турган Убактылуу Өкмөт түзүлдү (Временное Правительство), муну Роза Отунбаева жетектеди [112, 85-86-б.]. Убактылуу Өкмөт өзүнүн декреттери менен кыргыздын эки ажосун «кол тийбестик» статусунан ажыратты (К.Бакиевди 2010-жылдын 26-апрелиндеги декрети, Акаевди 2010-жылдын 12-августундагы декрети менен). Декреттерде «жоопко тартуу жана экстрадиция кылууга чаралар көрүлсүн» деп жазылган [112, 150-159-б.].

Кыргыз жериндеги ыңкылап жөнүндө бир топ эле китептер жазылды, ошонун ичинен Россиядан келген адис А.Василевецкий бир топ даректүү маалыматты баяндаган. «Часть доказательств была уничтожена заинтересованными лицами. Исчезли» записи, которые круглосуточно вели сотрудники государственной службы нацбезопасности. Не сохранились записи с камер

слежения в Белом доме (всего их было 8, их установили туда после событий 2005 года). Эти записи могли показать, кто и когда сюда входил (включая снайперов). Записи должны были хранить в течение месяца» [125, 25-36-б.].

Медиа тармагында, бул жолу да (бийлик алмашкандан кийин) реформа жасалбады. Мамлекеттин негизги телерадиосу жаңы бийликтин колунда калды. Өкмөттүн гезиттери да ошол эле бойдон калышты. Коомдук телеканал (накта коомдук статуста) түзүлбөдү. «Ажолор кетти, телеканал ошол бойдон өзгөрүлбөй сакталып калды».

Ош – 2010. Трагедиялуу окуя Ош аймагында 20 жыл өткөндөн кийин дагы бир жолу кайталанды. Очогу дагы эле Ош шаарында болду. Бул жолу да провокациялык үгүттөр медиа тармактан башталган. Мамлекеттик телеканал менен расмий гезиттер дагы эле маалыматты бурмалап (түздөп, оңдоп) берген ыкманы колдонду. Аймактагы журналисттер этникалык тирешүүлөр чыккан жерге баралбай калышты, себеби жолдорду бийликтин буйругу менен тосуп салышкан. Репортёрлор түздөн түз иштей албай, элге маалыматты жеткире алалбай калышты, коомчулук имиш менен божомолго курчалды. Коогалаңдын астындагы акыбал – ушу.

Трагедия төрт күнгө уланды (11-июндан 14-июнга чейин). Ушул учурда жергиликтүү калк маалыматты жергиликтүү медиа каражаттардан алалбай, Бишкектен алып калышты. Маалымат улуттук телеканалдан, 5-чи каналдан, ЭлТРден жана борбордон чыккан расмий гезиттерден келип атты. Улуттук (мамлекеттик) канал жаңылыктарды эки саатта бир берген, анан муну жергиликтүү (обласττагы) каналдар кайталайт, бирок толуктоого жана тактоого мүмкүнчүлүк болгон эмес, себеби алар жер жерлерден репортаждарды бере албай калышкан.

Өзбек жарандарындын лидери Кадыржан Батыров Жалал-Абад шаарындагы менчик университетинин жанына май айында митингдерди өткөрүп, «сепаратисттик» чакырууларды жасаган. Буга каршы кыргыз жарандары «антимитинг» өткөрүп, тирешүү жаралган. Муну өзбек тилинде

чыккан Ош-ТВ телеканалы тез-тез түрдө эфирге чыгарып турду. К.Батыров менен И.Абдырасуловдун митингдерде айткан чакырыктарын өзбек тилиндеги Мезон-ТВ телеканалы да байма-бай берип турду. Мына ушул медиа каражаттар сепаратисттерге негизги «рупор» болуп берди жана өзбек улутундагыларды автономия түзүүгө үндөп, чакырышты..

Өзбектер жашаган Оштун кварталдарында (махаллаларда) үйлөрдүн чатырларына «Узбекская зона» («Өзбөктөрдүн зонасы») деп англис тилинде чоң тамга менен жазышкан, муну көргөн кыргыздар «авиацияга ориентир кылып жатышат» деп түшүнүшкөн [128, 137-138-б.]. Ок атышуу 10-июндун түн кирген мегилинде Оштон башталды. Эртеси күнү Алайдан атчандар Ошко кирип келишти. Салгылашуу күчөгөн. Кара-Сууга жетти. Имараттар өрттөлдү, адамдар кырылды. Андан киийн жанжал Жалал-Абад менен Базар-Коргонду өз ичине алды.

Кыргыз бийлигинин кыймылдары ошол кезде журналисттер тарабынан кескин түрдөгү сынга алынган. «Жаңы Ордо» гезитинин редактору Бекен Назаралиев: «Р.Отунбаева, А.Атамбаев, Ө.Текебаев эл бузар Кадыржан Батыровго окшогондорго автономия беребиз деп, Кыргыз Республикасынын бүтүндүгүнө доо кетиришкен» [130, 5-б.]. Акман айылынын тургуну Б.Асанов Ө.Текебаев жөнүндө Ал «журт бузар, бул жерге басып киргенге акың жок, баарын баштаган сенсиң» [128, 200-б], деп күнөө койгон. Текебаевдин кичи мекени – ушул Акман айылы (Базар-Коргон районунда).

«Вечерний Бишкек» гезитинде 2011-жылы курман болгондордун саны жарыяланган. «426 киши өлтүрүлдү (ичинен 381 адам таанылды). 2000 киши жаракат алды (ичинен 925 адам ок тийгенден ооруканага жатышкан), 35 киши дайынсыз жоголду» [131, 6-б.]. Бул жерден белгилей турган дагы бир нерсе бар. Василевецкийдин китебинде мындай маалымат берилген. Кубатбек Байболов (Жалал-Абад областына комендант болгон) журналистке берген интервьюсунда: «Их нанимателями являются приближенные семьи Бакиевых. У нас есть неопровержимые доказательства и признания задержаных. На них

заведены уголовные дела. Все показания купируются, и доказательства будут представлены обществу на днях» [132, 5-б.]дегнен экен. Бирок бул маселе кийин көмүскөдө калтырылып, ак-карасы дайынсыз болуп калган..

Ош окуясын үч комиссия иликтеп чыккан. Биринчиси – депутаттык комиссия, экинчиси – улуттук комиссия, үчүнчүсү – эл аралык комиссия. Отчёттордо төрт тарап көрсөтүлдү (себепкер катары) - сепаратисттер, реваншисттер, исламисттер жана наркобарондор. Булардын ар бирине аргументтер бар, бирок булар – күмөндүү. Мисалы, «исламист» деген аргументке россиялык эксперт В.Пономарев: «Нет убедительных доказательств того, что люди ночной призыв с минарета мечети воспринимали как призыв к «вооруженному джихаду», а не к обороне» [133, 245-б.]. Бул жерден тактай турган маселе да бар, кагылашуу азандан мурун башталган. Наркоборондорго тиешелүүгү боюнча деле эч факты деле жок.

Өзбек сепаратисттери бул кагылышууну уюштуруучулар далилдер жетиштүү, бирок негедир ООНдогу Генералдык Ассамблея 2010-жылы 21-сентябрда кабыл алган корутундуда булар эске алынбай калган. Документте Оштогу окуя боюнча: «үчүнчү күчтөрдүн уюштурулган акциялардын барымтамасында калгандыгына толук негиздер бар». Бирок айтылган «негиздери» эч жерден табылган жок. ООНдун маалыматы документалдуу далилге негизделбей, «божомол» катары архивге кетти [135, 66-б.].

Ош окуясына байланыштуу Азимжан Аскаровго милиционерди «өлтүргөн», – деп, сот «пожизненный срок» берген. Эл аралык юристтер болсо буга эч бир далил жок деп жыйынтык чыгарышкан. А.Аскаровго АКШнын Мамдепартаменти сыйлыгын ыйгарышкан, БУНнун укук коргоо комитети аны «узник совести» дешип, кыргыз бийлигине соттун чечимин өзгөртүүнү сунуш кылышкан. А.Аскаров 2011-жылы соттолгон. Кыргыз соту бул ишти үч жолу кайра карап, чечимди ошол бойдон калтырган. 2020-жылы Азимжан Аскаров абактын бөлмөсүндө коронавирустан каза тапкан.

Өлкөнү башкараган адам өзүн кудай катары сезип калганда, мамлекеттин сахнасында так ушундай иштер орун алат. Анан мындай жетекчилерге эч кандай арга табылбай калат, булар дүйнөнүн масштабындагы эл аралык тартипке да баш ийбей калышат. «Государство – это я и моя семья» деген принцип менен жашап калышат. Аягы – «фиаско».

Президент А.Атамбаевдин субъективдүү кадамдарына мезгил өзү жооп берди. Бул ажонун доорундагы өлкөнүн медиа тармагына тийгизген зыяны, журналисттер менен «салгылашканы», анан акыры өзү орноткон тартип түп тамыры менен талкаланганын үчүнчү главанын бир бөлүмүндө карайбыз.

**Экинчи бөлүмгө тыянак**

Региондун үч аймагындагы медиа каражаттарынын иш-аракеттеринде бир нуктан чыккан окшоштуктардын болушу – мыйзам ченемдүү көрүнүш, себеби булар борбордук саясаттын негизинде өнүккөн, ошондой болсо да ар бир аймактын өзүнө гана таандык спецификасы бар. Муну биз басма сөздүн материалдарын иликтөөдө аныктадык. Мисалы, Ошто орун алган фактылар ушул аймактын контекстине байланыштуу, Жалал-Абаддагы көрүнүштөр жергиликтүү контекстке таянат, Баткендики да – так ушундай. Салыштыруу ыкмасы аркылуу окшоштук менен өзгөчөлүк белгиленди. Элдин саны да, этностордун жайгашканы да буга белгилүү түрдө таасир этет, экстремалдуу кырдаалдарда булардын орду жана коомдогу ролдору да өзгөчө болгонун жергиликтүү (жана чет элдик) медиа каражаттары чагылдырып берген. Ушул жагын аймактардагы басма сөздүн материалы аркылуу иликтедик.

1990-жылы орун алган Оштогу трагедиялуу окуя, Баткендеги 1999-жылы экстремисттер кол салган окуя жана Аксыдагы бийлик менен жергиликтүү жарандардын тирешүүсүндө кан төгүлгөн окуя басма сөздүн кызматы аркылуу кандай деңгелде чагылдырылганын талдадык.

Ыңкылапта регионалдык медиа каражаттар өзгөчө түзүлгөн шартта иштешет. Кыргызстанда мыдай ыңкылаптар XXI кылымда үч жолу орун алды, ошолордун экөөсүн (март 2005 жана апрель 2010) биз басма сөздүн контекстинде карап чыктык. Буга кошо 2010-жылы Ошто экинчи жолу кайталанган этникалык коогалаңдагы прессанын орду жана ролун да анализдеп, биринчи коогалаңдын «белгилери» менен (1990-жылдагы Ош окуясы) салыштырдык. Биринчи коогалаңда (1990) Москванын таасири өзгөчө орун алса («Правда», «Известия», «Литературная газета»), экинчи коогалаңда (2010) Бишкектин ролу алдынкы орунга чыккан (бул учурда регионго Москванын тиешеси жок болуп калган).

Экстремалдык учурларды алсак, 2002-жылы Жалал-Абаддын Аксы районунда орун алган окуянын коомго тийгизген таасири абдан күчтүү

болгонун белгиледик, себеби так ушул окуя (2002, февраль) коомго күч берди, бийликтин астында кул катары бөжөндөбөй, алдыга жылуунун аракети туруктуу бир багытка айланган. Анан так ушул багыт элди 2005-жылы март айындагы революцияга жеткирди.

Бул жерде медиа каражаттарынын күчү да чыналды, себеби ушул тирешүүдө мамлекеттик медиалардын чыныгы жүзү ачылды (тактап айтсак, бийликтин жүзү бийликтин кол алдында иштеген медиа каражаттардын аракетинен улам ачылып калды). Мамлекеттик деңгелдеги «фейк» так ошондо жаралды - муну Аксы окуясын чагылдыруу процессинде көрсөттүк.

## III БӨЛҮМ

## МОНИТОРИНГДЕРДИН ОТЧЁТТОРУ, МЕДИА БОЮНЧА КОМИССИЯНЫН МАТЕРИАЛДАРЫ, ЖУРНАЛИСТТЕРГЕ КАРШЫ БЕРИЛГЕН ДОО АРЫЗДАР ЖАНА ИЛИМИ ИЗИЛДӨӨНҮН ЖЫЙЫНТЫГЫ

### 3.1. Кыргызстандагы мониторингдердин отчёттору жана медиа комиссиянын материалдары (түштүк регион боюнча)

«Мониторинг» деген термин көзөмөл кылуу дегенди түшүндүрөт. Бизде медиа тармагына мониторинг 2000-жылы башталган. Ошол жылы өлкөбүздө эки шайлоо өткөн – парламенттик жана президенттик. Акаев үчүнчү мөөнөткө шайланган. Шайлоолорду чагылдырган медиа каражаттардын ишине мониторинг жүргүзүлдү, өз алдынча эки мониторинг – биринчиси эки айды, экинчиси бир айды өз ичине алган. Бишкек шаарынан эфирге чыккан телеканалдары көзөмөлгө алынып, булар чыгарган материалдар күн сайын видеотасмага жазылып, талдоодон өткөрүлгөн. Талдоонун атайын методикасы иштелип чыккан. Бул ишти «Журналисттер» деген коомдук бирикмеси аткарган.

Биринчи мониторинг «Мониторинг электронных СМИ (Кыргызстан). 26 января – 20 февраля 2000 года (выборы в Парламент). Экинчисиники «Мониторинг электронных СМИ (Кыргызстан). 2 октября – 29 октября 2000 года (выборы президента) деген ат менен жүргүзүлгөн. Анан ушул тартипте жана ушул методика аркылуу шайлоо учурларында дагы эки жолу өткөн (булар да электрондук медиага болгон) – парламенттик шайлоодо жана президенттик шайлоодо (2005-жылы). Андан кийинки (2009-жылы) президенттик шайлоодо дагы өттү. Аталган мониторингдин баарысы телеканалдарга байланыштуу эле, калган мониторингдер болсо медиа тармак жагын да, басма сөз жагын да жалпысынан камтып, мониторингдер жүргүзүлгөн.

Булардан тышкары 2002-жылдын май айынан 2003-жылдын август айына чейин мониторинг өткөрүлгөн (15 ай), 2004-жылы (12 ай), 2005-жылы (12 ай), 2011-2012 (2 жыл), 2015 (6 ай), 2015 (2 ай) жана 2019-жылы (9 ай). Булар орус тилинде жүргүзүлгөн, бир эле мониторинг кыргыз тилинде өткөрүлгөн (2011-2012). Булардын натыйжалары англис тилинде жарыяланган[139, 24-б.]. Бул мониторингдерге саресеп салып көрөлү:

Мониторинг конфликтов и нарушений прав журналистов и СМИ

Кыргызстана (май 2002 – август 2003)

Бул мониторинг 15 айга созулган. Алты позиция боюнча көзөмөл кылынган. Позициялардын жыйынтыктарын тизмелесек, төмөндөгүдөй болот.

Булар атайын иштелип чыккан методиканын негизинде каралган.

Журналисттерге кол салуу – 10 жолу

Журналисттерди кармап кетүү – 4 жолу

Журналисттерди басмырлоо – 5 жолу

Журналисттерди сотко берүү – 45 жолу

Маалыматты бербей кою – 8 жолу

Маалымат таратууга тоскол кылуу – 29 жолу

Отчётто Өзбекстандын чек ара кызматкерлери (пограничниктери) Жалал-Абад областынын расмий гезити «Акыйкаттын» өз кабарчысы Ж.Жакиевди 2002-жылдын май айында кармап алышып, «Сен эмнеге өзбектерге каршы макалаларды жазасың»,– деп нааразычылык билдиришкен. Чек арада орун алган бул окуя гезитке чагылдырылган. «250 сом (5 доллар) бергенимден кийин, солдаттар мени бошотушту», – деп, автор өзү мониторингге кабарлаган [140, 3-б.]. Мындай фактылар ал жерде (чек арадан) дагы бир нече жолу кайталанган.

Мисалы, 2002-жылдын 28-сентябрында Ташкент шаарынан Ошко кайтып келе жаткан журналистти «Дустлик» деп аталган Өзбекстандын чек аралык

бажыкананын кызматкерлери кармашып, «чалгынчы экенсин», – деп сабап салышкан.. Аталган факт мониторингге жеткенден кийин, журналисттердин Эл аралык Федерациясына белгилүү болгон.

Дүйнөлүк уюмдун жетекчиси Өзбекстандын президенти Ислам Каримовго расмий түрдө төмөндүгдөй мазмундагы кат жөнөткөн.

от Президента Международной Федерации Журналистов

Кристофера Уоррена

Нападение на журналиста было мотивировано выступлением его коллеги Алишера Саипова, который 28 сентября 2002 года по радио «Голос Америки» рассказал о коррумпированности узбекских таможенников. Во время указанного инциндента «начальник» с таможни заявил, что уже послал двух людей, чтобы они нашли Алишера Саипова и расправились с ним.

Международная Федерация Журналистов настаивает на том, чтобы Вы провели расследование по этому факту и наказали тех, кто участвовал в избиении журналиста. Также мы просим об обеспечении безопасности Алишеру Саипову и всем журналистам, работающим в Кыргызстане. Президент IFJ Кристофер Уоррен. 9 октября 2002 г. [140, 112-б.].

Бул өтө маанилүү документ – Борбор Азиянын журналистикасынын тарыхында түбөлүктүү түрдө сактала турган факт.

Ушул каттан кийин Өзбекстандын чек арачылары менен бажы кызматкерлери Кыргызстандын журналисттерине кол салганын токтотушкан. Төрт жылдан кийин Алишер Саиповдун өмүрүнө кол салуу болуп, 2006-жылы жаш журналистти (өзбек улутундагы Кыргызстандын жаранын) Ош шаарынын көчөсүнөн белгисиз адамдар атып кетишкен.

Мониторингдин дарегине (2002-2003) журналисттерге берилген доо арыздар жөнүндө көп эле мааламаттар келген. Түштүк регионун алсак, бул жерде өзүнчө бир доо арыздардын «жарышы» болгону көрүнүп турат (соревование судебных исков). Жалал-Абад областынын «Кыргыз басма сөз»

(почта) кызматынын жетекчисинин орун басары «Дил» гезитинин башчысын сотко берген. Баткен районунун мурдагы акими (Дастан Бердиев) «Баткен таңы» гезитинин авторуна каршы доо арызын жазган. Оштогу Кыргыз-Өзбек университетинин ректораты «Уш окшоми» гезитинин кабарчысы М.Маткасымованы сотко берген. Оштогу Эсептөө палатасынын мурдагы кызматкери журналист А.Токсонбаевге каршы доо арыз менен сотко кайрылган. Кара-Суу районундагы орто мектептин мугалими «Билим Нуру» гезитинин редакторун сотко берген. Базар-Коргон районундагы медицина борборунун башкы врачы (Т.Абдуллаев) «Право для всех» бюллетенининин өкүлу болгон А.Аскаровду фактыларга таянган сын пикир жазган үчүн сотко берген [140, 5-14-б.]. Ушундай бир сотко берүү «кербени» тизилип эле калган.

Ушул жылдарда (2002-2003) элдин нааразычылыгы кульминациялык деңгээлге жеткен. Акаевдин 2000-жылы үчүнчү мөөнөткө шайланганы, андан кийин Аксы окуясы, медиа каражаттардын үстүнөн сотторго улам түшкөн доо арыздар бийликтин терс жагын көрсөттү. Белгилүү демократ Дооронбек Садырбаев ошол кезде «Горбатая демократия» деп аталган макаласын жазган. Анда: «Конституционный суд страны нарушил конституционные нормы в угоду одному человеку. Бесспорен тот факт, что Акаев впервые избран президентом 27 октября 1990, следовательно, течение срока исчисляется с этого дня. Но решением от 13 июля 1998 Конституционный суд подтверждает право Акаева участвовать на выборах в 2000 году, то есть уже в третий раз» [141, 129-130-б.].

Ушуга байланыштуу Д.Садырбаев «Конституционный суд стал соучастником уголовного деяния» («Конституциялык сот кылмыштык кадам жасаанга шериктеш болду»), – деп тыянак чыгарган. Ооба, бир адам үчүн конституциялык норманы бузушкан. Акаев 1990-жылы биринчи жолу ажо болуп шайланды, 1995-жылы экинчи жолу, анан 2000-жылы үчүнчү жолу шайланды. Конституцияда эки жолу гана шайланууга укук бекитилген. Бирок Консоттун төрайым Ч.Баекованын мыйзамды бузган чечимин аркылуу шайлоого барган.

**Кыргызстан: Защита демократических принципов свободы слова в странах Центральной Азии. Мониторинг. Январь-декабрь 2004.**

Бул мониторингдин отчётунда статистикалык көрсөткүчтөр берилген. 2000-жылы өлкөдө медиа тармагына 4 доо арыз түшкөн, 2003-жылы бул үч эсе көбөйгөн (республиканын масштабында), ал эми 2004-жылы бир эле Бишкекте 12 доо арыз жазылган. А дегенде доо арыздар райондук деңгелдеги аткаминерлерден түшсө, кийин ички иштер министри менен премьер-министр да (ал кезде Николай Танаев) кошулушкан.

2004-жылы бир трагедиялуу окуя болгон, мониторингде журналисттин өлүгү табылды деген кабар камтылган (буга чейин мындай суук кабар болгон эмес). «Ысык-Көл тур» гезитинин кызматкери Ж.Бейшембаевдин водопроводный люктун ичинде таш менен бастырылып коюлган сөөгү Каракол шаарынан табылган. Ошол жылы республика боюнча журналисттерге 8 жолу кол салынган. Февраль айында Оштогу ресурстук борбордон кароолчуну сабап, офистен компьютерлерди алып кетишип, 5 миң долларга зыян келтиришкен[142,8-б.]. Ушундай маалыматтар мониторингдин офисине түшүп турган.

Ошто иштеген журналист Станислав Полищук областтагы коопсуздук кызматынын офицери ага материалды басмага берердин алдында көрсөтүп туруш керек деп сунуш кылганын билдирген [142, 42-б].

«Ош шамы» гезитинин кабарчысына бийлик тарабынан «эскертүү» берилгени да мониторингге жеткен. Анын «күнөөсү», автор (Ж. Мамаев) шаардын аянтында окуучуларды госадминистрациянын чиновниктерин тососуңар, – деп бир нече саат кыштын күнү күттүрүп коюшканын сындаган [142, 43-б.].

Сузак районунда бир айыл өкмөттүн жетекчиси «Фергана» гезитинин кабарчысына «опровержение» бергин, бербесең сени сотко берем деп док урунган Автор ошол айыл өкмөттүн былык иштерин фактылардын негизинде сындап чыккан. Макала басылгандан кийин ошол айылдын тургундары гезитке ыраазычылык кат жазышкан [142, 45-б.].

2004-жылы бийлик бутактары (ветви власти) 47 жолу маалымат берүүгө «отказ» жана «тоскол» кылышкан, себептерин айтышкан эмес. Бул өзгөчө «Право для всех» бюллетендин суроолоруна госадминистрациясынын өкүлдөрү, милициянын жетекчилери, салык кызматкерлери, билим берүүнүн бөлүмдөрдүн өкүлдөрү, шаар кеңештин депутаттары жана башкалар жооп берүүдөн баш тартышкан [142, 56-66-б.].

2004-жылдын аягында Ош шаарынын журналисти А.Токсонбаев «Элим менен, элим үчүн» коомдук фондунун жетекчиси А.Сатыбаевди жоопко тарткыла деп, сотко доо арыз менен кайрылган. Арыздын себеби мындай. А.Сатыбаев мырза коомдун атынан «президент А.Акаевдин мөөнөтү дагы эки жылга узарсын деп референдум өткөрүүнү сунуштаган. Бул демилгени журналист «кылмыш» катары баалап, Конституциянын нормасы бузулган, – деген сын пикирин билдирген. А.Сатыбаев мындай дооматты четке кагып, «оппозициялык журналисттер чет элдик донордун акчасына сатылып жатат», – деген жооп кайтарган [142, с. 111]. Эми бул жерде ким канчага сатылганын билүү «не важно» . Кептин мааниси башка, бул жерде жарандын позициясы жана журналисттин профессионалдык милдети белгиленип жатат – бийликке «арзыматчылык» кылган көрүнүштү журналист сындаган, бул – анын коом алдындагы милдети. А.Сатыбаевдин демилгесинен үч эле ай өткөндөн кийин мезгил өзү баарын ордуна койду – А.Акаевдин бийлигикулады. Ажонун мөөнөтүн дагы эки жылга узартуу керек (2007-жылга чейин) деген демилгени эл колдободу.

**Кыргызстан: Защита демократических принципов свободы слова в странах Центральной Азии. Мониторинг. Январь-декабрь 2005 года**

Бул мониторингдин изилдөөчү боюнча 2005-жылы журналисттерге 12 жолу кол салуулар болгон. Мисалы, 12-сентябрда Кара-Суу шаарында өткөн митингдин учурунда «Жаңы муун» гезитинин редактору Ж.Бекбаеваны сабап кетишкен. Бул окуя райондук прокуратуранын кароосунда болгон. [143, 11-б.]. 2005-жылы жаңы бийлик орногон(экинчи президент К.Бакиев), бирок эски бийликтин негативдүү башкаруусу өзгөрүүсүз эле калган. Мисалы, Кылмыш кодексиндеги 127-беренени (клевета) жана 128-беренени (оскорбление) бийликтин өкүлдөрү сөз эркиндигине каршы колдонууну уланта беришкен. Ошондой эле Граждандык кодексинин 18-беренесин (защита чести, достоинства и деловой репутации) сын пикирлерин айткан журналисттерге каршы пайдаланышты.

Президенттин кадыр-баркын көтөрүү, сактоо үчүн 2003-жылы «О гарантиях деятельности Президента» деген мыйзамга атайын бир беренени киргизишкен (4 берене), бул мыйзам боюнча, ажонун атынан анын ар намысын коргоо прокурорго ыйгарылып, доо арыз берүү укугу берилген. [143, 28-б.].

2005-жылдын май айында Өзбекстандын элчиси Кыргызстандын медиа тармагына кайрылып, Андижандагы окуя жөнүндөгү маалыматты ылгап берүүнү сунуштаган. Буга байланыштуу Жалал-Абаддын администрациясы: «Өзбек тараптан келген качкындар жөнүндөгү маалыматтарды кыргыз журналисттерине бербегиле» − деп өлкөнүн укук коргоо органдарына буйрук берген [143, 60-б.].

2005-жылдын апрель айында Москва шаарынан биринчи ажонун жубайы Майрам Акаева элге кайрылуу жасап, журналисттерге нааразы болгонун билдирген. «За 14 лет президентства мы с Аскаром Акаевичем не были обеспечены квартирой. Мы не построили ни дач, ни домов. Аскар Акаевич отдавал всего себя построению демократического государства. Для него лично

материальные ценности и блага никогда не имели никакого эначения» [143, 84-б.]. Эми мындай «тамсилге» эл ишенген жок, Ажонун накта жүзүн 14 жылдын ичинде көрүп, мамлекеттин кеызыкчылыгы эмес,үй бүлөсүнүнүн кызыкчылыгын жогору койгондугун эл өз көздөрү менен көрүп, күбө болгон.

2005-жылы Жалал-Абаддын расмий гезитине тиешеси бар бир күлкүлүү окуя орун алган Жергиликтүү басмакана (типография) «Акыйкат» гезитинин 3500 нускасын тетири чыгарып, андагы Путин менен К.Бакиевдин сүрөттөрү да тескери берилип калган. Бул эки президентти гезит «левша» (сологой) кылган экен. Гезит элге таралып кеткен, гезиттин редактору сотко кайрылып, типографиядан 1,5 миллион сомду (37500 долларды) компенсация кылсын, – деп талап койгон. Бирок бул маселени соттун кароосу үчүн ири суммадагы пошлина төлөш керек эле. Редакцияла андай каражат болбогондуктан, доо арыз каралган эмес[143, 200-б.].

Мониторинг учурунда Ош шаарында чыккан. «Жаңы муун» менен «Demos Times» (эркин гезиттер) шаардагы коррупциялык көрүнүштөрдү чагылдырган материалды жарыялашкан. Гезиттер менчик басмаканадан чыгарылган, бирок гезиттин нускалары толук бойдон редакцияга «сатылбады», – деп кайтарылып берилген. Чындыгында. басмакананын кожоюну тиражды кошумча бастырып, «Кыргыз басма сөздүн» областтагы филиалы аркылуу саттырып, кирешени өзү алганы далилденген. Окурмандардын колуна гезиттер жетип турду, ал эми гезиттерден түшкөн акча редакцияга жетпеди. Көрсө басмакананын ээси менен «Кыргыз басма сөздүн» филиалынын директору бир эле адам богондуктан (Абдулла Ташмырзаев), ушундай шылуунчулук жасалган.

Финансы маселесине байланыштуу дагы бир көрүнүш мониторингдин отчётуна кирген. Лейлек районунун расмий гезити «Ата Журт» райондун администрациясынан тиешелүү каражатты алган эмес. Жергиликтүү бюджетке гезит үчүн киргизилген 50 миң сомдун (1250 доллар) 10% эле алган үчүн, редакция налогдорду төлөй албай калып, Соцфондго110 миң сомго

(2750 доллар) карыз болуп калган. Жергиликтүү бийлик бул афераны сотко жеткирбей, тынчытып коюшкан.

**Кыргыз тилдүү ЖМКлардын мориторинги. Мезгил: 2011-2012.**

Мониторингдин жыйынтыгында бул жактагы расмий түрдөгү гезиттер (жергиликтүү бийликтин кол алдындагы басма сөз) бийликти «тейлөө» милдетин гана аткаруу менен чектелбей, аймактагы окуяларды реалдуу түрдө чагылдыра башташканы белгиленген. Жергиликтүү администрациялар өзүнө баш ийген гезиттерди толук түрдө каржылай албай калган. Тиражы жагынан бул расмий гезиттер 1000 нускадан 4000 нускага жеткен. Булардын ичинен «Ош шамы» үч тилде чыгып (кыргыз, өзбек, орус), мазмуну, көлөмү жана сапаты жагынан үлгүлүү экенин мониторингде далилденген. Бул гезит регионалдык басма сөздүн ичинен биринчи болуп өзүнүн интернет-сайтын ачкан. 2010-жылдагы улут аралык жанжалдан кийин так ушул гезит кыргыз менен өзбектердин ортосуда данакерлик милдетти аткарганын эл баалаган. Аналитикалык макалалар да чыгып турган.

«Жалал-Абад үнү» расмий гезиттердин ичинен өзүнүн милдетин так аткарганын да мониторинг белгилген. Шаардын бийлиги гезиттин тиражын чектеп турганын редактор маалымдаган, бул маселени шаардык администрациянын коллегиясы талкуулап, башкы редакторду (М.Акжолованы) кызматтан алуу аракети жасалган, бирок жамаат өзүнүн принципиалдуу позициясында туруп, редакторун сактап калган. Дүйнө жүзүндөгү медиа тармагындагы тартипте тиражды чектөө чектен чыккан акылсыздык. Мындайды эч ким акыл-эстүү адам жасабайт, тираж өссө, реклама да өсөт, реклама көп болсо, редакциянын кирешеси да көп болот.

Региондо (түштүк аймактарда) эркин гезиттер негизинен Ош шаарында жайгашкан, булар кыргыз, өзбек, орус тилдеринде чыгат, көлөмү менен тираждары чакан эле. Көңүл буруууучу маселе, региондо резонанс жараткан, саясый курчтугу менен окурманды өзүнө тарткан материалдарды чагылдырган

жок. Бишкектеги«Асабага» окшогон басма сөздүн бийик үлгүсүнө айланган гезит гезиттин жок экенин мониторинг белгилеген.

Аталган мониторингди өткөрүүгө Британиянын Бишкектеги элчилиги колдоо көрсөтөт. Бишкектен 20, аймактардан 9 гезит көзөмөлгө алынган. Бишкектеги 20 гезиттин ичинен экөөсү эле «Кыргыз Туусу» менен «Эркин-Тоо» − мамлекеттик гезит, калган 18 − мамлекеттик эмес басма сөз. Көзөмөлгө алынган аймактардын гезиттердин ичинен бирөөсү эле эркин гезит («Дабан», Таластан чыгат), калгандары болсо областтык администрациялардын гезиттери – (8 гезит) расмий түрдөгү басма сөз [144, 6-б.].

**Мониторинг нарушений прав журналистов и СМИ**

**в Кыргызской Республике. Апрель-май 2019 года**

Бул мониторингди Сорос фондусу каржылаган. Журналисттердин профессионалдык укугуна жана медиа тармактын ишине бут тосуулар боюнча фактылар белгиленди. 2019-жылдын май айында Ошто бир журналисттик иликтөө орун алган. Оштун ишкер адамы Жалил Атамбаев (ажого аты уйкаш) журналист Ыдырыс Исаковду сотко берип, штраф төлөсүн деп, – талап кылган. Журналист «подпольное казино» боюнча материал чыгарган. Анан ушул иликтөөнү жүргүзүп жаткан учурда эки журналист сабалган. Коомдо бул чоң резонансты жаратып, бизнесмендин дарегине нааразычылык билдирилген: Буга Жогорку Кеңештин депутаты А.Сулайманов киришкенден кийин, Ж.Атамбаев доо арызын кайтарып алган [145, 2-4-б.].

Интернеттеги сайтка Аскарбек Шадиев (азыр чет өлкөдө жашынып жүрөт) жөнүндө маалымат чыккан, андин кийин Раим Матраимовду (бул Атамбаевдин учурунда бажы кызматынын «теневой» лидери болгон) сындаган макалалар чыкканда, ошону жазган журналист Н.Анакеевага телефондон белгисиз адамдардан жана ГКНБнын кызматкерлери тарабынан коркутуулар болгону белгиленген [145, 6-б.].

Мониторингдин отчётунда жергиликтүү бийликтин өкүлдөрү журналисттердин суроо-талаптарына «отказ» кылышканы да (журналисттерге маалымат бербөө) белгиленген. Бул маалымат «жашыруун сырлардын» тизмесине кирбеген, инфраструктуралык иштерге, коммуналдык кызматтарга, мэриянын бөлүмдөрүнө жана башка ушул сыяктуу күнүмдүк тейлөө иштерин жүргүзгөн муниципалдык уюмдарга тиешелүү жөнөкөй эле маалыматтар болчу. Мыйзам булар чектелбейт. «О доступе к информации, находящейся в ведении государственных органов и органов местного самоуправления Кыргызской Респулики» деп аталган атайын мыйзам бар, бирок бул мыйзамды бийликтин бутактары аткарышкан эмес [145, 9-б.].

Жалал-Абад шаарынын мэри М.Тагаев (2018-жылы) өзүнүн буйругу менен шаардын муниципиалдык кызматта иштегендерди «журналисттерге маалыматты уруксатсыз бербейсиңер», – деп чектеп салган. Журналисттер болсо мындай «волюнтаризмди» (өзүм билемдикти) Конституциянын жана мыйзамдардын беренелерине туура келбейт деп мэрди катуу сындашкан, бул маселе ошол кездеги президент С.Жээнбековго да жеткен, бирок мэр бир топ убакытка чейин өз билгенин бербей, тырышып турган [145, 10-б.].

2019-жылы журналисттердин үстүнөн Жогорку Кеңештин депутаты Рыспаевден жана ички иштер министри Абдыкаровдон доо арыздар түшкөн. Депутат мырза (Рыспаев) «Ачык саясат плюс» гезитин сотко берип, мени булар «хамельон» деген үчүн мага миллион сом төлөсүн деген доо койгон. Сот штрафты 300 миң сомго түшүргөн. Гезит бул депутат партиядан партияга аттап өткөнүн иронияның (какшыктын) ыкмасына салып, Чеховдун каарманы «хамельонго» (кескелдирик)окшоштургандыктарын билдирген, Министр мырза (Абдыкаров) «Азия ньюс» гезитин сотко берип, 10 миллион сомду талап кылган. Гезиттин «күнөөсү» министрдин сүрөтүн берип, астына суроо коюшуптур «Камила Дүйшөбаева үчүн акча алдыңыз беле?, – деген суроо коюшуптур». Болгону – ушул эле суроо. Мындай суроо берүүгө журналисттерде толук жана ыйгарымдуу тартипте укугу бар, ал эми министрдин бул суроого доо арыз берүүсү мыйзамга туура келбейт. Министрдин мындай аракетине коомчулук наразычылыгын билдиргенден кийин, ал өзүнүн доо арызын кайтарып алган [145, 18-19-б.].

Ушул жылы дагы бир доо арыз берилген. Муну экс-спикер А.Келдибеков, саясатчы А.Бекназаров жана генерал К.Дүйшебаев үчөөсү «Апрель» телеканалынын үстүнөн сотко доо арыз беришкен. Доогерлер ар бирине экс-президент А.Атамбаев 100 миң сомдон штраф төлөсүн, – деп талап коюшкан. Анткени ал ошол телеканал аркылуу үчөөн тең сындаган. Сын айтууга негиз болгон. Доогерлер «А.Атамбаев бизди «оскорбление» (кемсинтүү) кылды дешкен. Бирок үчөө тең коомчулуктан колдоо табышпады, тескерисинче, элдин сынына кабылышты. Сот да булардын доо арыздарын

канааттандырбады [145, 14-15-б.]. «Апрель» каналына штраф салынбай, «опровержение» берилсин, деген чечим чыгарылган. А.Атамбаевга штраф салынды, бирок аны ал аткарбай, ушуну менен иш бүткөн.

Мониториндерге байланыштуу иликтөөбүздүн мазмуну – ушундай. Бул өлкөдөгү медиа тармагына тиешелүү мониторингдер болгон. Чогулган материалдарды анализдеп, түштүк регионундагы аймактардан орун алган фактыларды системалаштырдык. Бул жерде айта турган дагы бир нерсе бар. Мониторингдин отчётторуна кыргыз бийлигинин дарегине чет жактан келген каттар тиркелген. 2002-жылдын 16-мартында ажо А.Акаевдин атына «Хьюман Райс Вотч» деген эл аралык укук коргоо уюмунан (Нью-Йорктон) кат келген.

Буга чейин Елена Боннер (академик Сахаровдун жубайы) А.Акаевге кайрылуу кылган. Бул – дүйнөгө белгилүү айым Акаев менен жеке тааныштыгы болгон, себеби ал Кыргызстандын атынан Москвада депутат болуп жүргөндө, Сахаров менен жакындашкан. Кайрылууда: «Преследования инакомыслящих и свободной прессы принимают форму несовместимую с декларациями о демократическом развитии республики. Разгон мирной демонстрации в Бишкеке подтверждает эти опасения. Призываю Вас к немедленному освобождению всех задержанных во время этого митинга. Я призываю вас вернуться к демократическим нормам государственной жизни, к тем, которыми Вы более десятилетия назад начинали свой первый президентский срок»[140, 29-б.].

Боннер айымдын кайрылуусу Аксы окуясына чейин жазылган. Акаев муну тоотпой койгон, тескерисинче, генералдардын күчүнө таянып, зомбулукту уланткан.

2002-жылдын 17-майында (Аксы трагедиясынан эки ай өткөндөн кийин) ОБСЕ уюмунун укук коргоо Бюросунун директорунан А.Акаевге кайрылуу болгон: «Саясий күчтөр менен диалог кылгыла, тез түрдө чараларды көрбөсөнүз, кырдаал көзөмөлдөн чыгып калат», – деген. Ажо чет жактан

келген мындай сунуштарды четке кагып, «душмандарды» сырттан издеп, «Азаттык» радиосун күнөөлөгөн. Резиденцияда «тегерек стол» (круглый стол) өткөрүлүп, минтип жыйынтык чыгарылган. «Азаттык» требует свержения президента. Это – просто информационный террор. Это стандарты от Запада, они финансируются оттуда. Эти стандарты вредят нам, «Азаттык» работаетт тенденциозно».[140, 64-б.].

Бул сөздөр негизсиз эле, анткени «Азаттык» эч качан «требуем свержения» деп айткан эмес, минтип айтууга мүмкүн да эмес болчу. Анан «тенденция», «террор» деген сөздөр А.Акаевдин өзүнөн чыккан.Генерал Ф.Куловдун «Он переоценвает себя, считая, что теперь стал единственным гарантом сохранения авиабазы антитеррористической коалиции в аэропорту” [140, 64-б.]. Бул авиабазаны А.Акаев өлкөдөн чыгарган жок, муну К.Бакиев да чыгарбады, бул иштi (чыгарууну) А.Атамбаев жасаган.

2003-жылы «Фридом Хаус» (эл аралык уюм) өз изилдөөсүн жарыялаган. Басма сөздө эркиндик бар деп 78 өлкөнү белгилеген, толук эмес эркиндикке ээ деп 47 өлкө, басма сөз эркиндиги жок деген баа 68 өлкөгө берилген. Кыргызстан ушул акыркы топко кирген [140, 92-б.]. Мындай баа ыңкылапка чейин берилген, бирок кыргыз өлкөсүнө чыгарылган бул чечим калыс болгон эмес, себеби сөз эркиндиги үчүн күрөш бизде эгемендиктин эң биринчи жылынан эле башталган. Анан ушул күрөш тынымсыз жүрүп, кыргыздар 2005-жылы революцияга жетишип, ажону качырууга мажбурлашкан. Ушундай натыйжага эркин массалык-маалымат каражаттарынын аракети менен жетишилген, комиссия буларды эске албай, үстүрт тыянак чыгарган.

Эми кыргыздардын үчүнчү президенти А.Атамбаевдин 6 жылдык бийлигинде орун алган фактыларга саресеп салалы. Бул ажоонун учурунда журналисттерге каршы катуу чабуул жасалган. 2010-жылы Оштогу коогаландын артында А.Атамбаевдин да турганын журналисттер далилдүү фактыларды келтирип жазышкан. Ажо чындыкты айткан авторлорду жек көрүп калганын ачык эле айткан. Өлкөгө кеңири таанылган инсандарды

генпрокурордун арызы менен (ажонун ар-намысын коргоо максатында) сотко берип, жоопко тарттырган. Оштогу маселени козгогон авторлорго басым жасаган. Кара тизмеге түшкөң журналисттер – Нарын Айып, Дина Маслова, Дайырбек Орунбеков, юрист Чолпон Джакупова. Буларга жалпысынан 20 миллион сомго штраф салынган. «Азаттык» радиосуна да жазана салынган.

Журналисттерге каршы түшкөн доо арыздардын тарыхын башынан алсак, анда бул иш эгемендик менен бирге башталган. Мезгил жагынан алсак, эң биринчи доо арыз 1992-жылы 23-июлда Кубан Мамбеталиевдин үстүнөн түшкөн. Муну баш прокурордун орун басары Парламенттин төрагасынын орун басарынын демилгеси аркылуу Жогорку Сотко кайрылган. Бул дароо эле соттун эң жогорку инстанциясына жөнөтүлгөн. Автордун «күнөөсүн» дароо эле таап чыгышкан. Ал «Республика» гезитине макала жазып, ошол жерден мамлекеттик туунун (государственный флаг) кызыл түстөгү эскизин депутаттар бекиткенин сындап чыккан. Анан депутаттардын бир тобу (өлкөнүн түштүк регионунан шайланган депутаттар) авторду сотко беришкен. Сот авторду чакырып, «депутаттардан кечирим сура», – деп талап койгон. Ал «Вечерний Бишкек» гезитине «мен кечирим сурабайм» деп жооп берген. Ушул жооптон кийин генпрокурор (Ч.Баекова) доо арызды соттон кайтарып алып, иш ушуну менен аяктаган.

Ошол окуяга (журналистиканын тарыхына түздөн түз тиешелүү окуя) биз биринчи болуп кайрылып жатабыз. Документтер орус тилинде жазылган. «Исковое заявление от Прокуратуры Республики Кыргызстан (№ 8/51-92 от 23.07.1992). Направлено в Верховный суд Республики Кыргызстан. Копии К.Мамбеталиеву и редакции газеты «Республика». Подписано первым заместителем прокурора М.Кенжакуновым. Обращение от имени Парламента в суд было подписано 66 депутатами. Иск был отозван письмом от прокурора республики Ч.Баековой за № 8/51-92 от 6 августа 1992 года [147, 35-36-б.]. Бул – эми тарыхый документ. Ал жылдары өлкөбүз «Республика Кыргызстан» деп, «Баш прокуратура» жөн эле «Прокуратура» болуп аталган.

Түштүк региондогу журналисттерге каршы берген доо арыздардын тарыхына кайрылсак, анда бул жерде биринчи доо арыз 2000-жылы орун алган. Жалал-Абаддагы журналист Молосали Ибрамовго райондун соту шаардын сотуна доо арыз бергенин биз жогоруда иликтеп чыктык. Сот доо арызды демейде бербейт, себеби бул өзү – доо арыздарды карай турган инстанция. Аталган фактыны эрежеден чыккан көрүнүш катары баалоого болот.

Дагы бир нерсени белгилеп кетели. Доо арыздардын тарыхында бир кутүлбөгөн окуя орун алган. 1994-жылы журналист Ирина Степкичевага каршы прокуратурадан арыз түшкөн. «Южный курьер» деген гезитке ошол кездеги баш прокурор А.Шаршеналиевди сындаган макала чыккан. Муну И.Степкичева жазган. Анан бул ишти Бишкектеги Биринчи май районунун соту Ш.Уркинбаев карап, авторду толук бойдон актап чыккан. Прокурор протест кылып, ишти Жогорку соттон кaрaтат, ал жерден «дагы бир жолу карагыла» деп райондун сотуна жөнөтүшөт. Тирешүү 2 жылга созулганда, журналист Конституциялык сотко кайрылат. Консот прокурордун дооматын четке каккан. Ген прокурор утулган, бирок . гезит ошондон кийин жабылган [148, 79-80-б.]. Бул факт «Фридом Хаустун» эл аралык жыйнагына сөз эркиндиктин жеңиши катары мисал болуп кирген.

Медиа комиссиянын материалдары (түштүк регион боюнча)

Бул комиссия коомчулукка кенен таанылды. 2008-жылы түзүлгөн, аталышы «Комиссия по рассмотрению жалоб на СМИ» («ММКга арыздануулaрды караган комиссия») . Коомдук статуста иштейт, эл аралык уюмдар каржылайт. Муну белгилүү юрист Шамаралы Майчиев он жылдан ашык мөөнөт жетектеди. Республиканын масштабында иштеп, ар тараптан түшкөн арыздарды карап, тиешелүү чечимдерди чыгарып турат. Чечимдер конфликттерди жумшартууга жол ачты. Тирешип калган эки тарап чатакты сотко жеткирбей эле, тил табышкан учурлар пайда болду. Комиссиянын иши

медиа тармагына да, граждандык секторго да, бийликтин бутактарына да керектиги далилдеди.

Түштүк регионуна тиешелүү материалды (басма сөзгө карата болгонун) иликтеп чыгалы. Комиссиянын отчету 2014-жылы жарыланган. Фактыларды келтирели.

2010-жылда Оштогу этникалык кагылашууга байланыштуу комиссия эл аралык уюмдардын катышуусу менен (уюмдардын адистери катышкан) изилдөө жүргүзүп, өзүнүн жыйынтыктарын чыгарган.  Максатын болсо комиссия минтип белгилеген «здесь будут рассмотрены факты нарушения этических норм и случаи  предоставления искаженной информации, носящей деструктивный характер в публикациях, освещающих ошские события 2010 года» [149, 4-б.]. Эксперт катары адистерди ар тараптан чакырышкан  Андре Лорш (Международный альянс журналистов), Сания Сагниева (Международная кризисная группа), Бурул Макенбаева (ОФ «Психическое здоровье»), Нина Багдасарова (психология илимдеринин кандидаты) жана Алматыдагы «Адил сөз» уюмунан үч өкүл.

Эксперттер темага байланыштуу гезиттерге чыккан 9 публикацияны карап чыгышкан, бул макалалар 4 гезитке жарыланган  «Московский комсомолец - Кыргызстан» (3 макала), «Деньги и Власть» (2 макала) жана 1 макала «Деловой Кыргызстан», «Асман.kg», «Дийдор», Рейтинг агенттиги». Баарысынын мазмуну имиш менен божомолго таянган. Айрымдары абсурдга жакын, мисалы, Бишкектен чыккан «Деньги и Власть»   гезити маалыматты минтип берген «Резня в Оше началась из-за проигрыша в казино 45 долларов» (ссылканы американын «Wall Street Journal» деген булагына шилтешкен). Ошинтип «күнөө»  Оштогу  казиного да илинип калган [149, 5-б.]. Калган гезиттер «Резня по заказу», «Война в этно стиле», «Родина уродина», «Циники по локоть в крови»  деген заголовкаларда  беришкен. Өзбек тилинде чыккан «Дидор» болсо  «Өзбек болуу кыйынбы» деген макаланы жарыялаган.

Ушул материалдары иликтеп чыгарган эксперттердин тыянагы абстракттуу жазылып калган. Мисалы, корутундда: «Анализ произведенных для экспертизы материалов позволяет выделить следующие негативные эффекты воздействия подобных публикаций на социально-психологическую ситуацию в стране». Бул «байкоодон» келип чыккан сунуштар конкреттүү фактылардан алыс эле. Н.Багдасарова психолог катары : «Надо переместить акценты с «вины» той или иной этнической группы на ответственность отдельных институтов и государства в том, что случилось и продолжает происходить на юге». Башкача айтканда , күнөөнү сепаратисттерге эмес, мамлекетке жүктө койгон [149, 6-б.]. Мунун логикасы тайкы, абстракттуу жалпы сөз, мамлекетте ошол кезде бийликте отурган адамдардын аты-жөнү да аталбаган. Бул психологдун жыйынтыгы эмненин негизинде чыгарылганы да белгисиз, айрым чет өлкөлүк уюмдардын айткан-дегенине таянылгандыгы ачык көрүнүп турат.

Эксперттердин: «За все годы независимости в Кыргызстане не было уполномоченного государственного органа, который бы со стороны власти отвечал за вопросы этнического развития» [149, − деген дооматы да негизсиз. Кайсы мамлекетте ушундай орган бар, алардын милдети эмне, структурасы кандай, бул жөнүндө эч кеп жок. Этностор жашайт, жылдан жылга, кылымдан кылымга маданиятын, тилин, дилин сактайт (же сактабайт). Этностордун өздөрүнүн өлкөсү жок болсо, саны көп болсо өз мамлекетин түптөөгө умтулат (мисалы, курддтар менен уйгурлар). Мындай умтулууну «сепаратизм» дешпейт, муну улуттун эгемен кыймылы дешет. Өзбек этносунун Өзбекстан деген мамлекети бар. Башка мамлекетте жараң катары жашаган өзбектерге мамлекеттин ичинен дагы бир өзбектердин мамлекетин куруу аракети – бул сепаратизм, өлкөнү ичтен бөлүп-жаруу. Өз мамлекетинин бүтүндүгүн сактоого умтулган өлкө мындай сепаратисттерге тиешелүү чара көрүүсү мыйзам ченемдүү.

2010-жылы комиссиянын атына Оштон кайрылган (С.Усубакунов), ал коменданттын пресс-службасынын өкүлү болгон. «Айат пресс» гезитине

жарыяланган материалга нааразычылыгын билдирип, гезит «опровержение» берсин деген, – талап койгон. «Бийликтин өкүлүн сындаган макала туура эмес, себеби фактыларга таянбай жазылган». Комиссия: «признать, что опубликованная статья не соблюла нормы статьи 10 Этического кодекса журналистов Кыргызстана». Чечим гезиттин редакциясына жана С.Усубакуновдун өзүнө жиберилген. Конфликт ушуну менен токтогон.

Кыргызстандагы журналисттердин Этикалык кодекси 2007-жылы

8-декабрда журналисттердин республикалык жыйынында кабыл алынган. 2009-жылы өткөн журналисттердин коференциясында бул кодекске түзөтүүлөр киргизилген. Кодекс маалымат тармагындагы кызматкерлердин кесиптик деңгээлин көтөрүп, коомчулуктун журналисттерге болгон ишенимин жана сый мамилесин сактоо максатында иштелип чыккан. 10-беренедеги аныктама мындай: «фактылар, божомолдор жана пикирлер бири-биринен даана ажыратылуусу зарыл» [150, 81-б.]. Бул жерде биринчи орунда фактылар турат (негизги көрсөткүч катары). Журналисттин милдети фактыларды так өзүндөй чагылдырып, анан ушунун негизинде божомолдор чындыкты бурмалабайт берилиши лаазым, мында кесиптик сакталган болот.

Ал эми фактыны келтирбей, жөн эле божомолду берсе, анда иш – чатак, мындай учурда кесиптин аброюна көлөкө түшөт. 2003-жылы этика боюнча комиссия «Интерньюс» уюмунун жардамы менен эки тилде (орусча, кыргызча) окуу куралын чыгарылып, көп нуска менен бастырылып, тиешелүү мекемелерге, редакцияларга, телеканалдарга, радиолорго, университеттерге бекер эле таратылып берилген. Этиканын курамына 23 берене камтылган. Журналисттер мына ушул беренелердин талаптарына ылайык иш алып барышы керек.

2012-жылы комиссияга түштүк регионундагы милициянын атынан (Ош, Баткен, Жалал-Абад областтарындагы ички иштер башкармалыктар) «Учур» гезитине наразычылык арызы түшкөн. Гезитке эки генералды бири бирине «сүзүштүрүү» аракетиндеги макала чыгарылган, анын аталышы

«К.Асановдун «кландык мафиясына» каршы чыккан С.Өмүрзаков эр экен» . Ушул жерде да этикалык кодекстин 10-беренеси бузулган, себеби макала фактынын ордуна эмоционалдык түрдөгү божомолду берген. Комиссия редакцияга эскертүү жиберип: «автор фактыга таянууга милдетүү», − деп эскерткен.

2003-жылы комиссияга «Достук» чек арасынын начальниги А.Тойчиевден арыз түшкөн. «Ош шамы» гезитине ушул чек аранын кызматын сындаган материал жарыяланыптыр. Арызда «фактылар бурмаланып берилген», − деген доо коюлган. Материал өзбек тилинде жазылып, өзбек улутундагы жарандан алынган интервью деп, − берилип, ошол жарандын сүрөтү да тиркелген [151, 23-б.]. Бул ишти териштиргенде, айтылган жаран Каримберди Тожиддинов (Кара-Суу районунан) «Мен мындай интервью берген эмесмин, − деген түшүнүк катын да жазып берген. Гезиттин редакциясына комиссия «мыйзам бузулду» деген эскертүү жиберген.

2013-жылы комиссиянын дарегине Ош шаарындагы № 16 гимназия-мектебинен арыз түшкөн. «Вечерний Бишкек» гезитинде басылган макалага (автору А.Касыбеков) наразычылыкты мектептин жамааты билдирди. Макаланын аталышы мындай «Похождения пакистанца в Кыргызстане». Бул жерде Пакистандан келген Мохамад Тажаб Шахидге «мектепти бүтүрдү деген жасалма аттестат берилди», − деп, мектептин директоруна күнөө коюлган. Автор орус тилинде жазган «наши источники подтвердили, что эти документы просто липа». Бирок «булак» (источник) ким экенин айтылбаган. Мугалимдердин арызында болсо мындай «источник» четке кагылып, бул «очередная газетная утка» экендигин көрсөтүлгөн. Автор мектептин өзүнө келип документтерди текшерсе, маалыматынын калпы ага көрүнмөк», − деп белгилешкен [152, 33-б.].

Автор ал жерге барбаптыр. Жалган маалыматы үчүн мугалимдер жамаатынан да, гезиттин редакторунан да кечирим суралбаган. Журналисттин Этикалык

кодекстин тиешелүү беренеси бузгандыгын көрсөтүп, комиссия гезитке расмий түрдөгү эскертүү катын жиберген.

2015-жылы комиссия медиа тармагына байланыштуу бир маалыматты даярдаган, бул медиа каражаттардын статистикалык көрсөткүчү эле. Регионалдык пресса боюнча ал жерде: «12 областтык жана 35 райондук статустагы мамлекеттик гезиттер чыгып жатат». Мамлекеттин казынасынан 32 райондук гезиттер каржыланып турган. Айрым областтардын гезиттери (Баткен, Нарын, Талас, Жалал-Абад) Бишкектеги типографиядан басылганы айтылган, себеби аталган жерлерде өздөрүнүн типографиясы жок. Мамлекет тарабынан регионалдык гезиттерге бир гана «заработная плата» каржыланат, башка чыгымдарды гезиттер өздөрү көтөрүшөт. Эми буга байланыштуу айрым гезиттер Соцфондго жылдан жылга карыз болушат. Тираждары аз, реклама жок. Мамлекеттик тизгинден бошоп, эркин жолго чыгууга гезиттердин жамааттарынын өздөрү каршы.

Түштүк аймактарында Өзбекстандын гезиттери жергиликтүү өзбектердин көп оуган гезити экендиги – талашсыз, булар кыргыз тилиндеги гезиттерге конкурент болуп турушат. Басма сөз жагынан аймактарда чоң резерв бар (потенциал), бирок муну кыймылга келтириш үчүн системдүү түрдөгү реформа керек. Медиа тармак позитивдүү багыттагы өзгөрүүлөрдү күтүп жатат, бул иш – мезгилдин талабы.

2016-жылы комиссияга Бурул Макенбаевадан (эксперт) арыз түшкөн. Буга Эдуард Пунеговдун «Киргизия стала «кузницей кадров» для ИГИЛ» деп аталган макаласы себеп болгон. Макалада: «Киргизия превращается в один из главных каналов проникновения в Россию боевиков ИГИЛ. В рядах террористов в Сирии сражаются сотни граждан этой республики, которые затем под видом трудовых мигрантов смогут попасть в нашу страну» [153, 12-б.].

Бул маалымат фактылар менен далилденген эмес, «смогут» (аткара алышат) деген божомол менен айтылган сөз. Фактыларга таянсак, анда

«главный канал» башка жакта экенин дүйнөнүн коомчулугу жакшы билет, анын бири − Түндүк Кавказда (Северный Кавказ), ал – Россия Федерациясынын курамына кирген аймак. Аталган макалада журналисттик кодекстин бир нече беренелери бузулган, ошолордон дагы эле 10-беренесинде «Факты, суждения и предположения должны быть четко отделены друг от друга», – деп жазылып турат [154, 129-б.]. Макаланын аталышы макаланын мазмунуна дал келбейт, себеби айтылган тыянак конкреттүү фактылар менен тастыкталган эмес.

Пунеговдун макаласы «Вести. ру» сайтына чыккан, буга кыргыздын журналисттери көңүл бурушкан да эмес, мындай маалыматтарга биринчи кезекте өлкөнүн мамлекеттик гезиттери каршы чыгып, расмий түрдө жооп бериши керек эле, жооп берип, «азыркы учурда өлкөнүн канча жараны Сириядагы ИГИЛге кирип кетиптир жана мамлекеттин коопсуздук кызматы кандай чараларды көрүп жатат, эмнеге коңшу мамлекеттерде бөгөт коюлган исламдык уюмдар бизде көзөмөлгө аланбайт», − дегенге жооп бериш керек эле. Тилекке каршы, мында иштер аткарылган эмес.

Медиа комиссиянын иши бийликке С.Жээнбеков келгенде солгундап калды. Бул журналисттерге берилген доо арыздардын токтогондуга, азайгандыгы себеп болду. Президенттин намысын Баш прокурордун коргоосу жөнүндөгү мыйзамды бекемдеген жобо жокко чыгарылган.

## 3.2. Журналисттерге коюлган доо арыздар жана ага чыгарган соттордун чечимдеринин укуктук негиздери

Алмазбек А.Атамбаевдин 2011-жылы президент катары ишке киргенде, эл өлкөнүн жолу эми прогрессивдүү жагына жылат деп үмүттөнгөн эле, бирок эки жылдан кийин үмүт үзүлө баштады, себеби өзү мисал кылган үңкүрдөн чыккан жаңы ажыдааарга айланганын жарандар байкады. 2012-жылы «Учур» деген гезитке «Ажобуз өлкөнү ким менен оңдойт?» деп суроо коюлган макала чыкты (автор К.Мамбеталиев). Ушул жерде мындай ай айтылды. «Кыргызстанды «желмогуздун үнкүрүнөн» кантип чыгарат, бизди астыга жылдырабы, же аңга түшүп, Акаевдин артыңан кетеби?» [155, 66-б.].

Ал өлкөнү астыга жылдырбады. Ооба, Акаев менен Бакиевдин артынан түшүп, өлкөдөн качкан жок, бирок өз өлкөсүнүн түрмөсүнө түштү. Мындай жорук кыргыздын тарыхында биринчи жолу болуп, дүйнөнү таң калтырды.

2012-жылы «Асман пресс» гезитине «Атамбаевдин Анталиядагы особнягы» деп аталган маалымат берилген: Эми бул – божомол катары эле айтылган нерсе «Турцияда Атамбаевдин «вилласы» бар экен дешет, баасы – 1,5 миллион доллар. Өзү бул жакта үйүм бар деп айткан эмес, мунун анталиялыктардан уктук», – деп гезитте баяндалат. [156, 24-б.]. Так ушундан баштап мындай эркин гезиттер ажонун кыжырына тийип, куугунтукка учурашты. Ушуга окшогон маалымат 90-жылдарда биринчи президент А.Акаевге да карата божомол катары айтылган. Ал ошондо гезиттин редакторун жана анын орун басарын сотко берген.

Журналисттер сын пикирлерин божомолдоо түрүндө жазышкан, күмөн санаткан окуяларга тиешелүү жазышкан, жөн жерден ойлорду чыгарып, фантазияга батышкан эмес. Божомолго мыйзам жол берет, соттор болсо «божомолдуулукту» четке кагып салып, чечимдерин бир беткей кылып чыгарышкан, бир гана тараптын (ажонун) кызыкчылыгын эске алып, жеке адамга сыйынуунун тенденциясын жаратышкан. «Принцип состязательности» («атандашуунун ыкмасы») деген нерсени четке кагышкан. Атамбаевдин

учурунда доо арыздар сотко баш прокурордун колу менен берилген, мындай укукту мыйзамга киргизишкен. Башкача айтсак, баш прокурор өзү ажонун адвокатына айланып калган. Мындай тартип «культ личности» деп аталат.

Божомол – бул күнөө тагуу эмес. Божомолдуу сөз үчүн соттоого болбойт. «Клевета» менен «предположение» («каралоо» менен «божомолдоо») деген түшүнүктөр бир бирине окшобойт, синонимдер эмес, маанилери ар башка. «Божомол» бул «предположение». Конституцияда сөз эркиндигин коргогон норма бар. Ал эми соттон ажонун пайдасына чыгарылган чечимдер болсо конституциялык нормага туура келбейт. Ушул көрүнүшкө байланыштуу бир мисалды берели. Бул төртүнчү президент С.Жээнбековго тиешелүү мисал. Президенттик шайлоодо талапкер катары жүргөндө (2017-жылы) журналист К.Карабеков «24.kg» сайтына кабар берген. «Москва намекнула, что спецслужбы имеют информацию о якобы связи братьев Жээнбековых с арабскими радикальными организациями». Болгону ушу - «намекнул» менен «якобы» деген сөздөр «божомол» жана «балким» деген эле мааниде. Бул жерде соттоого негиз жок (нет предмета для судопроизводства), бирок сот доо арызды (Жээнбеков мунун өз атынан берген) карап, авторго 5 миллион сом штраф салган. Бирок бул иштин күтүлбөгөн түрдө уландысы болду.

Президент болуп шайлангандан кийин, С.Жээнбеков доо арызын соттон кайтарды, ал эми сот болсо негедир аталган штрафты ордунда калтырды - «чечимди биз чыгарып койгонбуз, муну өзгөртпөйбүз». Кырдаал жөн эле бир абсурдга айланып калганда (доо арыз жок - штраф бар), ажо сотко дагы бир ирет кайрылып, «материалдык жактан претензиям жок» дегенден кийин, 2018-жылдын 18-апрелинде сот штрафты жокко чыгарды. Мындай «сюжет» буга чейин кыргыз тарыхында болгон эмес.

Эми дагы бир ирет А.Атамбаевдин бийлигиндеги доо арыздарга кайрылалы. Үчүнчү президент 2015-жылы журналисттерге каршы каардуу аракетин баштаганын өйдөдө белгиледик. Ошол жылдын июнь айында Аламүдүн районунун соту журналист Дайырбек Орунбековго каршы түшкөн

доо арызды карап, «президент Атамбаевге моралдык зыян тийгизгени үчүн» деп, 2 миллион штраф төлөөгө чечим чыгарган. Доо арыз ошол кездеги генпрокурор Индира Жолдубаеванын өкүлү менен берилген. Бул төрөайым аргументациясын минтип далилдеген, «журналист Атамбаевди 2010-жылдын Оштогу коогалаңга күнөөлүү» деп айтканы үчүн жоопко тартылыш керек». Соттун чечимине баш ийбеген журналист ажону жана анын аппарат жетекчисин (Фарид Ниязовду) кошуп сотко доо арыз менен кайрылган. Арыз Биринчи Май районунун сотунда регистрацияланды. Журналист ар биринен, Атамбаев менен Ниязовдон, «булар менин ар-намысыма шек келтиришти» 1 сом (бир сом) өлчөмүндө штраф төлөсүн, деп талап койгон, деп [157, 66-б.]. Арызды журналист 2016-жылдын январь айында берген.

Арызды берүүгө себеп 2015-жылдын 25-декабрында А.Атамбаевдин пресс-конференциясында айткан сөзү болду. «Я этого Орунбекова никогда не прощу. Ты где-то отрабатывал эти деньги, вот пусть они за тебя и заплатят. Я и дальше на него в суд подам, если и дальше такие вяколовки пойдут» [158, 4-б.]. Ооба, айтканын улады - Орунбековдон кийин Атамбаевдин доо арыздары «конвейер» сыяктуу сотторго түшө баштады. Биринин артынан бири. «Вяколовки» дегени орус тилинин сөздүктөрүндө жок, муну кыргыз ажо жаратты. Дагы Атамбаев мындай сөз айтты «если бы я не был президентом, то Орунбекова прибил бы».

Ушундан кийин журналист доо арызы менен сотко кайрылган. Арызды орус тилинде жазган, доомату мындай «понудить Атамбаева опровергнуть через СМИ сведения о том, что, якобы, Орунбеков «отрабатывал чьи-то и какие-то деньги» [158, 5-б.]. Албетте, бул доо арызды сот четке каккан, мындайды кабыл алуу биздин сотто мүмкүн эмес. Бийликте турган ажого каршы доо арыз эч качан кабыл алынбайт. Бийликтен кеткенде, 2019-жылы, Атамбаев сотко тартылып, эркинен ажыратылган. (Батукаевдин иши боюнча). Анан 2022-жылы Жогорку сот жаза берген чечимди күчүндө калтырганын жогоруда айттык.

Атамбаевге каршы 2016-жылы дагы бир доо арыз түшкөн укук коргоочулар А.Абдирасулова менен Т.Исмаиловадан. Белгилүү айымдар «бизге 10 миллион сом штраф төлөсүн» деп талап коюшту - «моралдык зыян келтиргени үчүн». Булардын дарегине да А.Атамбаев далилсиз сөздөрдү калың элдин көзүнчө айткан. 2016-жылдын 14-майда эне күнүн белгилеген салтанаттуу жыйында аталган айымдарды «верно отрабатывают свои зарубежные гранты» («чет жактан алган гранты тынбай аткарып атышат») деп жар салды. Бишкек шаарынын соту «бул доо арыз канааттандырууга жатпайт» деген чечимды чыгарган [159, 7-б.].

2017-жылы журналисттерге каршы берилген доо арыздар боюнча соттук процесстери жүрүп, штрафтардын өлчөмү 24 миллион сомго жетти. Буга удаа «за оскорбление чести и достоинства президента» юрист Чолпон Джакуповага каршы доо арыз каралып, ага 3 миллион сом штраф салынды деген күнөө менен. Юрист макаласында минтип жазган «Атамбаев это человек с маниакальными наклонностями». «Маниакальный» деген сөз үчүн сотко тартылбайт, А.Атамбаевге чейин эч ким тартылган эмес, ушул ажого келгенде, ушундай жөнөкөй сөздөр сотторго «предмет» (негиз) болуп калды. Ал эми аталган сайттын күнөөсү мындан да жөнөкөй, бул сайт юристтин сөзүн болгонун болгондой кылып (дословно) берген.

Ушул жерден А.Атамбаевдин 2013-жылы айткан сөзүн келтирели. «Свобода слова - наша первостепенная задача. Никто не должен «душить» наших журналистов, мешать им работать. У меня часто спрашивали о том, почему я никогда не судился с прессой. Я отвечу, что политик – это личность публичная, и он должен привыкать к тому, что его могут выставлять в негативном свете» [160, 5-б.]. Ушуга жооп мындай – саясатчы коомдук инсан, анан ал негативдүү түрдө көрсөткөнгө көнүш керек». Ооба, эң туура жана таамай айтылган сөз, бирок ушундай бийик сөздөрдү өзү бузду, сот аркылуу өзү тебелетип салды.

Мөөнөтү бүткүчө өзү айткан принципти кармаса, «туура бий» деген атка конмок. Бул үчүн бир эле нерсе керек эле, «никогда не ссудиться с прессой» («эч качан пресса менен соттошпо»). Өз колу менен «публичная личность» деген статусту «культ личности» деген нерсеге айландырды. 2013-жылдын аягына чейин пресса менен соттошкон жок. Пресса болсо ошол жылга чейин деле аны сынга алган, тагыраак айтсак, 2012-жылы башталган. Бир аз чыдаптыр, анан чыдамы түгөнүп, ичинде жаткан «ажыдаарын» ойготту. Мына өзүнүн сөзү. «5 лет терпел, время прощать прошло» деп медиа тармагына согуш жарыялады («5 жыл чыдадым, анан кечирүүнүн мезгили бүттү» деп). Бирок чыдамы беш жылга жетпеди, төрт жылдан кийин тайып кетти («сорвался»). Анан бийлигинин акыркы эки жылында (2016-2017) өз өлкөнүн айласын кетирди.

2016-жылы «Азаттык» радиосуна да баш прокурордон арыз түштү, сот 10 миллион сомго штраф салды. Турциянын «Haberler» деген маалымат булагынан «перепечатка» кылышкан үчүн. «Заноза» деген сайтка 3 миллион сом штраф коюлду. Ошол жерде «Манас» аэропортунда талкаланган самолётто А.Атамбаевдин контрабандалык товарлары болгон деп айтылган. Анан доо арызды сотко А.Атамбаевдин саясий партиясы да (СДПК) бере баштады. «24.kg» деген маалымат агенттигине 1 миллион сом штраф салынды - «кызматтарды бул партия сол жагынан да, оң жагынан да сатып атат» деген сүйлөм үчүн [161, 6-б.].

2017-жылы ошол кездеги ажонун кеңешчиси Фарид Ниязов гезитке интервью берип, өлкөдө түзүлгөң негативдүү кырдаалды актап, «биз тандоонун жанында турабыз – же сөз эркиндиги, же жалаанын үстөмдүгү», – деп ажонун адилетсиз аракеттерин колдоду. Бул интервью орус тилинде «Общественный рейтинг» гезитине басылган. Аталышы мындай - «Мы стоим перед выбором: или свобода слова, или произвол клеветы» [162, 3-б.]. Бул жерде элементардуу түрдөгү логика жок, себеби проблема тескерисинен антарылып калган, себеби эки жүздүүлүк орун алган. Эгер ажонун оозунан жалаага жакын сөздөр чыкса, бул адилеттүү көрүнүшкө айланат экен. Егер

ушундай сөздөр президентке карата айтылса, анда «клевета» болуп калат экен. Ажонун дарегине журналисттер бир дагы ыплас сөздү айтышпады, ошондой сөздөр бир гана анын өзүнөн чыкты.

2017-жылдын майында юрист Чолпон Джакупова ажого кат жазды. Өлкөдө орун алган адилетсиздиктерди белгилеп, ал Атамбаевди эсине келүүгө чакырды. Ушул каттан эки суроону берели. «Уважаемый Алмаз Шаршенович, с каких пор и по какому закону проявление чувств и э моций стало в КР нарушением? Вы всерьез полагаете, что решением суда сможете ликвидировать мнение или прекратить испытывать чувства? [163, 4-б.]. Мындай суроолор ошол учурда маанилүү болгон, себеби ажо жарандын ой жүгүртүүсүнө киришине баштады, журналисттерди тизгиндөөгө аракет кылды. Ажонун мындай жактары буга чейин билинген эмес эле. Атамбаев диктаторго айланды.

2017-жылдын аягында Британиядан келип, бизде иштеп жүргөн политолог Крис Риклтонду өлкөгө киргизбей коюшту. Кыргызстандагы АУЦА да ал (америкалык университети) сабак берип жүргөн жана «Eurasia Net» деген интернет-булагына аналитикалык макалаларды жазып турган. Темалары актуалдуу болгон, мыйзамдын чегинде жана коомдун кызыкчылыгы камтылган. Аталыштары «Фармацевтический скандал в пораженном коррупцией Бишкеке», «Горнодобывающий сектор все глубже увязает в трясине», «Политическая элита цепляется за власть на фоне подготовки к выборам», «Парламент провалил экзамен на доверие общества» жана ушул сыяктуу маселелер. Ушундай деңгээлдеги журналисттик ишке бийлик ыраазычылыгын билдиргендин ордуна, авторду четтетип салды. Саясий журналистиканын алдынкы ыкмаларын көрсөткөн адисттен өлкөгө зыян тийбейт, анткени коомго керектүү темадан мамлекетке зыян тиймек беле [164, 3-б.].

А.Атамбаевдин залакасы ал бийликтен кеткенден кийин өлкөнү дагы бир жыл пайдаланып турду. 2018-жылдын башында белгилүү журналист Нарын

Айыптын 90 жаштагы энеси Интернеттен бийликтин дарегине (жаңы ажого) кайрылуу жасады. А.Атамбаевдин өкүлү адвокат Н.Сыдыков сотко кайылып, компенсация кылыш үчүн Нарын Айыптын квартирасы жана юрист Чолпон Джакупованын коттеджин сатууга коюлуусун талап кылды. Сот бул турак жайларды «арест» кылган. Чоң апанын сөзүн келтирели. «Не лишайте меня дома, суды. Мне 90 лет, если дом отберут, я останусь на улице»[165, 3-б.]. Бул – маркум профессор Айып Идиновдун байбичесинин сөзү.

А.Атамбаевге дагы бир «мурас» болуп калган окуя бар бул азис акын Темирлан Ормуковго каршы берилген ажонун намысын коргоо демилгесинде азис депутат Дастан Бекешовдун доо арызы. Бул депутат ажонун партиясынын (СДПК) тизмеси менен Жогорку Кенешке келген (мурунку чакырылышта Ф.Куловдун «Ар-Намыс» партиясынын тизмеси менен депутат болгон). Эми бул депутат 2016-жылы ажого көмөк көрсөтөм деп, акынды сотко бердирди. Акын болсо ажонун сындаган ырды жазган - мындай ырлар көркөм адабияттын ичиндеги саясий поэзиянын жанрына кирет. Ырда соттошуга негиз жок, көркөм элес, көркөм адабият менен эч ким дүйнөдө соттошпойт, мындай фактылар бизде кана кездешет.

Бул жорук Мидин Алыбаевдин «Ак чүч» поэмасына каршы доо арыз жазып, ошол көркөм сатираны соттун процессине киргизүүгө барабар. Мидинге каршы доо арыздар жазылган эмес. Депутат болсо башпрокурорго арыз жазды, орус тилинде, сөздөрү мына – «требую возбудить уголовное дело на поэта, который сочинил критические стихи на президента А.Атамбаева» [166, 5-б.]. Котормо мына - «акынга кылмыш ишин козгоону талап кылам, бул президент Атамбаевге каршы сын тагылган ыр саптарын жазды». Депутаттын логикасы боюнча, «на президента Кыргызстана нельзя сочинять критические стихотворения» («президентке каршы сын ырды чыгаруу болбойт»). Муну эми биз «абсурд» десек туура болобу, же «арамчылык» десек туурабы? Арыз 2016-жылдын декабрында жазылды, 2017-жылдын август айында соттун чечими менен акын камакка алынды. Шайлоодон кийин (жаңы президент шайланганды) акын бошоду. Коом жанагы депутатка кескин түрдөгү

наразычылыган билдиргенде, ал өзүнүн арызын дароо кайтарып алган (Атамбаев кетип, жаңы президент келгенден кийин кайтарды). Көркөм адабият» менен «көркөм саясаттын» айкалышы ушундай «сценарий» менен бүттү.

2018-жылы мамлекеттик эмес уюмдардын (НПО) жетекчилери Жогорку Кеңештин төрагасына (Д.Жумабековго) кайрылып, ажонун доо арыздарын «тейлешкен» соттор жоопко тартылышсын, – деп талап коюшту жана мыйзамдан баш прокурордун укугу (ажонун атынан доо арыз берүү укук) алансын дешти. Бир жылдан кийин ошол укук (муну 2003-жылы киргизишкен белгилегенбиз) мыйзамдан алынды. Мына ошондон бери генпрокурор ажонун кызыкчылыгын коргойм деп сотко доо арызды бере алалбайт. Төртүнчү президент (С.Жээнбеков) Атамбаевдин жолун улабай койду, өзү бийликте турганда (2017-2020) журналисттерге каршы бир дагы доо арызды бербеди жана өзүн коргоого башкалардан бердирбеди. .

Бул жерден бир нерсени белгилеп кетиш керек. Доо арыздардын «марафону» башталган учурда, Бишкек шаарына «Азаттык» радисунун жетекчиси Прагадан келип, ажо менен бетме-бет жолугат, ошондон кийин А.Атамбаев «Азаттыкка» каршы берген доо арызды кайтарып алган [167, 4-б.]. Калган арыздарды кайтарбады, бул арыздарга чек ал бийликтен кеткенде коюлду. Бийликтин жүзү таза болсо, ниети ак болсо, калыстыкты кармаган журналистттер менен ал салгылашпайт, арам аракеттерди тейлеген медиа каражаттарды кол алдына топтобойт. Атамбаев салгылашты жана топтоду.

Үчүнчү президенттин журналисттерге жана оппоненттерге айткан сөздөрүн (афоризмдер) цитата катары келтирсек, бир тенденция байкалат – бул өзүнө да, өлкөгө да зыян жараткан теденция. Мына. 2016-жылы минтип айткан – «некоторым журналистам не нужна информация, а только повод попияриться»; «хочу сказать, что есть хорошие журналисты, а есть и плохие, но за 5 лет мы сделали многое, потерпите меня еще годик». Кыргызча мындай болот – «айрым журналисттерге бир кана пиар» керек, аларга маалымат кереги

жок»; «минтип айткым келет – жакшы журналисттер бар жана жамаш журналистер да бар, бирок 5 жылдын ичинде биз көп эле нерсени жасадык, мага дагы бир жыл чыдап тургула». Журналисттер чыдашты, ал эми өзү болсо чыдай албады («не смог потерпеть»).

Ошол эле жылы чыдамын түбү менен жоготту. Анан 2017-жылы жыйынтыктады, – «почему мы выигрываем суды, потому что это не журналисты, а клеветники»; «свинья везде грязь найдет, есть среди политиков и журналистов те, кто льют грязь на страну»; «кто душится французскими духами, но замешен в низких делах, таких кыргызы называют вонючими политиками, и если вонючий политик руководит партией, то как ее назвать, кроме как «вонючей»; «этот союз мне скотный двор напоминает, и один из персонажей, свинья, говорит «все животные равны, но кто-то равнее» [168, 6-б.]. Мындай «шедеврди» кыргызчалап берсек, бул сатира жанрындагы көркөм чыгармага барабар. Мына - «эмнеге биз соттон утуп атабыз, себеби булар журналист эмес эле ушакчылар»; «чочко баткакты бардык жерден табат, саясатчылар менен журналисттердин арасында да өлкөну баткакка салгандар бар»; «француздардын атырын себинип, ыплас иштерди жасагандарды кыргыздар сасык саясатчылар деп коюшат, анан ошондой сасык саясатчы партияны жетектесе, анда ошол партия да сасык болуп калат»; «ушундай нерсе мага мал короону эске салат, анан ошол жердеги каармандын бири, чочкону айтып жатам, «малдын баарысы бирдей, бирок бирөөсү артык» деп чочко айтты».

Укмуш эле дечи, бирок тагдырдын тамашасына так өзү айланды, себеби өзү таамай айткан «персонаждын» (каармандын) ролун өлкөнүн саясий сахнасында аткарып берди. «Скотный двор» («мал короо») дегени бул белгилүү жазуучу Орус элинин ушундай аталыштагы романын («Скотный двор») ажо учурунда окуганын белгилейт. Жаш кезинде ушундай классикалык китептерди сатып, бизнес кылган.

Бийлигинин акыркы жылында айткан сөздөрү ушундай. Буга чейин айтканын карасак, мындай. 2015-жылдын июль айында орус тилде чыккан гезитке таарынычын билдирген жери бар. «Моего брата просто затравили. Брата довело до инфаркта постоянное очернение моей деятельности. «Вечерний Бишкек писал обо мне грязь» [168, 7-б.]. Ооба, бул гезит (редактору Александр Ким болгон) А.Атамбаевди сындап турчу, бирок анын сыны мыйзамдын чегинен чыккан эмес. Таарынычын айтып коюп, А.Атамбаев тынчыбады, так ушул гезитти кол астына алуу аракетин жасады. А.Ким гезиттен ажырады, анын ордуна А.Рябушкин келип, ажону «тейлей» баштады. Атамбаевге «арзыматчылыгын» даана көрсөттү.

Мына, 2018-жылы чыккан сандарын карап чыгалы. 2018-жылдын январь айында «Вечерний Бишкек» өлкөдө орун алган доо арыздарды бердирген ажону (арыздар Д.Масловага, Ч.Джакуповага, Н.Айыпка каршы берилген) актоо иретинде Американын президенттерине салыштырды. Бирок алар журналисттерди сотко эч качан берген эмес, бул жагынан гезит бир дагы фактыны табалбады [169, 6-б.]. Ооба, сын айткан авторлорду гезит «очернение страны» («өлкөнү каралоо») кылышты деп каарып чыкты, бирок гезиттин бул сөзү далилсиз болду. Мындай аракеттерди «демогогия придворного пиара» (бийликтин короосундагы демагогиялык «пиар») деп белгилешет. Айтылган учурга жараша аракетти «унтердин жесири өзүн өзү камчылады» дегенге барабар десек туура эле келет.

«Вечерний Бишкектин» дагы бир макаласын карап чыгалы. «Не путать свободу слова с клеветой» деп аталат (2018-жылдын февраль айында жарыяланган). «Сөз эркиндигин ушактан айырмалагыла» деген мааниде. Гезит «свобода слова» деген багытында жазылган материалдардын баарысын (Атамбаевге каршы жазылгандарды) «клевета» деп бет тырмарлык ыкма менен баалады. Мына ошол сөздөр. «В целом вся ситуация вокруг иска Атамбаева к СМИ показывает, что против тогдашнего президента была организована целенаправленная клеветническая компания. В связи с этим

обществу не помешает задаться вопросом: «Нам нужна свобода слова или свободы клеветы».

Буга байланыштуу коом өзүнө суроо бериш керек – «бизге сөз эркиндик керекби же ушактын эркиндигиби». Анан ал чет өлкөнүн (Батыштын) тажрыйбасын айтып, «буларга жакындаш үчүн «мокасиндерин» (бут кийим) кийип, жолдорун басып чыгыш керек» деп, гезит дооматын көркөмдөп берди [170, 5-б.]. Мындай болсо аларга суроо - ошол гезит туу туткан ажо эмнеге «мокасин кийиген Америка» менен 1993-жылы түзүлгөн келишимди жокко чыгарды экен? Ошолордун «бут кийимин» кабинетине илип койбойт беле.

Бул жерде Америкага жасаган «ссылка» (шилтеме) орунсуз, себеби аларда баш прокурор президенттин ордуна доо арызды сотко бербейт (буга мыйзам жок). «Вечерний Бишкек» гезитинин автору болсо биздеги ыкманы (баш прокурордун ыкмасын) оозуна албай, бул «просто клевета» (ушак) деп оппоненттерди күнөөлөп, ажонун сөздөрүн ыйык түрдө кабыл алды. Мындай багыт бейишке жеткирбейт. Гезит кийген «мокасинде» тешиктер бар экени көрүндү.

2018-жылдын март айында аталган гезит дагы бир материалын басып, А.Атамбаевдин медиа тармагына жасаган кадамдарын минтип баалаган. «Атамбаев долго обеспечивал прессе этот абсурдно максимальный уровень свободы высказываний. Он рассуждал с позиций «собака лает – караван идет». Пока журналисты поливали президента и членов его семьи, он делал свою работу, сумев установить в Кыргызстане стабильность и задать вектор развития на улучшение жизни и благосостояние простого народа» [171, 4-б.].

Эми президенттин «жугуштуу үлгүсүн» (заразительный пример) уланткан инсандардын доо арыздарына көңүл буралы. Журналисттерге каршы берилген арыздар өзүнчө бир «окуяга» айланып калды. «Ачык саясат плюс» 2018-жылы бир чакан кабар жарыялаган. Ал жерде Жогорку Кенештин депутаты Кожобек Рыспаев жөнүндө минтип жазылган «К.Рыспаев «Ар-Намыс» партиясынан (бул Феликс Куловдун партиясы) депутат болуп, анан СДПК партиясына (бул

Алмазбек Атамаевдин партиясы) ооп, андан кийин муну да «хамельон» сыяктуу чанып кеткен», − деп жазган.

Ушул чындык сөзгө (фактыга) чычалап, депутат сотко доо арыз менен кайрылды. «Хамельон» деген бир сөз үчүн.

Гезиттин редактор айымы ага «кечиришели, биз сизди «Ар-Намыстан» качкан жок» деп жазып берели», − деген сөзүнө макул болгон эмес. Сот гезитке 300 миң сом штраф салган [172, 5-б.]. Гезит колдонгон «хамельон» деген сөз депутаттын кыжырын кайнатыптыр. Бул көркөм адабияттан (Чеховдун аңгемесинен) кирген, демек гезиттер − муну колдонууга толук укуктуу, бул сөз соттор үчүн «предмет» (негиз) болушу мүмкүн эмес эле.

Коомчулукту таңгалдырган дагы бир доо арызга көңүл буралы. Бегалы Наргозуевдин «Кыргыз Тудей» деген сайтына каршы берилген арыз. 2016-жылы сайтка коомдук ишмер Алга Кылычев жөнүндөгү чындык маалымат жарыяланган. Инсандын өйдө-ылдый болгон кадамдарына баа берилген, тиги жактан бул жагына өткөнү, генерал М.Турганбаевди обу жок жактаганы жана ушул сыяктуу сын сөздөр. Анан эки жыл өткөндөн кийин, 2018-жылы Кылычев Наргозуевге каршы доо арыз жазып (ал арызда Мавлян Аскарбековду да жоопко тартуу айтылган),70 миллион сомду талап кылган.

СДПК партиясынын активисти катары Кылычбек ушул партиянын тизмеси менен Жогорку Кеңешке талапкер болгон. А.Атамбаевге арнап интернеттеги гезитке макала жазган. Анын: «Урматтуу Алмазбек Шаршенович, сиз эл, мамлекет деп жүрүп чачыңыз агарды, карып да кеттиңиз», − деген сүйлөм менен президентке арналган чоң «сүйүүсүн» билдирген [173, 4-б.]. Кыргызстандын сөз эркиндигин коргоого түзүлгөн коомдук комитет мындай өзү билемдикке нааразылыгын билдирген кайрылуусун жарыялаган.

Кайрылуунун аталышы «Алга Кылычевдин рекорддук сумманы талап кылган бузуку практикасын токтотууга чакырабыз» [174, 6-б.]. Бул доо

арызды сот канааттандырбады, себеби мындай доо арыздарды кош колдоп колдогон А.Атамбаевдин доору бүтүп калган эле.

2019-жылдын 6-майында «Апрель» телеканалынын жетекчиси Жогорку Кеңешке аппеляциялык арыз менен кайрылган, ал Бишкектин шаардык сотунун чечимине каршылыгын көрсөттү. Ал чечимде доо арыз жазган үч адамга (А.Келдибеков, А.Бекназаров, К.Дүйшебаев) телеканал ар бирине 100 миң сомдон төлөш керек деген өкүм чыгарган. Иштин таржымалы мындай. Телеканалдын жетекчиси Д.Ложников окуяны бурмалап берген. Реалдуу жагы 2019-жылдын 28-февралында борбордогу Октябрь районунун соту 2018-жылы 10-декабрда «Апрель» каналына А.Атамбаевдин интервьюсуна карата чечим чыгарып, Атамбаевдин өзүн да айып пулга жыккан. Бул жагынан чечим – туура, себеби конкреттүү адамга штраф салынган, ал эми телеканалга салынган штраф туура эмес, себеби ал ошол адамдын сөзүн берген үчүн күнөөлү болбойт. Аныгы −ушундай.

Телеканалга доо арыз Граждандык кодекстеги 18-беренеге ылайык жазылган: «Защита чести, достоинства и деловой репутации юридического лица» деп аталган беренеге таянуу менен. Доо арызды берген үч инсан «юридическое лицо» деген түшүнүккө туура келбейт, себеби булар «физическое лицого» кирет. Ишти Бишкек шаарынын соту карап, телеканалдан суралган акчалай айыпты жокко чыгарып, бир гана «опровержение» («андай эмес» деп) берилсин деген чечим чыгарган. Эми бул да − абсурдга жакын, себеби А.Атамбаевдин интервьюсун кантип «опровержение» кылышмак. А.Атамбаевге салынган 100 миң сомдук штраф күчүндө калтырылып, – ар бир доогерге 100 миң сомдон штраф төлөнсүн, − деп сот чечим чыгарган. «Апрель» каналына сот тарабынан жазана салынган эмес[145, 14-15-б.].

А.Атамбаевдин доорундагы арыздардын «конвейери» анын бийлиги бүткөндөн кийин токтоду. 2019-жылдын август айында күч колдонуп «реванш» кылам деп жүргөн А.Атамбаев камакка алынды. Ошол окуяда

ГКНБнын офицери У.Ниязбеков октон өлдү, бир топ кишилер жарадар болушту. Кылмыш ишти караган сот А.Атамбаевди эркинен ажыратып, түрмөгө тыкты. Чечим туура болду.

## 3.3. Илимий изилдөөнүн жыйынтыгы

Кыргыз журналистикасынын тарыхы буга чейин жалпыланган иретте гана изилденген. Бул тарыхты эки чоң этапка бөлүп иликтөө салтка айланган: совет доорундагы улуттук журналистика (1920-1990) жана эгемен доорундагы кыргыз журналистикасы (1991-жылдан бери). Мааалымат каражаттар тармагындагы материалдар жалпысынан каралды. Региондорго бөлүп, ар бир региондун материалдары системдүү түрдө караган изилдөөлөр эми гана башталды. Түштүк региондун (буга үч аймак кирет – Ош, Жалал-Абад, Баткен) журналистикасына түздөн түз жүргүзүлгөн илимий иликтөөнү Ош университетинин журналистика кафедрасы баштады.

Регионалдык багытта түштүк жактагы аймактардын контекстинде журналистиканын материалдары (электрондук жагы өз алдынча, басма сөз жагы да өз алдынча) иликтенип, илимий негиздеги тыянактар чыгарылды. Жетишкендиктер менен кемчиликтер бир бүтүндүктө изилденди.

Басма сөзгө тиешелүү изилдөөлөрдүн теориялык негиздери медианы изилдеген илимде белгилүү деңгээлде аныкталган, бирок бул жагынан дагы кыргыз журналистикасына байланыштуу дагы бир топ терең изилдөөлөр керек, себеби бул багытта чыккан илимий эмгектерде тарыхый контексттеги эволюциялык өнүгүү жалпыланган түрдө гана аныкталган. Дагы бир белгилей турган нерсе, бул тармактагы изилдөөлөр көбүнчө электрондук медиа каражаттарына таандык.

Т.Кадыровдун, М.Мырзагуловдун, А.Дүйшекееванын, Ч.Капарованын китептеринде радио менен телевидениенин жолу, жанры, формасы, мазмуну, өнүгүүнүн этаптары каралган. С.Усуповдун китебинде журналистиканын тарыхый жолу иликтенген. Г.Ибраева менен С.Куликованын эмгегинде регионалдык журналистиканы «түштүк менен түндүк» (север и юг) деген тартипте чектеп, регионалдык медиалар ушул эле бир жалпы критерийде бааланган.

Ооба, бул – (түштүк-түндүк) регионалдык бөлүнүүнүн себептеринин бири, бирок регионалдык медиалар бир эле себеп менен чектелбейт. Басма сөздүн өзүнө гана таандык спецификасы бар, анысы электрондук медиаларга универсалдуу түрдө туура келбейт. Ушуга байланыштуу муну өз алдынча бөлүнгөн ыкмада гана изилдеш керек, басма сөздү (гезиттерди) өзүнчө жана электрондук медианы (радио менен телевидениени) өзүнчө. XXI кылымда буга дагы үчүнү түрү кошулду, бул – интернеттеги масс-медиа, муну да өзүнчө иликтөө – максатка ылайыктуу.. Дагы бир жагдайды белгилейли. Теориянын тили менен айтсак, улуттук журналистикада эки контекст бар, биринчиси – «өлкөнүн контексти», экинчиси, – «региондун контексти». Экөө тең өз алдынча болгон бир «бүтүндүк» (единство) катары каралышы керек

«Регион» деген түшүнүк өлкөнүн эки тарабын: «түштүк» менен «түндүктү» билдирет (юг и север). Бул – аталган түшүнүктүн бир мааниси. Экичи мааниси өлкөнүн ичиндеги аймактардытүшүндүрөт: Талас региону, Баткен региону, Нарын региону, Чүй региону, Ысык-Көл региону, Жалал-Абад региону жана Ош региону (өлкөнүн жети областына барабар). Дагы бир нерсе борборду (Бишкекти) өз алдынча карап, бул жердеги медиа каражаттарды система катары илимий изилдөөгө алса да орундуу болот. «Региондун» дагы бир чоң мааниси бул бир катар бири бири менен байланышкан өлкөлөрдү бириктирген түшүнүк: Борбор Азия региону, Кавказ региону, Прибалтика региону, Евразия региону, Европа региону жана ушул сыяктуу өлкөлөр.

Ушуга байланыштуу «контекст» деген түшүнүктүн төмөндөгүдөй түрлөрү: «өлкөнүн ичиндеги контекст», «өлкөлөрдүн алкагындагы контекст», «дүйнөнүн булуң-бурчтарындагы контекст» бар. Биз изилдөөбүздө өлкөнүн «түштүк» тарабына байланыштуу басма сөз тармагына тиешелүү болгон материалдарды иликтедик. Бул тармак мындай контекстте изилдөөгө муктаж экени талашсыз, себеби бул багыттагы изилдөө системалуу калыпка түшө элек.

Ар бир мамлекетте бийлик менен басма сөздүн ортосунда конкреттүү мамиле түзүлөт. Ушул мамиленин ар бир өлкөгө таандык болгон өзгөчөлүгү болот. Ар биринде бул жагынан өз алдынча «контекст» түзүлөрүн дагы бир жолу аныктап кетели – бул индивидуалдуу жагы, ушунусу менен алар бири биринен айрмаланылат. Окшоштук жагы да бар − бул бийлик менен басма сөздүн бири бирине бетме-бет тартипте турган эки тараптуулугу (два полюса). Бирин бирин жокко чыгарбайт, бири бирине сиңип кетпейт. Ооба, жок кылууга да, сиңирүүгө да аракет жасалган, жасалды жана жасалат, бирок эки тарап буга чейин сакталган жана сактала берет, себеби бул − диалектикалык түбөлүктүү бир бүтүндүк (ажырабайт жана кошулбайт деген мааниде). Тармактын табияты ушундай – каршы турган тараптар бири бирине кирбейт жана бири биринен ажырабайт.

Биримдиктин тегерегинде ар бир өлкөнүн өнүгүшүнө, саясатына, салтына жана өлкөнүн башчысына жараша «контекст» түзүлөт. Тарыхта жеке инсандын өлкөгө кошкон салымы, таасири илгертеден бери орун алып келе жатат. Муну «роль личности в истории» деп аташат. Айрым учурда «культ личности» жана айрым учурда «триумф личности» деген бири бирине барабар болбогон көрүнүштөр пайда болот. Бул «позитив» менен «негатив». Мисалы, Кытайдын тарыхын алсак, анда Мао-Цзе-дун менен Дэн Сяо-пиндин инсандык ордун «культ» жана«триумф» деп карашат.

Ушул багытта Кыргызстанга көз салсак, коңшулаш өлкөлөрдөн кескин айырмаланып турат. Өзүнчө бир жалгыз «арал» сыяктанып, башкаларга окшобойт, чет өлкөлүк эксперттер бекеринен бизди «остров демократии» деп аташкан эмес. Ушундай даражага жеткирген күчтүн бири бул – ушул өлкөдөгү басма сөз. Бийликтин тескери кадамдарын сындап, шайлоочуларга дем берген Кыргызстандын басма сөзү өлкөнүн тагдырын чече турган күч катары калыптанып калганын дүйнө тааныды.

2002-жылдагы «Аксы окуясынан» кийин так ушул басма сөз менен «Азаттык» радиосунун аракети аркылуу кыргыздын биринчи президентинин

ырайымсыз бийлиги 2005-жылы кулап түшкөн. Андан кийин ушундай эле жол менен экинчи президенттин бийлиги да кулаган. Бул процессте мамлекеттик басма сөз тарап (государственные газеты) менен мамлекеттик эмес басма сөз тарабы (негосударственные газеты) бири-бирине принципиалдык түрдө каршы турушкан, бул келишпестик мүнөздөгү тирешүү болгон. Тирешүүдөн мамлекеттик басма сөз ар дайым жеңилип калган. Диссертацияда ушул тирешүүнүн түштүк регионундагы жагдайын иликтедик.

Коомдо эки чоң «дубал» бар: бири – бийлик, экинчиси – медиа каражаты. Ортосунда ары-бери баса турган жол (корридор) жатат. Анан ушул жол дайыма таза болуш керек, бул жерге тосмолор коюлбаш керек. Ушул жол менен эл (электорат) басат. Жолду күнүгө тазалай турган кызматкерлер бул – журналисттер. Буларды «коомдун кароолчулары» деп аташат. Дубалдын үстүнөн таш ыргытылбасын көзөмөлдөшөт жана ыргытылган таштарды тосушат. Коомдо коркунуч сезим орун албаш керек, ушундай коркунучту басма сөз жокко чыгарып турат. Бул – анын негизги милдети. Биздин өлкөдө журналисттер ушул милдетти так аткарып жатат деп айтсак жаңылбайбыз. Биз иликтеген түштүк регионунун материалдары ушундай жыйынтык чыгарууга негиз берди.

Кыргызстандын коомчулугунда коркуу (бийликтен коркунуч) сезими жок. Мындай абалга коомчулук басма сөздүн көмөгү менен жетти. Муну ар дайым эсте сакташыбыз керек.

Ооба, кыргыз президенттери элди күч менен коркутуп,, каалагандай башкарабыз деп умтулушту, айрымдары бийликти баласына аманат кылууга үмүттөндү, бирок так маалыматтарды билишкен эл алардын бул максаттарына каршы турушту,бийликтен кетиришти. Элди коркутам дегендер элден коркуп, өздөрү чет өлкөлөргө качып кетишти. Адилеттүү журналисттерди доо арыздардын миллиондогон штрафтары да, абактын коркунуучу да токтото албады. Кыргыздын адилет журналисттери ажолорго

бир  осуятты айтып турушту, бул улуу акын Арстанбектин эки сап сөзү «эл менен бийиксиң, элден чыксаң кийиксин». Болгону – эки эле сап, бирок ушул сөз улутту эки миң жылдан бери сактап келет.

**Үчүнчү бөлүмдүн тыянак**

Мониторингдер Кыргызстандын медиа тармагына карата 2000-жылы башталды. Булар өлкөдөгү сөз эркиндигинин өнүгүүсүнө орчундуу көмөк көрсөтүштү. Буга чейин мындай иштер болгон эмес, анан болбогонунан улам көп нерселер көмүскөдө калган, себеби документалдуу издер калган эмес (видиотасма аркылуу, деталдуу анализ менен). Мониторинг фактыларды чогултуп, буларды системалыштырып, жыйнак түрүндөгү отчётторду жазды. Бул отчёттор жазма булак катары түбөлүк архивде сакталып, илимий да жана саясый да иликтөөгө негиз болот. Журналисттерди даярдоо ишине да салым кошот, себеби мониторингдин материалдары бул кесиптин тарыхы боюнча жазылган окуу куралдарга жана окуу китептерине мисал болуу аркылуу тажрыйбанын булагына айланып калат

Жыйырма жылдын ичинде (2000-2020) өлкөдө 12 мониторинг өттү. Булардын материалдары эми гана илимий чөйрөөгө маалым болду. Электрондук медиа каражаттарга тиешелүү жагы каралды. Мониторингдин жыйынтыктары эл аралык масштабдагы чөйрөгө жетти, англис тилинде чыкты, журналисттердин эл аралык Федерациясынын, Фридом Хаустун жана башка эл аралык ири уюмдардын алкагына кирди, дүйнөнүн көнүлүн өзүнө бурду. Эң керектүү учурларда өлкөдөгү экстремалдуу кырдаалдарды чагылдырды, кыргыздардын революцияларына күбө болду. Бийлик бутактарын өзүнүн калыс түрдө жазылган объективдүү отчеттору менен сестендирди, каталарды ондоого жана туура чечимдерди чыгарууга мажбурлады. Журналисттерди коргоп калууга тирек болуп, бийликтин каарын жумшартууга аракет жасашты, буга мисалдар жетиштүү (чек арадагы, коншу өлкөнүн чек ара постундагы прецеденттер) келтирилди.

Кыргызстанда медиа тармагына тиешелүү дагы бир орчундуу нерсе бул – «Массалык маалымат каражаттарына түшкөн арыздарды кароо комиссиясы» деп аталган коомдук уюмдун иш-аракеттери. Бул үчүнчү ажонун доорунда түзүлүп, коомдун өнүгүүсүнө позитивдүү салымын кошту. Айрым

чатактарды алдын ала басып, соттошууга жеткирбеди. Комиссия негизги максатын так аткарды, бийлик менен журналисттердин ортосуна «көпүрө» жана «данакер» болуп берди.

Президент А.Атамбаевдин бийлигинин акыркы үч жылы мамлекеттин тагдырына негативдүү таасирди тийгизди, себеби ажонун ар-намысын коргоо иретинде сотко берилген доо арыздардын саны өтө көбөйүп, өлкөнү жөө тумандай каптап кеткен. Ошол арыздар баш прокурордун колу менен берилген (2003-жылы ушундай укук мыйзамга киргизилген).

Изилдөөгө алынган доо арыздар журналистиканын тарыхынан орун алды, бийликтин кетирген каталарын көзгө сайып көрсөткөн авторлордун үстүнөн доо арыздар сотторго берилип, чоң суммадагы штрафка жыгышкан. Коомду бул селдей каптап, жетекчинин жеке үстөмдүгүн өлкөгө орнотту, «культ личности правителя» деген түшүнүктү түптөп, жеке бийликти бекемдеди.

Биздин иликтөөнүн жаңылыгы регионалдык прессанын материалдары биринчи жолу илимдин алкагында каралгандыгында.

# КОРУТУНДУ

Кыргызстандын үчүнчү президенти А.Атамбаевдин доорунда (2011-2017) медиа каражаттарына каршы доо арыздарөтө күчөгөн. Куугун 2012-жылы башталып, 2017-жылдын аягына чейин уланган. Беш жылдын ичинде гезит менен сайттарга, авторлор менен укук коргоочуларга соттун чечимдери менен 50 миллион сомго чейинки штрафтар салынган. Журналисттер фактыларга жана орун алган көрүнүшөргө таянып жазышкан, бирок соттор бир эле тараптын (бийликтин, президенттин) кызыкчылыгын коргоп, бир беткей чечимдерди улам-улам чыгарып турушкан.

Доо арыздар баш прокурордун колу менен сотторго берилген, мындай укукту 1993-жылы ошол кездеги бийликтин кол алдындагы юристтер даярдашып, мыйзамга киргизип, депутаттар бекитип беришкен. Демократияга балта чапкан бул аракет А.Акаевдин учурунда ишке ашкан. Ушул укук «культ личности» деп аталган негативдүү көрүнүштү жаратууга түрткү болгон

Бул укук 2019-жылы өлкөнүн төртүнчү президенти Сооронбай Жээнбековдун демилгеси менен мыйзамдан (президент жөнүндөгү мыйзамдан ) алынып салынган.

2017-жылы юрист Чолпон Джакупова ажого орус тилинде ачык кат жазып, анда: «Вы полагаете, что решением суда сможете ликвидировать мнение или прекратить чувства», − деп сураган [163, 5-б.]. Атамбаев жеке адамдын ой жүгүртүүсүн тыйып, журналисттерге жүгөн салам деген көз караште болгон. Бирок бул колунан келбеди.

А.Атамбаевдин «жоругу» жакындарына жугуп, анан ошолордон да журналисттерге каршы доо арыздар түшө баштаган. Мисалы, Алга Кылычев маалымат сайттын ээсине (Б.Наргозуевге) каршы доо арыз берип, штрафка 70 миллион сом сураган. 2019-жылы август айында А.Атамбаевди кылмыштуу аракеттери үчүн сот аны эркинен ажыратып. абакка отургузду.

Диссертацияда түштүк региондун басма сөзү иликтенди. Изилдөөгө чейрек кылымдан ашык мезгилди камтыган жылдар кирди (1990-2017). Атамбаевдин дооруна өзгөчө көңүл бурулду. Мындай багытта жазылган, регионалдык басма сөздүн тарыхын иликтеген илимий иш жок эле. Аткарган иштин илимий жаңылыгы – ушунда. Буга кошо медиа каражаттарга каршы арыздарды караган комиссиянын материалын диссертацияда иликтеп, изилдөөнүн бөлүгүнө кийирдик. Бул дагы жекече алынган илимий жыйынтыктардын тизмесин толуктады.

Басма сөздү, радиону жана телевидениени «магистралдык маалымат каражаттары» деп аташат («магистральные СМИ»). Ушуга XXI кылымда соцтармактуу медиа кошулуп, аталган каражаттарга конкуренцияны алып келди. Анан бул соцтармак коомдо калыптанган чектөөлөргө баш ийбей, түйшүктөрдү жаратты. Азыр «информационное стадо» деген термин бар (муну «маалыматтык үйүр» деп которсок болот). Социалдык тармактагы масс-медианын коомго тийгизген терс таасирин эксперттер эми айта баштады [175, 6-б.]. Бирок жаңы шартта да басма сөздүн коомдогу орду четке кагылбады, бул дагы эле күчүндө, дагы эле бийликке таасир этет, дагы эле сын айткан ыкмаларды эффективдүү түрдө колдонот. Түрлөр ар кандай. Мисалы, 2019-жылы Тажикистандын бир аймагындагы гезит («Тахти Кубод», Хатлон областы) биринчи бетин (полосаны) бош калтырып чыкты – бул чиновниктерге көрсөткөн протест (каршылык) болчу [176, 3-б.].

Басма сөз тармагына арналган илимий эмгектер журналистиканын жалпы илиминен өзгөчөлөнүп турат, себеби журналистиканын ар бир түрүн өз алдынча изилдеш керек – бул жанрдын спецификасына жана ММКнын турпатына байланыштуу (басма сөздүк, электрондук жана интернеттик багыттар деп журналистика азыр үч түргө бөлүнөт). Диссертацияда ушундай контексттин алкагында журналистика илиминдеги теориялык негиздер аныкталды (бул кеңири масштабдагы жалпы теория) жана Кыргызстанда буга чейин жазылган илимий эмгектердин мазмуну анализденди.

Кыргызстандагы эгемен доор 1991-жылы башталган, 1992-жылы мамлекеттик эмес гезиттер чыкты, кыргыз тарыхында булар мурун болгон эмес. Жаңы гезиттер мамлекеттик гезиттерди сүрүп чыгышкан жок, бирок ошолорго атаандаш болуп, өлкөгө сөз эркиндигинин принциптерин орното баштаган. Цензура жокко чыкты. Компартиянын диктатурасы бүттү. Советтер Союзу ыдырады. Гезит ачууга Юстиция министрлигинен күбөлүк алуу жетиштүү болуп калган. Эгемен доордогу басма сөз каражаттарынын өнүгүүсүнүн биринчи этабы (өлчөм) башталган.

Бул этаптар өлкөнү башкарган ажолордун бийликте турган мөөнөттөрүнө жараша бири-биринен айырмаланат. Этаптардын хронологиялык жагы ар кандай өлчөм менен чектелди: биринчи этап 15 жыл, экинчиси 5 жыл, үчүнчүсү 6 жыл, төртүнчүсү 3 жыл.

2021-жылы бешинчи этап башталды. Этаптарга бөлүүнүн логикасы өлкөнү башкарган президенттердин иштөө мезгилине туура келет, себеби кыймылдар ажолордун бийликте турган жалдарына байланыштуу жасалат. Жаңы кыймылдар жаңы президенттер менен бирге келет, анткени жаңылар эски көрүнүштөрдү жокко чыгарышат. Кыргызстандагы бийликтин өзгөчөлүгү − ушунда.

Улуттук журналистикасынын тарыхы илимий жактан терең жана кенен изилдөөлөрдү талап кылып, теориялык негиздерин аныктоого муктаж экендиги талашсыз. Биз өз иликтөөбүздө ушул ишке салым кошуп, журналистика тармагына жаңылык кийирдик. Заманбап методдорду колдонуп, түштүк регионундагы Ош, Баткен, Жалал-Абад областтарындагы басма сөздү иликтеп чыктык. Ар бир областтын басма сөзүндөгү окшоштуктар менен айырмачылыктарын аныктадык.

Диссертацияда системдүү тартипте түштүк жактагы басма сөздүн иши экстремалдык учурлардын алкагында изилденди жана ар бир учурду камтыган материалдар каралды. 1990-жылдагы Ош окуясы, 2002-жылдагы Аксы окуясы, 2010-жылдагы Оштогу экинчи коогалаң. Ушул учурларды

чагылдырган жергиликтүү басма сөздүн материалдары биринчи жолу илимий түрдөгү иликтөөдөн өткөрүлдү.

Оштогу экинчи ирет болгон улуттук кагылыш (2010, июнь) өз

алдынча ар тараптан кеңири түрдө каралып, басма сөздүн (жергиликтүү жана борбордогу) аракеттери менен таасири (оң жагынан, терс жагынан) диссертацияда деталдуу түрдө талданды Өлкөбуздүн эгемен доорундагы медиа тармагына мониторингдерXXI кылымдын башында 2000-жылдан 2006-жылга чейин такай жүргүзүлө баштаган (Акаевдин үчүнчү мөөнөтүндө). Президенттик жана парламенттик шайлоолор көзөмөлгө алына баштаган. Мындан тышкары медиа тармактын күнүмдүк иштери эки жылдык өлчөмдө (2005-2006) каралды. Мониторингдердин материалынан түштүк аймактардын басма сөзүнө тиешелүү фактылар менен көрүнүштөр изилденди. Мындай илимий тартиптеги изилдөө биринчи жолу аткарылды. Бул автордун жеке салымын далилдеп турат.

XXI кылымда Кыргызстанда медиа каражаттарына каршы

арыздарды караган комиссия түзүлгөн. «Комиссия по рассмотрению жалоб на СМИ». Комиссиянын максаты журналисттердин Этикалык кодекстин негизинде конфликттерди (тирешүүлөрдү) жараткан фактыларды талдап, ишти соттун кароосуна жеткирбей, позитивдүү түрдө чечүү болгон. Түшкөн арыздардын ичинен түштүк региондун басма сөзүнө тиешелүү фактылар диссертацияда каралып чыкты. Аталган комиссиянын материалы (мониторингдин материалары сыяктуу) улуттук журналистиканын ишине багытталган . Басма сөзгө тиешелүү жагын гана карадык.

Диссертацияда өлкөнүн үчүнчү ажосу болгон А.Атамбаевдин

тушунда (2011-2017) медиа тармакка каршы түшкөн доо арыздар иликтенди (басма сөзгө тиешелүү жагын алдык). Башка ажолордун мезгилинде мындай арыздар болгон эмес. Штрафтын суммасы (медиа каражаттар менен авторлорго берилген) 50 миллион сомго жеткен. Ажону туурап анын партиялаштарынан (СДПК) түшкөн доо арыздардын талабы аталган суммадан

да ашып кеткен. Атамбаев бийликтен кеткенден кийин, бул жазаналардын баары жокко чыгарылды. Төртүнчү ажонун (С.Жээнбеков) демилгеси менен ажонун атынан генпрокурорго берилген доо арыз берүү укугу (2003-жылы алынган) 2019-жылы алынып салынды.

**Диссертацияда жекече алынган илимий жыйынтыктар.**

Биринчиден, түштүк региондун басма сөз тармагы эгемен доордун жылдарында илимий тартипте биринчи жолу изилденди. Экинчиден, түштүк аймактарындагы басма сөз экстремалдык учурларды чагылдырган материалдар илимий эмгектин багытында каралганы ушул диссертациянын жаңылыгын далилдейт. Үчүнчүдөн, медиалык тармакты көзөмөлдөгөн мониторингдердин жыйынтыктары диссертацияда каралып, илимдин курамына кирди. Басма сөзгө тиешелүү материалдар каралды. Буга чейин илимпоздор мониторингдерди караган эмес, бул архивде сакталып жаткан.

Төртүнчүдөн, президент Атамбаевдин бийлигинде медиа тармакка каршы түшкөн доо арыздар деталдуу түрдө каралып чыкты.

Диссертацияда каралган бир маселеге өзгөчө маани берип, акцент койсок туура болот. Бул – мамлекеттик менен мамлекеттик эмес гезиттердин айырмачылыгы, ушул нерсе отуз жылдан бери коомдун нааразычылыгын курчутуп келе жатат, ар бир ажого так ушул нерсе зыян тийгизет, себеби ага мамлекеттик гезиттер чындыкты айта албайт, чындыкты айткандарга көө жабышат. Мисалы, («наглядное пособие» сыяктуу кылып). Өлкөбүздүн эң негизги расмий гезити «Кыргыз Туусу» 2020-жылдын 6-октябрь күнү кезектеги санын чыгарган. 4-октябрда өлкөдө «октябрь революциясы» ишке ашып, Бишкекте бийликтин өкүлү катары бир гана генерал-майор Өмүрбек Суваналиев (Совет безопасности деген расмий умдун жетекчисинин орун басары) калган. Калгандар 5-октябрда мамлекеттик кызмат орундарына чыккан эмес: ажо, премьер-министр, МВД, КГНБ, баш прокуратура жана башка инстанциялардын жетекчилери качып кетишкен.

Эми ушундай кырдаалда өлкөнүн биринчи гезити Кыргызстанда эч нерсе болбогондой көнүмүш материалдарын жарыкка чыгара берген. Алсак, «Ажонун иш-күндөлүгү» деген рубрика менен президент С.Жээнбековдун мугалимдерге болгон кайрылуусун, мугалимдердин кесиптик майрамы менен куттуктоосун берген, Ушул эле бетте ажонун добуш берген учурун фото кылып, шайлоо участкосунан репортаж беришкен. Аталышы мындай «Бардык партияларга бирдей шарт түзүлдү».

Революция так ушул шайлоонун жыйынтыгы чыкканда башталып, бир сутканын ичинде өлкөнү өзгөртүп салды. Мамлекеттик эмес гезиттер бул процессти саат сайын чагылдырып турушса, мамлекеттин негизги гезити эки күн өткөндөн кийин (6-октябрда) чыгып, өлкөдө эмне болгонун айта алган жок. «Кыргыз Туунун» ушул саны күнкарамалыктын «документалдуу фактысы» болуп калды [177, 6-б.].

Диссертацияда түштүк региондогу (Ош, Баткен, Жалал-Абад) басма сөздүн багыттары салыштырылып (расмий гезиттер менен расмий эмес гезиттер салыштырылып) изилденди. Экстремалдуу учурларды регионалдык басма сөз чагылдырган процесс иликтөөдөн өткөрүлдү. Ушул диссертация аркылуу мониторингдердин отчеттору, коомдук комиссиянын жыйнтыктары илимдин курамына кийирилди. Атамбаев президент болуп турган учурда журналисттерге жана укук коргоочуларга каршы сотко берилген доо арыздар деталдуу түрдө каралып чыкты, буга чейин бул маселе илимий иштердин алкагында иликтенген эмес. Жалпысынан алсак, диссертация регионалдык журналистиканы изилдөөгө алган алгачкы илимий эмгек болуп саналат.

# ПАЙДАЛАНГАН АДАБИЯТТАР


1. Антология: История печати [Текст]: в 3-х.: учеб. Пособие для студ. Вузов, обучающихся по направлениию подготовки бакалавров и магистров «Журналистика» и спец. Подготовки дипломирован. спец, «Журналистик» / сост. Я. Н. Засурский, Е. Л. Вартанова. // – М .: Аспект Пресс, 2002. – Т. 1. – 419 с. – (Сер. Классика журналистики).

2. Мамбеталиев, К. Итоги демократии. [Текст]: / К. Мамбеталиев. //– Бишкек: [б.и.], 1994. – 168 с.

3. Грабельников, А. Массовая информация в России: от первой газеты до информационного общества: [Текст]: / А.Грабельников. // Монография. – М., 2001. – 330 с.

4. Ворошилов, В. Журналистика. [Текст]: учеб. / В.Ворошилов. Учебник. – СПб., 1999. – 304 с.;

5. Рэндалл, Д. Универсальный журналст [Текст]: пер. с англ. / Д. Рэндалл. // – М.: Межунар. центр журналистики, 1996. – 120с.

6. Мамбетсариев, Т. Роль партийно-советской печати Киргизстана в осуществлении культурной революции (1924-1958г.г.) [Текст]: автореф. дисс. ...канд. ист. наук / Т. Мамбетсариев. // – М., 1968. – 25с.

7. Ибраева, Г. Кыргызстандагы массалык маалымат каражаттарынын өнүгүү тарыхы жана азыркы кездеги абалы [Текст]: / Г. Ибраева, С. Куликова. // - Бишкек: Салам, 2002. – 238б.

8. Туралиев, Ж. Система СМИ Республики Кыргызстана: генезис, современное состояние и тенденции развития [Текст]: автореф. дис. ... канд. филол. наук / Ж. Туралиев. – М., 1997. – 154 б.

9. Мамырова, М.К. Журналистика [Текст]: окуу куралы // М.К. Мамырова. – Бишкек: [б-сыз], 2020. – 196 б.

10. Симкачева М. Профессионализм журналиста: трансформация понятия, модели практического воплощения. [Текст]: дис.... канд. филол. наук: 10.01.10 / М. В. Симкачева. – Казань, 2006. – 180 б.

11. Ситуация в области СМИ в Казахстане, Кыргызстане, Туркмении, Тажикистане и Узбекистане[Текст]: пять спец. докл. ОБСЕ. – Вена, 2002. – 150с.

12. Гулямова, Д. Региональная журналистика Ферганской долины [Текст]: материалы Междунар. Конф. / Д. Гулямова. – Ош: [б.и.], 2003. 52 с.

13. Исследования СМИ Кыргызской Республики [Текст]: исслед. Проведено обществ. об-нием «Журналисты» при поддержке дат. / Междунар. организации International Media Support (IMS). – Бишкек: [б.и.], 2013. – 37 с.

14. СМИ в Центральной Азии: анализ ситуации и перспективы пазвития [Текст]. – Алматы: [б.и.], 2001. – 66.

15. Стандарты общественного телерадиовещания [Текст]: - Бишкек: [б.и.], 2005. – 112 с.

16. Ибраева, Г. Куликова, С. История развития и современное состояние СМИ в Кыргызстане. [Текст] / Г. Ибраева, С. Куликова. // – Бишкек: АО Салам, 2002. – 304 с.

17. Печатные и электронные СМИ Кыргызской Республики [Текст]: справ. – Бишкек: [б.и.], 2003. – 60 с.

18. Дүйшекеева, А. Радиожурналистиканын негиздери [Текст]: окуу китеби. / А. Дүйшекеева. – Бишкек: [б-сыз], 2013. – 304 б.

19. Акматбекова, Ж. Кыргызстандын массалык маалымат каражаттарынын өнүгүү тенденциясы (1991-2015) [Текст]: филол. илим. ... канд. автореф. / Ж.Акматбекова. // – Бишкек, 2016. – 27б.

20. Киргизская Советская Социалистическая Республика [Текст]: энцикл. [Текст] / [гл.ред. Б. О. Орузбаева]. – Фрунзе: Кирг. сов. Энцикл., 1982. – 488 с.

21. Роговцева, Е. Журналистика [Текст]: энцикл. / Е. Роговцева. – Бишкек: [б.и.], 2017. – 304с.

22. История Киргизской ССР: С древнейших времен до наших дней [Текст]: в 5-ти т. / гл. ред. К.К. Каракеев. – Фрунзе: Кыргызстан, 1990, Т.4: Киргизия в 1938-1960 гг. – 480 с.

23. История Киргизской ССР: С древнейших времен до наших дней [Текст]: в 5-ти т. / гл. ред. А.К. Карыпкулов. – Фрунзе: Кыргызстан, 1984, Т.3: Победа Великой Октябрьской Социалистической революции и построения социализма в Киргизии (1917-1937 гг.) – 652 с.

24. Ким, М. Н. Основы творческой деятельности журналиста [Текст]: учеб. для вузов / М. Н. Ким. – СПб.: Питер, 2011. – 400 с.

25. Философская компаративистика в диалоге культур [Текст] // Философские науки. – 2004. – № 11. – 94 с.

26. Муминов, Ф. Метод журналистики и методы деятельности журналистов [Текст]: моногр. / Ф. Муминов. – Ташкент: Фан, 1998 – 287 с.

27. Корконесенко, С. Г. Политическая журналистика [Текст]: учеб. для бакалавриата и магистратуры [Текст] / под ред. С. Г. Корконесенко. // – М.: Юрайт, 2015. – 319 с.

28. Прохоров, Е. Терминологический аппарат – понятивно-смысловой скелет науки [Текст] / Е. Прохоров // Вест. МГУ. Сер. 10: Журналистика. – 2012. – № 1. – С. 27-38.

29. Ахмадулин, Е. Основы теории журналистики [Текст]: учеб. и практикум для акад. бакалавриата / Е. Ахмадулин. – 2-е изд. – М: Юрайт, 2016. – 358 с.

30. Гегель, Г. В. Ф. Энциклопедия философских наук [Текст] / Г. В. Ф. Гегель. – М.: Мысаль, 1974. – Т.1: Наука логики. – 452с.

31. Ворошилов, В.В. Журналистика [Текст]: учеб. / В. Ворошилов. – СПб.: Изд-во Михайлова В. А., 2000. – 360 с.

32. Мисонжников, Б. Журналистика. Введение в профессию [Текст]: учеб. пособие: Стандарт третьего поколения. Гриф УМО / Б. Мисонжников, А. Тепляшина. – СПб.: Питер, 2014. – 272 с.

33. Тертычный, А. Расследовательская журналистика [Текст]: учеб. пособие для вузов / А. Тертычный. – М.: Аспект Пресс, 2002. – 384 с.

34. Уилмен, Д. Журналистские расследования: современные метды и техника [Текст] / Д. Уилмен. – М.: Виоланта, 1998. – 224 с.

35. Соловей, В. Абсолютное оружие. Основы психологической войны и медиаманипулирование [Текст] / В. Соловей. – М.: Эксмо, 2015. – 320 с.

36. Малаховский, А. Очерки истории журналистики США второй пловины 19 века: журналистика «позолоченного века» [Текст] / А. Малаховский. – М.: Изд-во Рос. ун-та дружбы народов, 1997. – 68 с.

37. Ворошилов, В. В. История журналистики зарубежных стран [Текст]: конспект лекций // В. Ворошилов – СПб.: Михайлов В. А., 2002. – 64 с.

38. Дима, А. Принципы сравнительного литературоведения. Пер с румын. – [Текст]: пер. с румын. / А. Дима. – М.: Прогресс, 1977. – 229 с.; Дюришин Д. Теория сравнительного изучения литературы. Пер. со словац. – М., 1977. – 320 с.

39. Өмүрзакова, Н. «Талкууга чакырабыз», «Сыр төгүү», «Силер кандай дейсиңер» деген рубрикаларды үзгүлтүксүз чыгарып турган [Текст] /

Н. Өмүрзакова // Ош жаңырыгы. – 2015. – 14-февр.

40. Сорокин, А. К. «Сапаттуу жүн тапшырылууда», «Мол түшүмгө камылга», «Театрдагы салтанат» сандан санга чыгып турган [Текст] / А. К. Сорокин // Ленин жолу. – 1991. – 11-июль.

41. Нурдинов, А. Сактыка кордук жок! «Жол эрежелерин сактоо баарыбазын милдетибиз» [Текст] / А. Нуринов // Ош жаңырыгы. – 1996. 10-сен.

42. Алымбекова, Т. «Санариптештирүү-көмүскө экономиканы көлөкөдөн чыгарат». [Текст] / Т. Алымбекова // Кыргыз Туусу. – 2029, 3-май.

43. Ниязбеков, У. Эки гезит бир адам [Текст] / У. Ниязбеков // Азия ньюс. – 2020. – 29-окт.

44. Мамазияева, Г. «Өз бактыбыз үчүн күрөшүү мезгили келди», «Жергиликтүү өз алдынча башкарууну мындан ары өнүктүрүүнүн чаралары» [Текст] / Г. Мамазияева // Ош жаңырыгы. – 2018. – 14-апр.

45. Рэндалл, Д. Универсальный журналист [Текст]: пер. с англ. / Д. Рэндалл. – М.: Междунар. центр журналистики, 1996. – 120 с.

46. Тургунбаев, Е. О доступе кыргызских товаров на казахский рынок [Текст] / Е. Тургунбаев //  Эхо Оша. – 2019. – 27-февр.

47. Местная власть. Ошские депутаты утвердили бюджет города [Текст] // Эхо Оша. – 2013. – 16-февр.

48. Абдыразакова, Т. Ардагерлер берилип уккан музыканын автору ким болгон? [Текст] / Т. Абдыразакова // Ачык сөз. – 2019. – 9-май.

49. Акматова, Л.  «Куттуу Ош ай-ааламга төгүп нурду, Кубулжуган обонго толуп турду» деп аталган патриоттук ырлардын сынагынан берилген репортаж [Текст] / Л. Акматова // Ош шамы. – 2011. – 23-июнь.

50. Калдарбай, кызы Бактыгүл «ОГПИде ар улут өз эне тилин даңазалады» деген репортаж менен чогуу «В Оше отметили междунароный ден родного языка» [Текст] / Б. Калдарбай кызы // Ош шамы. – 2019. – 22-февр.

51. Муратов, И. «Өзбектердин турак-жай тууралуу ишенимдери» [Текст] / И.Муратов // Ош шамы. – 2011. – 19-нояб.

52. ОРЦ СМИ. Журналистика не должна сеять вражду [Текст] // Ош шамы. – 2013. – 13-сент.

53. ОРЦ СМИ. Роль средств массовой информации в регионах постсветских конфликтов [Текст] // Ош шамы. – 2000. – 20-Май. 22-ж.

54. Расул, уулу Маматкызы «Кечиримдүү бол» аңгемеси сандан санга чыгып турган [Текст] / Мамаиказы Расул уулу // Нур. – 2017. – №4, апр.

55. Жамгырчыева, Г. Т. «Улуттун биримдике умтулуусу» [Текст]: / Улуттук университет. // Г.Т. Жамгырчыева – 2015. – №4 апр.

56. Жороева, К. Педагогикалык кесипке киришүү [Текст] / К. Жороева // Дидактика. – 2019. – 13-февр.

57. Алыбаева, Г. Укук нугуна келели [Текст] / Г. Алыбаева // Кут Биим. – 2020 – 14-дек.

58. Абдугафуров, А. «Окурмандардын алдында жүзүбүздү жашырбай калдык». [Текст] / А. Абдугафуров // Ахборот. – 2018. – 25-окт.

59. Бекмамат, Абдумалик уулу. Калыс назар салабыз БИЗ [Текст] / Бекмамат Абдумалик уулу // Кыргызстанды мекендеген арaптар. – 2015. – №3/4.

60. Султан, Досалиев, С. Араван: өзбекстандыктар мал уурдап кетип жатат [Текст] / С. Досалиев // Холис назар соламиз БИЗ. – 2015. – №8

61. Печатный и электронные СМИ Кыргызской Республики (справочник). [Текст] // «Пресс-парк», «Дипкурьер» ж.б.у.с. эркин статуста көп тилдүү гезиттер негизделген: - Бишкек, 2003. – 60 с.

62. Базарбаев, А. «Олимпиаданын катышуучуларын аким кабыл алды». «Чет өлкөлүк меймандарды тосуп алуу». [Текст] / А. Базарбаев // Алай таңы. – 2018. – 22-март.

63. Адышов, Т. «Россияда иштеген миграттарга маалымат». [Текст] /

Т. Адышов // Өзгөн нуру. – 2015. – 20-февр.

64. Калдарбекова, Б. «Ооруканaнын жаңы жетекчиси менен тааныштыруу» [Текст] / Б. Калдарбекова // Эмгек майданы. – 2015. – 14-март.

65. Саралаев, Лейла. «Жихадчылар орто кылымда эле Ошко коркунуч туудурууну пландаштырылган» деген аталышты орус тилинде жазылган [Текст] / Лейла Саралаева // Ноока таңы. – 2015. – 21-февр.

66. Абдыкаров, В. Депутат мырзадан «Доо арыз» [Текст] / В. Абдыкаров // Ачык саясат плюс. – 2019. – 4-окт.

67. Сабирова, Б. Большевиктик жол [Текст] / Б. Сабирова // Акыйкат. – 2015. – 23-февр.

68. Сабирова, Б. Экономиканы чыңдоо [Текст] / Б. Сабирова // Акыйкат. – 2016. – 5-дек.

69. Жумалиева, Г. Базар артындагы жаңжал [Текст] / Г. Жумалиева // «Жалал-Абад» тонго. – 2015. – 16-февр.

70. Жумалиева, Г. Тартип бар жерде ийгиликтер жаралат [Текст] /

Г. Жумалиева // «Жалал-Абад» үнү. – 2015. – 10-март.

71. Алымкулов, Т. Элет эли көйкөйлөрүн өзү аныктайт [Текст] / Т. Алымкулов // Айыл акыйкаты. – 2015. – 12-февр.

72. Айдарова, А. «Президент А. Атамбаевдин аралашпаган улуттук кийимдерди кийүүнү колдойт» [Текст] / А. Айдарова // Ноокен жаңырыгы. – 2015. – 27-февр.

73. Рахманбердиева, А. Губернатор менен жолугушуудан репортаж [Текст] / А. Рахманбердиева // Аксы турмушу. – 2014. – 16-январь.

74. Сапаров, К. Гезиттин окурмандарына, кутман элиме ысык салам айтамын [Текст] / К. Сапаров // Аймак. – 2015. – 10-март.

75. Каримова, Р. «Аялдын асыл сапаты», «Сулуусуктун сырлары» [Текст] / Р. Каримова // Дилбар. – 2015. – 8-март.

76. Кубаталиева, Н. «Пленка астына эгүү технологиясы», [Текст] / Н. Кубаталиева // «Белес». – 2015. – 13-апр.

77. Камбарбекова, К. «Максат элдин талабын чечүү», [Текст] / К. Камбарбекова // СТУД полис. – 2015. – 13-апр.

78. Сабирова, В. Идеал государственного деятеля и его роль в культуре воспитания молодежи [Текст] / В. Сабирова // – Вестн. Фил. РГСУ в г.Ош. – М., 2016. – 109-116.

79. http: www. Freedomhouse. Com

80. Бакстон, Ч. Гражданское общество в Центральной Азии: преодолевая кризисы постсоветского периода [Текст] / Ч. Бакстон. – Бишкек: [б.и.], 2007. – 274 с.

81. Ташматов, С.Т. «Сахабалардын өмүр баяны» [Текст] / «Бейиш»

С.Т. Ташматов // Ислам ун-нин гез. – 2015. – 4-март.

82. Ташматов, С.Т. «Сүткөрдук» [Текст] / «Ислам ажары» С. Т. Ташматов // Ислам ун-нин гез. – 2013. – 11-сент. № 10

83. Жамалдинов, З. «Пасха – праздник свободы», «Евангелине» [Текст] /

З. Жамалдинов // Твой путь. – 2015. – 13-дек. № 2

84. Законодательная база СМИ и свобода слова в Кыргызстане«» [Текст]: / материалы конф. // (21-22 сент. 1999 г.). – Бишкек: [б.и.], 1999. – 99 с.

85. Жапаров, К. Эгемберди Абылкасымов менен болгон маек [Текст] /

К. Жапаров // Баткен таңы. – 2015. – 16-февр.

86. Артыкова, Б. «Алтын эне» медалын тапшырган учурдагы кабар [Текст] / Б. Артыкова // Ата журт. – 2015. – 17-апр.

87. Шамшиева, К. «Жүрөк титиреткен кылмыштарга кайдыгер карап турбайлы» [Текст] / К. Шамшиева // Шахтер жолу. – 2015. – 25-февр.

88. Аширова, К. «Эл оозунда элек жол» [Текст] / К. Аширова // Айдаркен пресс. – 2015. – № 5

89. Суранкулова, А. Исфананын тарыхы боюнча баян [Текст] / А. Суранкулова // Сулей-инфо. – 2015. – 2-март.

90. Рахманбердиева, З. «Тажикстан менен Кыргызстандын өкүлдөрүнүн майрамдык куттуктоолору» [Текст] / З. Рахманбердиева // Ала-Тоо. – 2015. – 21-март.

91. Бейшеналиева, Н. «Асаба», «Свободные горы», «Республика» деген алдынкы гезиттерди муунтушкан [Электронный ресурс] / Н. Бейшеналиева. – Режим доступа: [Текст] / http: www. Freedomhouse. com. – Загл. с экрана.

92. Разаков Т. Ош коогалаңы - Ошские события [Текст] / Т. Разакова. – Бишкек: [б-сыз], 2011. – 162 с

93. Аматов, Т. «Өзгөндөгү кыргыз менен өзбек баланын тартышы» [Текст] /

Т. Аматов // Слово Кыргызстана. – 2000. – 2-июнь.

94. Рост, Ю. «Жашыруун маалыматтар» [Текст] / Ю. Рост. – ООГА ПД. // – ф.27, оп.38, д.19. – Л. 18, 19.

95. Сатарбаев, А. Причины и уроки ошских и узгенских событий 1990 года (историчекий анализ) [Текст]: автореф. дис........на соис. ст. канд. ист. наук / А.Сатарбаев. // – Ош, 2006. – 17 с.

96. Шипитько, Г. «Жерди бөлгөндө бир бет кийип болгон» [Текст]: /

Г. Шипитько // Известия. – 1990. – 6-июня.

97. Иосифа Виссарионовича Сталина. «Появление на месте событий еще одной большой группы кыргызов привело к столкновениям» [Текст] / И. С. Виссарионовича // Правда. – 1990. – 6-июня.

98. Рост, Ю. «Фейк», жалган маалыматтарды тактоо [Текст] / Ю. Рост – ООГА ПД. // – ф.2, оп.144, д.92. – л.1

99. Рост, Ю. «Болжолдуу маалымат» [Текст] / Ю. Рост. // Литературная газета. – 1990. – 8-авг.

100. Садохин, А. П. Этнология [Текст] / А. П. Садохин. // – М.: Академия, 2000. – 304 с.

101. Мустафина, А. Земные страсти вокруг святой горы [Текст] / А. Мустафина // Ленинский путь. – 1989. – 24-нояб.

102. Джолдошева, Т. Ош-90 [Текст]: роман / Т. Джолдошева. – Ош: [б-сыз], 2012. – 138 с.

103. Бакиров, Т. Не перерастет ли локальный конфликт в религиозную войну? / [Текст]. Т. Бакироа // – Бишкек: [б.и.], 2001. – 120 с.

104. Бекназаров, А. «Эл өкүлдөрүнүн жыйынын» [Текст] / А. Бекназаров // Дело №. – 2001. – 16-мая.

105. Бекназаров, А. «Аксы ыйы – улут кайгысы» [Текст] / А. Бекназаров // 2-китеп. – Бишкек: [б-сыз], 2010. – 518 б.

106. Бекназаров, А. «Аксыйский дневник» [Текст] / А. Бекназаров. – Бишкек, 2002. – Ч. 1. – 76 с.

107. Бекназаров, А. «Аксыйский дневник» [Текст] / А. Бекназаров. – Бишкек, 2002. – Ч. 1. – 72 с.

108. Никифорова, Т. «Власть не может игнорировать народ» [Текст] / Т. Никифорова // Лица. – 2003. – 4-июня.

109. Мээрим, Бактыбек кызы. «Ата журттун жарасы Аксыда жаралган». «Санариптик билимди өнүктүрүү зарыл» [Текст] / Бактыбек кызы Мээрим // Эркин Тоо. – 2012. – 20-март.

110. Табалдыева, К. «Жыландар медицина эмблемасына ээ болуу үчүн эмне кылышкан?» [Текст] / К. Табалдыева // Кыргыз Туусу. – 2012. 13-март.

111. Алымбеков, Т. «Ата журттун жарасы Аксыда жаралган» [Текст] /

Т. Алымбеков // Кыргыз Туусу. – 2012. – 20-март.

112. Доор жаңырткан элдик ыңкылаптар / [Текст]: жыйнак. – Бишкек: //[б-сыз], 2015. – 302 с.

113. Назаралиев, Ж. Движение масс или стихия толпы. – [Текст] /

Ж. Назаралиев. // – Бишкек: [б.и.], 2006. – 92 с.

114. Гардиан Лидердин дайыны жок жоголушу менен режим кулатылды [Текст] / TheGardian – Хранитель. // – 2005. – 24-март.

115. Бакиев, К. Неужели пришли к 37 году [Текст] / К. Бакиев // Лица. – 2006. – 2-февр.

116. Артыкбаев, К. Атак-даңк, эмгек жана калем акы [Текст] / К. Артыкбаев // Агым. – 2006. – 3-февр.

117. Байтикова, Б. Установлена системная политическая репрессия в период правления государством К. Бакиева [Текст] / Б. Байтикова // Вестник Ошского госуниверситета. – 2017, спецвыпуск. Ош -№3.

118. Кадыров, К. Журналистердин тактоосу [Текст] / К. Кадыров // Де-Факто. – 2008. – 29-апр.

119. Жээнбеков, Г.К. Байболовго Мамлекеттик төнкөрүш жасоого умтулуу [Текст] / Г. Жээнбеков // Дело №. – 2008. – 24-дек.

120. Мырзакулов, М. Коомдогу адамдардын укуктарын коорго [Текст] / Айгай. – 2009, 3-апр.

121. Баястанов, А. «Өз ишинин устаты» [Текст] / А. Баястанов // Айгай. – 2009. – 17-апр.

122. Арипов, С. «Балдар-биздин бактыбыз» [Текст] / С. Арипов // Аалам. – 2009. – 10-март.

123. Салаев, И. «Адилеттүү инсандардын бийлике көз карашы» / И. Салаев [Текст] // Дело №. – 2010. – 7-апр.

124. Ташиев, К. «Если русские, узбеки или турки скажут, что они – наравне с киргизами или выше их, - государство развалится» [Электронный ресурс] /

К. Ташиев. – Режим доступа: URL: http: // www/ fergananews. com/article. php?id=6537. – Загл. с экрана.

125. Василевецкий, А. Преломление: События 2010 г. в Кыргызстане глазами историка и очевидцев [Текст] / А. Василевецкий // – Бишкек: [б.и.], 2014. – 288

с.

126. Вольтерс, А. Ежегодный сборник аналитических статей [Текст] / ред. -сост. А. Вольтерс, С. Дзарданова. – Бишкек: Акад. ОБСЕ, 2018. – 204 с.

127. Иститут Медиа Полиси [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http: // www.media.kg/news/kyrgyzstan-iynskaya-tragediya-2010-v-zerkale-smi/ Загл. с экрана.

128. Омурзаков, Ы. 7-апрель жана түштүк коогалаңы – 2010. Журналисттин көзү менен [Текст] / Ы. Омурзаков. – Бишкек: [б-сыз], 2013. – 256 б.

129. Максутова, С. От туталган онунчу жыл же Убактылуу Өкмөттүн ишмердүүлүгү [Текст] / С.Максутова. – Бишкек: [б-сыз], 2013. – 196 б.

130. Жуманазарова, Р. Лидерлердин таймашы [Текст] / Р. Жуманазарова // Жаңы Ордо. – 2012. – 7-дек.

131. Курман болгондор [Текст]: дайынсыз жоголгон кишилерди санын аныктоо // Вечерний Бишкек. – 2011. – 14-янв.

132. Байболов, К. Интервьюсу диктофонго жазылган кабар жөнүндө маалымат берген. http: // www. Centrasia.ru/ntwsA.php?st=1276521360

133. Пономарев, В. Хроника насилия: события июня 2010 года на юге Кыргызстана [Текст] / В.Пономарев. – М., 2012. – 355с.

134. Мырзакматов М. Мен издеген чындык. Ош коогасы тууралуу маектер, кайрылуулар, билдирүүлөр, документтер, фактылар [Текст] / М. Мырзакматов. – Бишкек: [б-сыз], 2011. – 384 б.

135. Генералдык Ассамбелясы ООНдун документалдуу түрдө далилденди http: // www. Bbc.com/Kyrgyz/mobile/in_dept/2011/06/110606_june

national_comission.shtml.

136. Атамбаев, А. Кыргызстан нарушил несколько статей Междунароного пакта о гражданских и политических правах, участником которых является [Текст] / А. Атамбаев // ResPublica. – 2016. – 6-окт.

137. Атамбаев, А. Кыргыз бийлиги ООНдун сунушун четке какты [Текст] / А. Атамбаев // ResPublica. – 2019. – 18-июля.

138. Аскарова, А. Мы снова наблюдаем торжество несправедливости в Кыргызстана [Текст] / А. Аскарова // ResPublica. – 2019. – 2-авг.

139. Monitoring of conflicts and violations of journalist and mass media rights in Kyrgyzstan. May 2002 – August 2003. – 2003 [Text]. – Бишкек, 2003. – 110 р.

140. Мониторинг конфликтов и нарушений прав журналистов и СМИ Кыргызстана. Май 2002 – август 2003[Текст]. – Бишкек: [б.и.], 2003. – 128 с.

141. Садырбаев, Д. Продается судьба. Публицистика и моноспектакль / Д. Садырбаев. – Бишкек: [б.и.], 2004. – 144 с.

142. Кыргызстан: Защита демократических принципов свободы слова в странах Центральной Азии [Текст]: мониторинг. Янв. – дек. 2004. – Бишкек: [б.и.], 2005. – 112 с.

143. Кыргызстан: Защита демократических принципов свободы слова в странах Центральной Азии [Текст]: мониторинг. Янв. – дек. 2005. – Бишкек: [б.и.], 2006. – 232 с.

144. «Кыргыз-тилдүү ЖМКлардын» мониторинги 2011-2012 жж. [Текст] / Долбоордун жетекчиси Н. Абыкеримова. – Бишкек: [б-сыз], 2012. – 12 б.

145. Мониторинг нарушений прав журналистов и СМИ в КР. Апрель – май 2019 года [Текст]. – Бишкек: [б.и.], 2019. – 21 с.

146. Сартбаев, А. Орусия мигранттарга эрежелерди катаалдантат [Текст] / А. Сартбаев // Азия ньюс. – 2019. – 14-февр.

147. Мамбеталиев, К. Испведь публициста [Текст] / К. Мамбеталиев. – Бишкек: Учкун, 1992. – 112 с.

148. Судьи и журналисты в странах восточной Европы в период перехода к демократии [Текст]: сб. ст. / ред. Ч. Браун, Г. Шварц. – Киев: Информ. – к изд. агенство Лик, 1998. – 252 с.

149. Майчиева, Ш. О работе комиссии в период с 2008 по 2014 годы [Текст]: докл. комис. по рассмотрению жалоб на СМИ / Ш.Майчиева. // – Бишкек: [б.и.], 2014. – 12 с.

150. Максутова, Б. Б. Токторбаева, Т. М. Соода-сатык [Текст] / Коомчулук менен байланыштын (PR) теориясы жана практикасы. Б. Б. Максутова, Т. М. Токторбаева // – Бишкек 2013. – 96 б.

151. Платонов, О.А. Америка эмне үчүн жок болот? [Текст] / О. А. Платонов // Ош шамы. – 2013. – 29-март.

152. Бир заматта республика митингдерге толду [Текст] / Вечерний Бишкек. // – 2013. – 11-окт.

153. http: // www. Vesti.ru/dok.html?id=27 24104&27 24104

154. Корконесенко, С. Г. Политическая журналистика [Текст]: учеб. для бакалавриата и магистратуры [Текст] / под ред. С. Г. Корконесенко // – М.: Юрайт, 2015. – 319 с. Профессиональная Этика журналиста – 2: Учебное пособие. – Бишкек, 2013. – 167 с.

155. Мамбеталиев, К. Ажобуз өлкөнү ким менен оңдойт? Учур [Текст] / К. Мамбеталиев // - Бишкек – 2012. – 4-окт.

156. А. Атамбаевдин Анталиядагы особнягы [Текст] / А. Атамбаев // Асман пресс. – 2012. – 25-окт.

157. Ниязов Ф. Менин ар-намысыма шек келтирилди [Текст] / Ф. Ниязов // ResPublica. – 2016. – 14-янв.

158. Атамбаев, А. «Пресс-конференция». 2015 года [Текст] / А. Атамбаев // – Искра. – 2016. – 13-янв.

159. Атамбаев, А. «Пресс-конферецция» [Текст] / А. Атамбаев // ResPublica. – 2016. – 8-сент.

160. Атамбаев, А. «Пресс-конферецция» 2013 года [Текст] / А. Атамбаев // ResPublica. – 2017. – 6-июля.

161. Атамбаев, А. Информация о судебных исках [Текст] / А.Атамбаева – // ResPublica. – 2017. – 16-марта.

162. Ниязов, Ф. Мы стоим перед выбором: или свобода слова или произвол клеветы [Текст]: интервью / Ф. Ниязов // Обществ. рейтинг. – 2017. – 16-март.

163. Жакупова, Ч. Письмо президенту [Текст] / Ч. Жакупова // ResPublica. – 2017. – 17- мая.

164. Информация о Крисе Риклтоне [Текст]: первая пресс-конф. Сооронбая Жээнбекова. Текст. трансляция // ResPublica. – 2017. – 20-дек.

165. Сыдыков, Н. Обращение матери Нарына Айыпа [Текст] / Н. Сыдыков // ResPublica. – 2018. – 22 февр.

166. Ормукова, Т. О судебном иске на поэта [Текст] / Т. Ормукова // ResPublica. – 2018. – 5-апр.

167. Атамбаев, А.  Судебные иски А. Атамбаева [Текст] // Мегаполис. – 2019. – 20-дек.

168. Атамбаев А. «Вечерний Бишкек» писал обо мне грязь [Текст] // А. Атамбаев // ResPublica. – 2020. – 20-февр.

169. Атамбаев, А. Очернение страны [Текст] / А. Атамбаев // Вечерний Бишкек. – 2018. – 26-янв.

170. Атамбаев, А. Не путать свободу слова с клеветой [Текст] / А. Атамбаев // Вечерний Бишкек. – 2018. – 23-февр.

171. Собака лает – караван идет [Текст] // Вечерний Бишкек. – 2018. – 16-март.

172. Депутат К. Рыспаевдин доо арызы [Текст] // Ачык саясат плюс. – 2019. – 20-дек.

173. Кылычев, А. Атамбаевге данк [Текст] / А. Кылычев // Жаңы Ордо. – 2018. – 30-март.

174. Кылычев, А. Доо арызы [Текст] / А. Кылычев // Азия ньюс. – 2018. – 29-март.

175. Слово Кыргызстана. Алексанр, Зеличенко, А. Информационное стадо [Текст] / А. Зеличенко // Слово Кыргызстана.  – 2020. – 12-янв.

176. Аскарова Ю. А. Мы снова наблюдаем торжество несправедливости в Кыргызстане [Текст] / А. Аскарова // ResPublica. – 2019. – 27-дек.

177. Президент Сооронбай Жээнбеков: Бардык партияларга бирдей шарт түзүлдү [Текст]: / С. Жээнбеков // Кыргыз Туусу. –2020. – 6-окт.